


Чоң-Кайың айылындагы
[illegible] коргону



[illegible] айылындагы
[illegible] кербен сарайы



Сон-Көлдөгү
Манастын [illegible]

# Ак-Талаа районунун тарыхы

# *Ак-Талаа районунун тарыхы*

**«ЫманПринт»**

**Бишкек – 2014**

**УДК 94 (47)**
**ББК 63,3 (2Ки)**
**А43**

**Түзүүчүлөр:**

**Мыктыбек Апилов** – Кыргыз Республикасынын Маданияттын мыкты кызматкери, Ак-Талаа райондук тарыхый-этнографиялык музейдин директору.

**Чолпон Турдалиева** – тарых илимдеринин доктору, Борбордук Азиядагы Америка университетинин профессору, "Музей демилгелери" борборунун директору.

**Редакциялык кеңеш:**

**Анара Сабитова** – К.Мамбеталиева атындагы Нарын тарыхый-этнографиялык музейинин директору.

**Аида Кубатова** – тарых илимдеринин кандидаты, КР Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун улук илимий кызматкери.

**А43 Ак-Талаа районунун тарыхы/ түз.: М.Апилов, Ч.Турдалиева. – Б.: ЫманПринт, 2014. –140 б.**
**ISBN 978-9967-27-404-4**

Бул китепте Ак-Талаа району, андагы айылдардын тарыхы, өрөөндөгү тарыхый жерлер, жер-суу аталыштарынын мааниси, аймактан чыккан белгилүү инсандар ж.б. жөнүндө уникалдуу маалыматтар камтылды. Ал "Музей демилгелери" борборунун долбоорунун алкагында даярдалып, Кристенсен фонду (АКШ) тарабынын колдоого алынган жана фонддун көмөгү алдында жарыкка чыгарылды.

Китеп негизинен аймактын тарыхына кызыккандарга жана жалпы эле окурмандарга арналат.

**Сүрөттөрүн даярдап, тексттерин компьютерге терген: Талант Рысбаев, Кылычбек Осмонов.**

**А0503020911-14** **УДК 94 (47)**
**ISBN 978-9967-27-404-4** **ББК 63,3 (2Ки)**

## Мазмуну

Сөз башы ........................................................................ 5

Ак-Талаа району боюнча жалпы маалымат ..................... 7-18

1. Ак-Кыя, Көк-Жар айылы ........................................ 19-30

2. Ак-Тал айылы ........................................................ 31-33

3. Ак-Чий, Жаңы-Тилек айылдары ............................. 34-39

4. Баетов айылы ........................................................ 40-51

5. Жерге-Тал айылы ................................................... 52-61

6. Кадыралы айылы ................................................... 62-65

7. Кара-Ой айылы ...................................................... 66-75

8. Кара-Бүргөн айылы ................................................ 76-80

9. Коңорчок айылы .................................................... 81-85

10. Кош-Дөбө айылы .................................................. 86-92

11. Куртка айылы ...................................................... 93-116

12. Терек айылы ........................................................ 117-124

13. Үгүт, Байгөнчөк айылдары ................................... 125-132

Тиркемелер ............................................................... 133-139

Адабияттар .................................................................. 140

Байымбет казал жазган жер,
Бакылдап "Манас" айткан жер.
Көркүнө көлдүн кызыгып,
Кан Жантай көзүн арткан жер.
Арзып келип алыстан,
Ак-Мөөрүн алып кайткан жер.
x x x
Молдобасан, Музооке,
Нурдиндин көзү өткөн жер.
Абдыкалык, Шүкүрбек,
Ат минип ойноп өскөн жер.
Береке ушул чапта деп,
Белгилүү Калык төккөн жер.
x x x
Кыргыздан чыккан топ менен,
Калмурат, Муса бир барып.
Алыскы борбор Маскөөдөн,
Ак-Зыйнат, Үкөй ырдалып.
Сталинден бата алып,
Булбулдар келген сыйланып.
x x x
Айылдан чыкты таанымал,
Атактуунун нечени.
Жаминдей ырчы, илимпоз,
Жаагын жанган чечени.
Ар өнөрдөн кур эмес,
Ак-Талаа талант мекени.
x x x
Каныкей, Нурак, ынчтыктай,
Калаадан өскөн кечээги.
Токтобүбү, Роза,
Толкутуп көңүл көтөрдү.
Таңшып ырдап теледен,
Таңдантты белем нечени.
x x x
Жаш дүйнөңдү эргитип,
Жалил менен Адылбек.
Жагымдуу обон жаратып,
Жүргөн жери Нарын деп.
Сыймыктанып калабыз,
Тилеги болсун кабыл деп.
Ойлонуп эргип ыр жазган,
Өмүрбек менен сырдашкам.
Үмөткул менен бир жүрүп,
Үн созуп далай ырдашкан.
Обончу ырчы бизде көп,
Оболоп жүрөк туйлаткан.
x x x
Аймактуу кооз көктөм жер,
Ата-бабам өткөн жер.
Албан-албан иш иштеп,
Ак маңдай терин төккөн жер.
Атка минип, эл бийлеп,
Акимдер өнүп өскөн жер.
x x x
Меймандос, сыйчыл башкага,
Мээримдүү пейли ак калаа.
Өнөр жайың өркүндөп,
Өсө бер алга, даңктала.
Кут болсун дайым элиңе,
Кутмандуу жерим Ак-Талаа.

## Сөз башы

Кыргызстандын ар бир районунун өзгөчөлүгү, башка райондорго окшобогон бөтөнчөлүгү болот. Ак-Талаа тарыхый мурастарга бай, өзүнчө кут берекесин чачкан өзгөчө өрөөн. Канчалаган кылымдар өтсө дагы, кагаз бетине жазылбаса дагы, өткөн тарыхый окуялар ташкабы, тоогобу же тарыхый мурастардабы, жергеби, коргон чептердеби өз издерин калтырып, эл оозунда уламышка айланып жашап келе жатат. Өткөн тарыхтын изи калтырылган тоо таштарды өрөөнүбүздүн бардык булуң бурчунан кезиктирүүгө болот.

Кыргыз элинин тарыхында Ак-Талаа өрөөнүнүн элинин өз орду, салган изи, элибизден чыккан өчпөс эрдиктерди жараткан баатырлары, эр-азаматтары, акылман ойчулдары, манасчы ырчылары, акын жазуучулары эмгегинен баар тапкан баатырлары, академик окумуштуулары, элине эмгек сиңирген кызматкерлери, атпай журтка белгилүү инсандары бар. Айрымдарын атай кетсек, хан Шырдакбек, Алп Тобок, Атантай, Тайлактай баатырлар, Осмон датка, Муса Кожо, Баатайдай даанышмандар, Тоголок Молдо, Музооке, Молдобасандай акын манасчылар, Шүкүрбек, Калыйдай жазуучу композиторлор, Муса, Калмурат, Бектемирдей ырчыларыбыз, Кыргыз мамлекетин түптөөгө өз салымын кошкон Нуркул Кулназаровдой, районубузду түптөөгө зор салым кошкон Барашов Мааданбектей жана башка толуп жаткан элине кызмат кылган инсандарыбыз менен сыймыктанабыз.

Эгемендүүлүк алгандан бери кыргыз мамлеке-тинин экономикасынын өнүгүшүнө, ынтымагына акталаалыктар бараандуу салымдарын кошуп жаты-шат.

Тарыхый мурастарга бай районубуздун ар бир айылынын тарыхын топтоп өзүнчө китеп кылып чыгаруу оюмда жүргөн эле. Ушул ойду ишке ашырууда “Музей демилгелери” борборунун атынан Америка Кошмо Штаттарындагы Кристенсен фондуна долбоор жазып, анын алкагында Борбор Азиядагы Америка университетинин профессору, тарых илимдеринин доктору Чолпон Турдалиева, Нарын облусу боюнча долбоордун координатору, Нарын тарыхый этнографиялык музейинин директору Анара Сабитова китепти чыгарууга демөөрчү болушту.

Бул китепте Ак-Талаа району боюнча жалпы маалымат, ар бир айылдын тарыхы камтылып, ошол айылда туулуп өскөн, айылда эмгектенгендер, айылдын, райондун, областтын жана Кыргыз мамлекетинин экономикасына, маданиятына жана башка тармактарга өзгөчө салым кошкон инсандар,

Социалисттик Эмгектин Баатырлары, илимпоздор, тарыхый инсандар, белгилүү спортчулар, орден, медалдуулар, Ата Мекендик согуштун катышу-учулары, эмгек сиңирген наамын алгандар жана башкалар киргизилди.

Райондун тарыхын чагылдырган китептин негизги максаты – өткөн тарыхты жазып калтыруу, тарыхый жерлерди, тарыхый инсандардын жасаган эмгегин келечек муундарга жеткирүү, Ак-Талаа элинин өзгөчөлүктөрүн жалпы окурмандарга тааныштыруу.

Китепти даярдап жатып, районубуздун аймагын-дагы тарыхый жерлерди, тарыхый инсандардын өмүр таржымалдарын жазып калтырып, көздөгөн максатыбыз, ой-тилегибиз аздыр, көптүр орундалды деп эсептейм.

Бул китепти чыгаруу ишине райондун айыл өкмөттөрү, мекеме ишканалардын жетекчилери, Кара-Ой айылынын тургуну Сатындиев Декен аксакал, Куртка айылынын тургуну Зарылбек Бейшеналиев аксакал, Ак-Кыя айылынын тургуну ажы Жамангулов Мукаш, Ак-Тал айылынын тургундары Токталиев Райымбек, Сапарбек аксакалдар, Байгөнчөк айылынын тургуну Аликов Темирбек, Баетов айылынын тургуну Байбачаев Кубатаалы аксакал, Жаңы-Тилек айылынын тургундары Карабала, Айып аксакалдар, Кара-Бүргөн айылынын тургуну Акматов аксакал, Коңорчок айылынын тургуну Кырбашов Жаныбек, Жерге-Тал айылынын тургуну Артыков Шакир аксакалдарга жана башка маалымат берген инсандарга терең ыраазычылык билдиребиз.

Окурмандардан бул китеп боюнча сын-пикирлерди, сунуштарды, билдирүүлөрдү берүүңүз-дөрдү өтүнөбүз.



**Ак-Талаа районунун тарыхый-этнографиялык музейинин директору Мыктыбек Апилов жана музейдин кызматкери Кылычбек Осмонов райондун китебин жазууга даярдык көрүү учурунан**

## Ак-Талаа району боюнча жалпы маалымат




Ак-Талаа району республикадагы эң алыскы, климаттык шарты өтө татаал район, улуу жибек жолунун борборунда жайгашкан, тарыхый эстеликтерге бай район.

Район түндүгүнөн Молдо-Тоо аркылуу Жумгал району, түштүгүнөн Байбиче-Тоо, Жаман-Тоо аркылуу Ат-Башы, Кара-Кулжа райондору, батышынан Фергана, Ак-Шыйрак тоо кыркалары аркылуу Тогуз-Торо району, чыгышынан Ала-Мышык тоо кыркасы аркылуу Нарын району менен чектешет.

Райондун аянты 6,4 миң чарчы чакырым, 2013-жылга карата берилген маалыматтар боюнча 7598 түтүндө 36214 калк жашайт. Түндүктөн түштүккө 99 чакырымга, чыгыштан батышка карай 107 чакырым аралыкка созулуп жетет. Областтын борборунан 120 чакырым, Балыкчы темир жолунан 300 чакырым, республиканын борборунан 460 чакырым аралыкта жайгашкан.

Райондун аймагы деңиз деңгээлинен 1170–4037 метр бийиктикте жайгашкан. Кышы узак келип, 6-7 айга чейин созулуп, суук 25-40°C жетет.

Район Кош-Дөбө, Жерге-Тал, Чолок-Кайың, Коңорчок, Кара-Бүргөн, Ак-Чий, Жаңы-Тилек, Баетов, Кайынды-Булак, Терек, Байгөнчөк, Үгүт, Ак-Тал, Куртка, Ак-Кыя, Көк-Жар, Тоголок-Молдо, Кызыл-Белес деген 18 айылдан турат. Райондо 13 айыл өкмөтү, 60тан ашык мекеме ишканалар бар.

Ак-Талаа району өз алдынча административдик район катары 1936-жылы 2-сентябрда уюшулган. Негизги

калкы кыргыздар, 25тен ашык ири уруулардын өкүлдөрү жашашат.

Райондун аймагы аркылуу Нарын, Ала-Буга дарыялары, Жаман-Даван, Жерге-Тал, Коңорчок, Ак-Сай, Мазар-Булак, Терек, Ак-Тал, Коргон, Куртка жана башка суулар агып өтөт. Жайлоолору Соң-Көл, Орто-Сырт, Арпа, Бычан, Ак-Сай, Көк-Сай, Бала-Тапан, Ат-Кулак ж.б.

1935-жылы Ак-Талаа, Тогуз-Торо райондору биригип, Тогуз-Булак району деп аталып, райондун борбору Дөрбөлжүн болгон. Өрөөндө Ак-Талаа, Тогуз-Торо, Мыкаачы айылдык кеңештери түзүлгөн.



**Музейдин директору М. Апилов БААУнин студенттери менен хан Шырдакбектин коргонунун алдындагы күмбөздө тарыхый мурастарды чогултуу учуру**

Ак-Талаа айылдык кеңешине Байгөнчөк, Үгүт, Ак-Тал, Ак-Кыя, Көк-Жар, Жаңы-Талап, Тогуз-Булак, Кара-Булуң, Кызыл-Эмгек, Чоң-Арык, Көк-Ой, Көлмө, Жогорку-Май, Тилектеш, Кызыл-Жылдыз Кайкалак айылдары кирген.

Мыкаачы айылдык кеңешине Ичке-Суу, Кара-Суу, Терек, Дөрбөлжүн, Келте-Чап, Жаңы-Тилек, Ак-Чий, Кара-Бүргөн, Кара-Жар, Саз, Өзгөрүш, Коңорчок, Бел-Кырчын, Жерге-Тал, Сьезд, Кош-Дөбө айылдары кирген.

Тогуз-तородогу айыл-кыштактар Тогуз-Торо айылдык кеңешине караган.

Ак-Талаа району болуп аталып калышына өйүздүк Турсунбек, Жумаманбет, Кулубай, Курткабай жана башка аксакалдар жерибиз ак чаптуу, "ак" деген нерсе ыйык, ишибиз ак болсун деп талашып тартышып жатып, ошондон Ак-Талаа району деп аталып калыптыр.

Ак-Талаа району тарыхый мурастарга бай, алып айтсак "Мынакелди коргону", "Шырдакбектин чеби", "Шырдакбектин шаар чалдыбары", "Чолок-Коргон" чеби, "Куртка чеби", "Тайлак, Атантай баатырлардын күмбөзү", "Арап өлгөн" бел, "Кытай-кырылды" коктусу, "Манастын таш-тулгасы", "Аккуланын мамысы", "Саймалуу-Таш", "Кыз коргондор" жана башка көптөгөн тарыхый мурастарыбыз бар.

Тарыхый булактарга, жазма адабияттарга, ташка чегилген сүрөттөргө, жазууларга таянсак, Нарын өрөөнүндө да биздин заманга чейин VII–III кылымдарда сактар, биздин заманга чейин IV–III кылымдарда усундардын уруу бирикмелери жашап өткөндүгү маалым. Андан кийин VI–XIII кылымдарда Түрк кагандыгы өкүм сүрүп, XIII кылымдын башында Борбордук Азияны моңголдор басып алган. XIV-XVI кылымдарда ички теңир-тоолуктар Моголстандын курамында болгон. Кыргыздар моголдор мамлекетиндеги калктардын ичинен согушка жөндөмдүүлүгү, каармандыгы менен айырмалангандыктан, аларды "Моголстандын токой арстандары" деп аташкан. Жалпысынан, кыргыздар Моголстандын курамына кирген менен Нарын өрөөнү көз карандысыздыгын сактап баш ийген эмес.

Кокон хандыгы XVIII кылымдын аягы, XIX кылымдын башында ички Теңир-Тоону басып алып, өз бийлигин чыңдоо максатында Куртка, Чолок-Коргон жана Мынакелди чептерин куруп, аларда туруктуу аскерлерин жана алык-салык жыйноочуларын кармап турушкан.

Улуу Жибек жолу (б.з.ч. II кылымдан б.з. XIV кылымына чейин Кытай менен Алдыңкы Азия, Европа өлкөлөрүн байланыштырып турган кербен жолунун

жалпы аталышы) Ак-Талаа району аркылуу үч багытта өткөн. Биринчи багыты Мерф шаарынан, Балх жана Терлизге Алайды, Фергана тоосунун этегиндеги Жазы ашуусунан Фергана, Өзгөнгө, Жалал-Абад, Ак-Мойнок жана Ой-Кайың ашуулар аркылуу Тогуз-Торого, андан Мынакелди, Кербен-Сарай, Шырдакбек, Чолок-Коргон аркылуу Дөрбөлжүнгө келип Чоң-Кыя, Орто-Сырт, Калкагар, Байбиче-Тоо кыркалары, Ташрабат аркылуу Ат-Башы, Үрүмчү Кытайга кеткен.

Экинчи багыты Фергана, Даван, Ташкент, Чымкент, Талас, Мерке, Өтмөк ашуусу аркылуу Чүйгө түшүп Суусамыр, Көкө-Мерен дарыясын бойлой Чаек, Калмак ашуусу аркылуу Соң-Көлгө чыгып, Молдонун-Бели аркылуу Курткага, Куртка чебине, андан Сары-Үңкүр аркылуу Байгөнчөк, Дөрбөлжүн, Терек аркылуу Чоң-Кыя, Орто-Сырт, Калкагар, Байбиче-Тоо кыркалары, Арпа аркылуу Кытайга кеткен.

Үчүнчү багыт Фергана өрөөнүнүн Сох, Алай, Эркечтам, Өзгөн, Ош, Төө-Ашуу аркылуу Кызыл-Суу, Ак-Бешим, (Суяб) Боом аркылуу Балыкчы, Кочкор, Калмак-Ашуу аркылуу Соң-Көл, Молдонун-Бели, Куртканын чеби, Дөрбөлжүн, Чоң-Кыя, Орто-Сырт, Торугарт аркылуу Кытайга кеткен. Ушул жолдор менен кайра Бежинден артка тарткан кербендер келип кетип турган.

Улуу Жибек жолу аталган доордо да, ага чейин да, андан кийин да Ак-Талаа өрөөнү соода-экономикалык, саясий-дипломатиялык, согуштук окуяларда соода кербендер каттаган ыңгайлуу жол гана болбостон, элибиздин маданиятынын өнүгүшү үчүн ыңгайлуу жер болуп, зор тарыхый роль ойноп келген.

Улуу окумуштуулар Б.В.Бартольд, А.Н.Берн-штамдын изилдөөлөрүнө таянсак, Ак-Талаа өрөөнү чоң базар болуп келген. Үгүттөн Кош-Дөбөгө чейинки Бөйрөк туз кени, Курткадагы коргошун кени болгондугу, бул кендерди байыркы ыкмалардын негизинде иштеткендиги, иштетүүдөн калган калдыктардын сакталып калганы да далил болот. Ак-Талаа өрөөнүндө VIII-XIX кылымдарга

таандык күмбөздөрүнүн калдыктары дагы далил болот. Сакталган күмбөздөрдү негизинен 3 топко бөлсө болот.

Биринчиден, күмбөздөр конус түрүндөгү куполдору менен ар түрдүү ыкмалар менен кооздолгон. Экинчиси, күмбөздөр коргон түрүндө төрт бурч же чарчы тибинде салынган. Күмбөздөрдүн үчүнчүлөрү дөңчө түрүндөгү күмбөздөр. Баетовдогу Күлдөбөдөгү күмбөздөр биринчи жана экинчи топко кирет. Ак-Чийге баратканда кырдагы күмбөздөрдүн экөө чоң куполдору бар, төртөө коргон түрүндө, калгандары дөңчөлөр. Булардан тышкары, аймакта Коңорчоктогу Аманжол, Манаптын жана туугандарынын күмбөздөрү, Курткадагы, Жерге-Талдагы Шырдакбектин чебинин айланасында күмбөздөр бар.

## Тоолор, жайлоолор

Ак-Талаа өрөөнүндө аскасы асман тиреген Молдо-Тоо, Жаман-Тоо, Арпанын ала тоосу, Байбиче тоо кыркасы, Бычандын тоосу, Бабык, Бооралбас тоосу, Тобок, Жараш-Жакаш-Кенжеш тоолору жана башка көптөгөн тоо кыркалары бар. Ушул тоо кыркаларынын этектеринде суу жээктерин бойлой чыккан тал-терек, жийде, кайың, карагай токойлорунан адам өтө алчу эмес дешет. Адырын аркар-кулжа, карагайлуу будурунда бугу, тоо этектеринде эчки-теке мекендесе, илгери мерчемдүү жерлеринде жолборс жойлоп, сууларында кундуз ойноп, жапайы жан-жаныбарларга бай экендигин карыялардын узун сабак кылып айткан кептеринен угуп келишкен.

Өрөөндөрү бышыкчылыктуу келип, муруттарын чыйралтып буудай, дандуу арпа, тармалданган таруу, койкойгон көнөк, жибек көкүл жүгөрү өсүп, күздүн күнү баба дыйкан эмгегинин үзүрүн көрүп, ырыскыга бөлөнгөн. Ушундан улам атактуу Калык акын:

Чап болгон менен Ак-Талаа,
Чалкайып жаткан береке.
Эч кимден эгин сурабайт,
Өзү эле жарайт керекке – деп ырдаган.

Тарых барактарын, санжыра сабактарын карап көрсөк, улуу жибек жолундагы Ак-Талаа өрөөнүнө кимдер гана келбеди дейсиң. Өз тиричиликтерин өткөрүп сактар, гундар, усундар болушкан. Кыжылдаган кытайлар, уйгурлар, моюбаган моңголдор, кара таандай каптап калмактар, кокондуктар келип кетишти. Ар биринин заманында кыргыздар ушул берекелүү Ала-Тообуздан нечен жолу сүрүлүп, бөксөрүп барып, кайра толуп, өчүп барып, кайра жанып, чачылып барып жыйналып, үркүп барып, кайра келип сүрүлүп, далай мүшкүл күндөрдү, кыйынчылыктарды башыбыздан өткөрсөк да, тилибизди, дилибизди, жерибизди, каада-салтыбызды, ата мурастарыбызды жоготпой бүгүнкү күнгө чейин жеттик. Ошол кыйынчылыктарда теңдешсиз жоо менен жан аябай салгылашып, элин жерин коргоп, тукум учугун улашкан хан Шырдакбек, Атантай-Тайлак, Осмон датка, Алп Тобоктой, Коён уулу Чыбылдыйдай жана башка көптөгөн баатырларыбызга, Мусагожо, Баатайдай даанышман бабаларга башыбыз жерге тийгенче тобо кылып, жаш муундар арбактарын эскерип турушубуз керек.

Эзелтеден элибиздин мүнөзү табигаттын өзүндөй мээримдүү, улууну урматтаган, кичүүнү сыйлаган жөрөлгөлүү калк экендиги талашсыз. Меймандос эл конок келсе аты- жөнүн сурабай туруп, эзелтеден берки бир тууганындай коюн союп, суусунун кандырып кымыз жуткузуп, белин чечтирип, алдына көлдөлөң төшөп, башына жаздык коюп жайлангандан кийин гана коноктун аты-жөнүн сураган. Көч бара жатса жолун тосуп, суусундук берген. Мындай сыйкор меймандостук, кең пейилдик кыргыз элинен башка бир дагы элде жок.


## Ак-Талаа районундагы кен-байлыктар

Ак-Талаа районунда Турук, Ак-Сай, Таш-Көмүр кендери, Үгүт аймагында Бөйрөк тузу жана Кош-Дөбөнүн аймагындагы Чоң-Туз туз кендери. Жерге-Тал, Коңорчок, Кайкалак аймактарында нефти газ кендери бар. Биологиялык изилдөөлөр, бургулоо геологиялык,

геофизикалык изилдөөлөр 1980-жылга чейин жүргүзүлгөн.

Чопо кендери юра, палеоген мезгилдеринде эле пайда болгон. Чоподон фарфор, фаянс, карапа буюмдарын, ошондой эле кыш жасоого болот. Кулжа-Башат коргошун кени, Ак-Шыйрак тоосунун түштүк чыгышында жайгашкан. Кен карбон мезгилинде пайда болгон. Курамы цаленит, барит, целестин, калцит, флюориттен турат.

## Дөрбөлжүн чопо кени



Баетов айылынан 4 км түндүктө, Дөрбөл-жүн суусунун сол өйүзүндө жайгашкан. 1969-жылы табылган. Кен аймагын антропогендин борпоң чөкмө тектери түзөт. Пайдалуу катмар аллювий чөгүндүлөрүнөн болгон лесс сымал чоподон турат. Катмардын калыңдыгы 2,0–5,7 м. Меридиан багытында 400 мге чейин созулат. Жер бетинде чыгып жатат. Өңү саргыч боз. Чопо «100», «150» маркасындагы кыш жасоого жарамдуу. Запасы A+B+C категориясы боюнча 683096 м/куб.

## Турук көмүр кени




Баетов айылынан 50 км түштүк тарапта, Жаман-Тоодогу Турук сайынын башында жайгашкан. 1952-жылы ачылган. Кен аймагын карбон тоотек катмары-нын үстүндө калдык түрүндө, 300/300 м аянтта жаткан юра мезгилинин көмүрлүү чөкмө тектери түзөт. Алар конгломерат, чопо, майда бүртүкчөлүү кумдук жана

аргиллиттен турат. Көмүр аргиллиттин арасында жайгашкан. Мында көмүрдүн жалпы калындыгы 4 м келген 2 кабаты бар. Көмүр «Д» маркасындагы таш көмүргө кирет, гумустуу, кумдуулугу 5–12%. Болжолдуу запасы 5400 миң тонна, 1994-жылдан тартып казылып алынууда.

### Ак-Сай таш көмүр кени

Ак-Талаа жана Ат-Башы райондорунун аймагында, Жаман-Даван тоосунун түндүк капталында, Ак-Сай суусунун жогору жагында. 1957–59-жылдары чалгындалган. Көмүрлүү катмар юра мезгилинде пайда болуп, кеңдик багыты 4 км. Катмар негизинен чопо, кумдук жана майда жумуру таштуу конгломераттан түзүлүп, арасындагы көмүр кабатчаларынын калыңдыгы бир нече сантиметрден 6,9 мге чейин жетет. Көмүр гумустуу, дюрендүү, узун жалындуу таш көмүргө кирет. Сыйымдуулугу 11%. Күйгөндө 28,24 кДж/кг жылуулук берет. Запасы 182,8 миң тонна. Көмүр катмарларынын терендиги толук изилдене элек. Кен 1993-жылы ачылып иштетиле баштаган.



### Бөйрөк-Туз таш туз кени

Алабуга суусунун чатынан 4–4,5 км түштүк батышта. Туз неогендин калыңдыгы 90–100 м гипстүү свитанын үстүңкү бөлүгүндө жатат. Туз катмарынын калыңдыгы 6–

7 м, узундугу 200 м. Катмар ар кандай бүртүкчөлүү жана майда кристаллдуу туздан турат. Натрий-хлордун өлчөмү туз түрүнө жараша 28,91%тен 92,24% ке чейин өзгөрөт. Таш тузду карьерден казып алууга болот.

## Тунук туз кени (бөйрөк)

Тунук туз кени өрөөндүн чыгыш тарабында, Нарын дарыясынын сол өйүзүндөгү Четки Оробашы белинде жайгашкан. Кен аймагын неогендин, боз чопо, гипс жана туз кабаттары түзөт. Катмарлар кендик багытында созулуп жатат. Кендин чыгыш жагында туздуу кабаттын калыңдыгы 34 м, узундугу 1км. Мында галиттин уз. 50–700 м, калындыгы ондогон сантиметрден 6,5 метрге чейин жеткен линза сымал 9 кабатча учурайт. Аларда галит 62-99% ти түзөт. Галит ар кандай кант сымал, майда, орточо, ири бүртүкчөлүү формада кездешет. Туздун 5 кабатчасы боюнча баланстык запасы 259 т (1973-ж изилденген). Азыркы убакта тузду кол менен казып алып малга берип пайдаланууда.

## Кулжа-Башат коргошун кени

Батыш Ак-Шыйрак тоосунун түштүк чыгыш жагындагы Кызыл-Кыр тоосунда, Кулжа-Башат жана Кыргоо коктуларынын төрүндө жайгашкан. Жер элге илгертен белгилүү. Кен аймагын карбон мезгилинде пайда болгон акиташ теги жана палеогендин кызыл түсү конглометраты түзөт. Бул тектерди түндүк чыгышты карай созулган тектоникалык жарака кесип өтөт. Руда тулкулары тарам түрүндө акиташ тегинде да, конгломератта да кезигет. Негруда тулкусунун калындыгы 10–70 см. Түндүк жак учунда 3 жука тарамга ажырайт. Мындан башка бири-бирине жарыш жайгашкан көптөгөн тарамчалар кезигет. Алардын калындыгы 0,05-0,053 м ге чейин. Руданын минералдык курамы жөнөкөй: негизинен галенит, барит, барит-целестин, кальций жана флюориттен турат.

## Ак-Талаа районундагы суулар

Нарын дарыясынын сол куймасы. Узундугу 40 км, алабынын аянты 247км². Байбиче-Тоосунан башталып, жогорку бөлүгүндө мууш капчыгай аркылуу шар агат. Капчыгайдан өрөөнгө чыкканда агымы жайлап, салааларга бөлүнөт. 19 чакан куймасы бар, эң ириси Мазар (26км). Май айында кирип, сентябрда тартылат. Жылдык орточо агымы 2,13 м³/сек. Сугатка пайдаланылат. Боюнда Ак-Тал айылы жайгашкан.

## Алабуга



Нарын дарыясынын сол куймасы. Узундугу 180 км, алабынын аянты 5820 км². Фергана тоо тизмегинин түштүк-чыгыш жана Торугарт кырка тоосунун түндүк капталдарынан башталат. Жогорку бөлүгү Арпа деп аталып, Арпа менен Бычан кошулуп Арпаны түзөт. Арпа өрөөнү аркылуу агып, ортоңку Нарын өрөөнүнө чыкканда нугу кеңейип, суусу тайыздайт. Куймалары: Жаман-Даван (64 км), Коңорчок (39 км), Кашка-Суу (33 км), Кум-Арык (23 км), Бычан (40 км), Сөөк (45 км), Макмал (41 км), Кара-Суу, Миң-Жылкы, Мына-Келди, Кырчын-Булак. Майда кирип, октябрда тартылат. Жылдык орточо чыгымы 26,5м³/сек; эң көбү - 124м³/сек, эң азы -9-70м³/сек. Сугатка пайдаланылат. Боюнда Кош-Дөбө, Коңорчок айылдары, Шырдакбектин сепилинин чалдыбары жайгашкан. Топоним балыктын атынан пайда болгондугу божомолдонот.

## Кашка-Суу

Арпанын оң куймасы. Арпанын Ала-Тоосунун түндүк-батыш капталынан башталат. Узундугу 33 км, алабынын

аянты 243 км$^2$. Алабынын деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги 3350 м. 12 куймасы бар. Жылдык орточо чыгымы 3,0 м$^3$/сек. Эң көбү июль-август айларында, эн азы январда байкалат. Мөңгү, кар жана жамгыр сууларынан куралат.

## Коңорчок суусу

Алабуганын оң куймасы. Узундугу 39 км, алабынын аянты 89 км$^2$, суу чогултуучу аянтынын деңиз денгээлинен орточо бийиктиги 3150 м. Негизинен кар жана мөңгү сууларынан куралат. Жылдык орточо чыгымы 0,7м$^2$/сек. Боюнда Коңорчок айылы жайгашкан.

## Куртка суусу

Нарындын оң куймасы. Молдо-Тоодон башталат. Узундугу 45 км, аянты 417 км$^2$, суу куралуу аянтынын деңиз денгээлинен бийиктиги 2950 м. Негизинен кар сууларынан куралат. Жазында кире баштап, күзүндө тартылат. Орточо чыгымы 2,9м$^2$/сек. Ири куймалары: Көл-Кайың, Суулу-Куртка, Кашка-Суу, Ак Терек.

## Мыкаачы

Нарындын сол куймасы. Узундугу 45 км, алабынын аянты 504 км$^2$. Тоо-Куйрук тоосунун түндүк капталынан Кара-Суу деген ат менен башталып, Маистан өтөгүнөн өткөндө соолуп барып, кайрадан булактардан куралып, босоголуу кууш нук аркылуу Нарынга куят. Негизинен жаан чачын, кар жана булак сууларынан куралат. Жылдык орточо чыгым 3-4 м$^2$/сек. Эң көбү апрель-майда, эң азы январда байкалат. Сугатка пайдаланылат. Боюнда Ак-Чий, Жаңы-Тилек айылдары жайгашкан.

## Терек суусу

Нарындын сол куймасы. Жаман-Тоонун түндүк капталынан агып түшөт. Узундугу 67 км, алабынын аянты 826 км$^2$. Теректин 27 куймасы бар. Кар жана жаан-чачын сууларынан куралат. Кээде кышында соолуп калат.

Жылдык орто чыгымы 0,8 $м^2$ /сек, модулу 1 л/сек $км^2$. Чыгымы көп, жыл боюнча жана жыл ичинде да кескин өзгөрүүлөргө дуушар болуп турат. Боюнда Терек, Баетов, Үгүт айылдары жайгашкан.

## Жылуу суу

Ак-Талаа районундагы ысык суу чыккан жер. Нарын дарыясынын сол жээгинде, Алабуга суусунун чатынан 3,5 км төмөн, деңиз деңгээлинен 1570 м бийиктикте жайгашкан. Суу геологиялык жарака аркылуу жер үстүнө агып чыгат. Суунун температурасы 34-36 C, дебити 4,5-5,0 л/с. Курамында микроэлементтерден (мкг/л) молибден-2, бериллий-0,15, коргошун-5, мышьяк-цинк-15ке чейин, стронций-200гө чейин, литий -70 бар. Химиялык анализдөөдө (мг/л менен) бор-0,1, фтор-3,2-5,5, йод менен бром 0,1 ден аз, уран 2,10 г/лге жакын, радон -1,2 мег/л болгон суусу "Кутман булак" (Камчатка), Жыргалаң (Ысык-Көлдүн чыгышы) сууларына окшош. Ресурсу суткада 430$м^3$ деп бааланат.

## 1. Ак-Кыя, Көк-Жар айылдарынын тарыхы жана санжырасы



**Көк-Жар айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн имараты**

Көк-Жар айыл округу Ак-Кыя, Көк-Жар айылдарынан турат. Ак-Кыя айылы райондун борборунан 60 чакырым, республиканын борборунан 502 чакырым аралыкта жайгашкан. Чыгышынан Куртка, Батыш тарабынан Тогуз-Торо, түндүгүнөн Жумгал, түштүгүнөн Үгүт айылы менен чектешет. Ак-Кыя айыл округунда 440 түтүн, жалпы 1935 адам жашайт, анын ичинен Ак-Кыя айылында 243 түтүн, 1097 адам, Көк-Жар айылында 197 түтүн, 838 адам жашайт. Жалпы аянты 5230020 чарчы чакырым, жайыты 16547га жайыт жери, 360 га суу баскан аянты, 435 га эгин аянты бар.

Айыл округунда мектеп, клуб, 2 китепкана, ФАП, дарыкана, пилорама, 4 тегирмен, жыгаччылык боюнча цех, дөңгөлөк желимдөөчү жай, СПА, 14 дүкөн, 2 мончо эл үчүн кызмат кылууда.

Ак-Кыя айылы болуп аталып калышы төмөндөгүдөй: айылга чыга бериштеги кыя аппак болуп алыстан көрүнүп турат, калк алгач отурукташууга өткөн учурда, ушул кыяны кол күчү менен казып жол салган, ошондон

улам Ак-Кыя айылы болуп аталып калган. Мурунку аты Какыр-Коргон. Анткени, айылдын бардык тарабы тоолор менен курчалып, коргон сыяктуу болгондуктан, Какыр-Коргон деп аталган. Айылда негизинен сокучу, ыман деген эки уруу эл жашайт.

Элдер 1923-жылдан баштап отурукташа баштап, "Ак-Чий" жана "Тобок" кошчу союзу уюшулган. "Ак-Чий" кошчу союзун Алакүчүк уулу Мурсаалы, "Тобок" кошчу союзун Маамыт уулу Ормонбек жетектешкен. Булар 1927-жылы биригип, "Тобок" артели уюшулат. Артелдин жетекчиси болуп Эмилбек деген жигит шайланган. 1929-жылы "Тобок" артели "Кызыл Октябрь" колхозу болуп уюшулган. Колхоздун башкармалыгына Абдыкалык Чоробай шайланган.

Көк-Жар айылында 1923-жылы "Тайлак арык" кошчу союзу уюшулуп, төрагалыгына Төлөмүш шайланган.

## Ак-Кыя, Көк-Жар аймагындагы тарыхый жерлер

Ак-Кыя, Көк-Жар айылдары тарыхый жерлерге өтө бай, аларды атасак: Тайлак арык, Алп Тобоктун тоосу, Бала-Тапан, Козуке-Баян мазары, Эр Табылдынын ташы, Ноозан, Бурулчанын селкинчеги, Кыз-жайлоо, Эчки-Үңкүр, Каранын үңкүрү, Тартма жана башка көптөгөн тарыхый жерлери бар.

## Тайлак арык

Бейпилдик өкүм сүргөн жылдары Тайлак баатыр элинин жашоо тиричилигине кам көрүп, Ак-Талаа өрөөнүнүн бышыкчылыктуу Какыр аталган Көк-Жардагы керилген дың аймагына элди көтөрүп, ушул аймакка суу чыгарып, эгин айдайлы деп демилге көтөрүп, суу ага турган ноолорду жасатып бириктирип, кошулган жерлерине карагайдан тирөөч тиреттирип, суу чыгарган. Суу чыккан жерге аштык айдатып, мол түшүм алынып, эл токчулукка бөлөнгөн. Бул жер ошол күндөн ушул күнгө чейин "Тайлак арык" деп аталып, курдурган баатырдын атынан аталып калган.

## Таштагы баланын изи

### Бала-Тапан

Коргондун ичинде айылдан 28 чакырым аралыкта жайгашкан жерде, өрөөндүн оозунда чоң таш бар. Ал ташта кадимки баланын тапанынын изи сакталып калган. Аны көргөн адам көзүнө ишенбей таң калат, анткени, ташка издин кандай болуп түшүп калганы бүгүнкү күнгө чейин өзүнчө сыр. Ушул таштан улам бул жер "Бала-тапан" деп аталып калган.

### Какыр-Коргон

Азыркы Ак-Кыя, Көк-Жар турган жер Какыр-Коргон деп аталып келген. Мындай аталып калгандыгынын тарыхына токтолсок, өрөөндүн чыгыш тарабы катмар-катмар ак чаптар менен, түндүгү Алп Тобоктун тоосу жана Чаардын тоосу, батышынан Кара-Тоо жана Кызылдын кыры аттуу тоо кыркалары менен курчалып, түштүк тарабынан Нарын дарыясы агып өтөт. Төрт тарабы тең тоолор менен курчалып, коргонго окшош болуп жайгашкандыктан, Какыр-Коргон деп аталып калган.

### Эр Табылдынын ташы жана таш тулгасы

Эр Табылды калмактар менен болгон карма-шында жарадар болуп, жаратынан айыгыш үчүн өзүнүн жан жолдошу Элдиярды ээрчитип алып, табып издеп Таласка барат. Табылды Таласта дарыланып жүргөндө, аталаш тууганы Кудайназар душмандык кылып, Табылдынын эли жерин, үй-бүлөсүн чаап тоноп, Ош, Жалал-Абад тараптка көчүп кетет. Табылды баатыр таза айыгып элине келсе, эли жок болуп чыгат. Ал конушундагы өзүнүн ат байлоочу мамысынын башында ак чүпүрөк оролуп турганын көрөт. Аны чечип алып караса ичинде кат болот, катты ачып окуса бир тууган карындашы Карлыгач, Кудайназардын эли- жерин зордук менен талап-тоноп чаап алып, Анжиян тарапка көчүп

кеткендигин жазган экен. Ошол замат алардын артынан издеп таап барып, бир канча убакыттан кийин эли-жерин, үй-бүлөсүн Ак-Талаа, Ат-Башы, Нарын өрөөнүнө көчүрүп келет.

Какыр-Коргонго келип, Кудайназардын кылган ишине кейибестен, Табылды баатыр элине минтип жар салган.

Ак-Кыянын алдыма аба,
Абакемдер конушсун.
Кыз-Мазардын талаасы,
Кырк жигитке коюлсун.

Ошондо Кудайназар уруктары азыркы Ак-Кыя кыштагы турган жерге конгон экен. Алардын малы, айрыкча уйлары көп болгондуктан, бат эле бул жерде дөбө-дөбө бок болуп кеткендиктен, Бок-Дөбө деп аталып калат.

Ак-Кыядан он–он эки чакырым аралыктагы түз жерден Табылды баатыр өзү орун алган. Дал ушул жерде Эр Табылдынын ташы, Эр Табылдынын таш тулгасы деген эки белги азыркыга чейин бар.

## Козуке, Баян мазарлары

Ак-Кыя, Көк-Жар айылдарынын Коргон өрөөнүндө казак туугандарыбыздын атактуу Козуке баатыры жана Баян сулуусу ушул жерде жашагандыгын төмөнкү маалыматтардан билебиз. Ак-Кыя айылындагы Коргон суусунун жээгинде Эр Табылды баатыр конгон жерден бир жарым чакырымга жетпеген жерде Баян мазар, Козуке мазар деген эки мазар бар. Эр Табылды жигиттери менен Тогуз-Торо тарапка барып, Алп Тобоктун балдарына учурашып кайра келе жатып Козуке, Баян мазарларына бурулуп куран окуйт. Аттарын бир аз чалдырып алалы деп эс алышат. Күн ысык болгондуктан, көлөкө кылуу үчүн Эр Табылды чоң таштардан көтөрүп келип баштарын бири-бирине тийиштирет. Кире келгенде Эр Табылдынын башы көкүрөгүнө чейин батып, денеси батпай койгон экен. Аттары эс алгандан кийин жигиттери менен Соң-Көл жайлоосуна жөнөп кетет.

Табылды көлөкө кылган таштар Чатыр-Таш деп аталып азыр да турат. Кенен төрт адам жатып көлөкөлөй алат.



## Коргон

Козуке мазары Коргон суусунун күн чыгыш өйүзүндөгү Тобок тоосунун түбүндөгү топ арчанын арасында. Баян мазар Коргон суусунун күн батыш жагындагы тоонун түбүндө жайгашкан. Эки мазардын айланасы табылгы, аса-мусаларга жана башка түркүн табигый коздукка бөлөнгөн. Мазардын жанындагы табылгалардын бутактарына ырымдап чүпүрөк байлап сыйынышат. Мазардын айланасында текенин, кочкордун мүйүздөрү, малдын баш сөөктөрү жатат. Бул болсо, келген адамдардын мал союп куран окуп сыйынгандыгын билдирип турат.

Демек, бул далилдерге таянсак, казак элинин айтылуу Баян сулуусу, Козуке баатыры бул өрөөндө Эр Табылды баатырдан мурун болгон деп айтууга толук негиз бар. Ак-Кыя, Көк-Жар айылындагы Коргондун ичинде мындан тышкары дагы көптөгөн тарыхый жерлер бар.



**Жайык конуш жайлоосу**
**Бурулчанын селкинчек тепкен жери**

## Кыз-Жайлоо

Бул жайлоо дагы Коргондун ичинен орун алган. Кокон хандыгынын тушунда кокондуктар жергиликтүү элден салык менен бирге сулуу кыздарын дагы олжого алып турушкан. Айыл аксакалдары айылдын кыздарын кокондуктардан качырып, өзүнчө жайлоого чыгарып, жашырууга шарт түзүп беришкен. Кыздар эс алганда селкинчек тебишкен, кыздардын арасынан Бурулча деген кыз селкинчекти жакшы тепкендиктен, ал селкинчекти Бурулчанын селкинчеги деп атап койгон.

Коргондун төрү Жумгал эли менен аймакташ болгондуктан, Жумгалдын кыздары дагы Кыз-Жайлоого келишип, эс алып жайлашкан. Күзүндө көчүп баратканда белден катуу шамал, бороон болуп кар жаап, кыздар белде калышкан. Ошондуктан, ал жер Кызарттын бели деп аталып калган.



**Нурдөөлөт уулу Калмурат** Ак-Кыя айылында 1902-жылы туулган. Атасынан 5 жашында ажырап, апасы Бүбүайшанын тарбиясында өсөт. Апасы жамакчы жана кошокчу болуп, уулуна көп таасир тийгизкен. Калмураттын ыр-күүгө жөндөмүн байкаган энеси аны Мурзак-мат деген элге таанылган комузчуга кошуп берген. Мурзакмат Калмуратка жана уулу Ыманаалыга комуз үйрөтүп, дастан айтып берген. Куйма кулак Калмурат 12 жашында "Курманбек", "Жаны-Байыш" дастандарын комуз менен жатка айта баштаган. Ал ошол курагында энесинен ажырап, жакын тууганы Шапак уулу Кадыраалынын колунда өскөн. Нурдөөлөт бала кезинде өгүз менен отунга барганда, баргандан келгенче ырдагандыктан, балдардын баары дайым Калмуратты ээрчип жүрүшчү экен. Эл Калмуратты жашынан эле аш-тойлорго дайыма чакырып, комуз черттирип дастан айттырткан. Кадыраалы: "Калмурат "Жаныш-Байышты" айтканда ыйлабаган абышка-кемпир калчу эмес. Үнүнүн мукамдуулугу, уккулуктуулугу өтө жогору болгон" деп эскерет.

Калмурат 1936–1941-жылдары филармония-да иштеген. Ал жумгалдык Музалы байдын Субайылда деген кызына үйлөнөт. 1939-жылы искусство чеберлеринин Москвадагы декадасына катышып, Калининдин колунан медаль алган. Буденный менен бетме-бет жолугуп сүйлөшкөн. 1941-жылы өз ыктыяры менен мекенди коргоо үчүн согушка аттанган. 1943–1945-жылдары согуштан жарадар болуп, туулуп өскөн жерине келип башкарма болуп иштеген. Колунан жарадар болгондуктан, комуз черте албай калгандыктан,

филармонияга барган эмес. Ал 1945–1952-жылдары колхоздун кампачысы болуп иштеген. 1961-жылы 59 жашында каза болгон. Калмураттын 3 уул, 2 кызы калган. Анын «Кептештен», «Койчу» деген ырлары кыргыз радиосунун алтын фондусунда сакталган. Калмурат дастанчы катары да эл арасында белгилүү болуп, «Курманбек», «Жаныш Байыш» дастандарын толук айта билген.



**Бектемир Эгинчиев** 1910-жылы Ак-Кыя айылында туулган. Ата-энеси Чоң-Кемин районунун Жаңы-Алыш айылы-на турмуштун айынан көчүп кетишкен. Боло-чок-тогу акын «Кайран Эл», «Ак-Мөөр» дастандарын жашынан эле айта баштаган. 1936-жылы Токмоктогу театрга артист болуп кирет. Бир жыл өтпөй эле 1937-жылы Кыргыз филормониясына которулган. Бектемир «Кош Ала-Тоо, уулуң кетти майданга», «Эпкиндүү келин Күлайым», «Термечиктин ыры», «Эмгек айтышы», «Булбулсуң», «Ак жеңем», «Алымкан», «Сайрасын булбул багында», «Сайран күү» ж.б ырларга обон чыгарган. Автордун ырларын алгач өзүнүн өмүрлүк жары Бурулча Какиш кызы, кийин Мыскал Өмүркан кызы, Жумакадыр Айтпай уулу, Асек Жумабаев ж.б аткарышкан.

1950-жылдары белгилүү обончу «Батма жан», «Бала жан», «Жоодур көз», «Айнагүл», «Күлгүн жаш», «Ынагым» ж.б обондорду жаратат. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президимунун Ардак Грамотасы жана эмгектеги

артыкчылык медалы менен сыйланат. 1964-жылы Кемин районунун Жаңы-Алыш айылында дүйнөдөн кайткан.

**Алп Тобок.** Атактуу Алп Тобок атабыз Куртка өрөөнүндө жашап өткөн. Адамдан чыккан алп болгон, бала чагында атан төө минген, анткени, аны ат көтөрө алган эмес. Коргондун чаты, бөксөдөгү Козуке, Баян мазарынын жанында жашаган. Алп Тобоктун үйүн көтөргөндө кереге жайгандан кийин, атчандар уугун улаган, түндүгүн он эки кулач бакан менен көтөргөн.

Тобоктун тоосунун үстүнөн бээ саап болду деп кыйкырганда, Ак-Кыя айылына угулган. Анжиянга барам дегенде, айылдагы кыз-келин кийиз, жүн, чийлерди бири кийизин боёто кел десе, бири кездеме, набат, чай ала кел деп аманат тапшырган экен. Алп Тобоктун белиндеги көргөчөлүү кайыш куруна, кыз-келиндердин бойлору жетпей, сокуну көмөрө коюп чыгып, араң жетчү экен, Анжиянга төрт конуп, соода кылып келип, аялдардын аманатын кайра өздөрүнө берчү экен.

Жанболот кытай калмактарга баласы Берик менен кошо кармалып кетип, арадан он жыл өткөндө эл чогулуп, тиягы Суусамырдан, Арстанбап менен Анжияндан Чүйдөн келип чогулуп, Жанболотту Бээжинге чейин барып куткарып келүүгө ким жарайт? деп жыйын курушат. Буга жараса эле Тобок аке жарайт деп эл тегеректеп, ага тирүү болсо өзүн, өлгөн болсо сөөгүн алып кел деп тапшырат.

Тобок баатыр айыл аксакалдардын айтканына көнүп, алыс жолго барам деп, айылдан курут чогултуп, талкан тарттырып, азык-түлүккө баштыгын толтуруп, жолго чыгат. Нарын дайрасы күркүлдөп кирип турганда ал кечүү издеп келип кечкенде, суу тизесине араң жеткен экен. Эки күн жол жүрүп, Ат-Башыга жетип, Чеш-Дөбөгө чыгып отурганда, Черик туугандардын Максүт бийи мындай алп киши болобу деп таңданып, көрбөсө да укканына карап, бу Тобок алп турбайбы деп, жигиттерине орун даярдагыла деп буйрук берет. Жаңы жасалган жүз баштуу чоң үйгө киргенде, төбөсү тийип калат. Ошондо

Тобок баатыр, барды кенен кылбапсыз бай, сараңдыкты сизден көрдүм деп уят кылыптыр. Сараң бай кой сойбой, бир чара сүт бышыртып, камыр салып алдына койгондо ыпкап-шыпкап жеп алып, эки уртамдай сүт коюп, кел Максүт бай, келиндерге бергениң сугунам десең эт эмес, сунайын десем кымыз эмес, короо-короо коюң туруп, камылга кыла албадың деп айтканда, айыл эли бүт көтөрүлүп, ирик кой союп, эки күн коноктоп, жол азыгын камдап бир атка артып берип жөнөткөн. Бир нече күн жол жүрүп Бээжинге барып элчисине жолугуп, Жанболот инимдин убагы өттү, куткарганы келдим дегенде элчилик кеңешип, Алп Тобокко үч шарт койгон:

Биринчи шарты, Кытайдын мен-мен деген балбаны аркадан байкатпай келип тепкенде жыгылбай калсаңыз.

Экинчи шарты, Кытайдын эң чоң түрмөсүнүн дарбазасын, төрт качыр менен ачат, ошол дарбазаны ачып кетсеңиз.

Үчүнчү шарты, түрмөдөгү он миңдеген кишилердин арасынан таанысаңыз, бошотуп берели деген.

Алп Тобок бул шарттарга макул болгон. Эки күнү өргүп, үчүнчү күн болгондо биринчи шартты аткарууга басып баратканда аркасынан Кытайдын мен-мен деген балбаны муштаганда, жыгылбай аркасын карап, бирөө мени чертти го деп койгон.

Экинчи шартты аткаруу үчүн бир күн өргүп, дарбазага барып, оо кудайым колдо, ата-бабамдын арбагы колдосун деп тутканы кармап тартканда, дарбазанын туткасы жулунуп кеткен. Элчилер уят болдук деп, мен-мен деген усталарды чакыртып дарбаза жулунса дагы, сынбай турган тутка жасаткыла деп тапшырма берип, түнү бою тутка жасаткан, эртесинде тутканы керилип туруп тартканда, дарбаза ачылып кеткен.

Үчүнчү шартын аткаруу үчүн Кытайдын чоң түрмөсүнүн ичине кирип миңдеген адамдардын ортосуна барганда, эң чоңдору алп Тобоктун белинен келген, оо Жанболот иним барсыңбы деп кыйкырганда, Жанболот бул Тобок атам турбайбы деп таанып келгенде, анын

сакал-муруту, тырмактары өсүп адам кейпинен чыгып калган экен.

Коюлган үч шартты аткарды, баласы менен бошотолу деп кеңеш курганда, Кытайдын сынчылары Жанболоттун баласы элине жетсе бизди соо койбойт деп айтышат, ошондо балага көйнөгү жаңырып кетсин деп, ууга чыланган көйнөк кийгизишкен. Жолдо үч күндөн кийин бала кайтыш болуп калган. Ошондо баланын сөөгүн бет аарчысына түйүп, Жанболотту элине куткарып келген.

**Женишбек Райымбаев** – Ак-Талаанын алп уулу. Кыргызстандагы эң узун, ал эми дүйнөдөгү он бою узун адамдардын катарына кирген алп жигит Женишбек Рай-ымбаев Ак-Кыя айылы-нын кулуну, бою-нун узундугу 2 метр 32 см, салмагы 135 кг. Женишбек 1979-жылы колхозчунун үй-бүлө-сүндө туулган. Атасы Райымбаев Айылчы кол-хозчу, тр-акторчу. Апасы Кожобекова Жаңылкан пенсияда, Баатыр эне. Женишбек жети бир бир тууган. Женишбек төрөлгөндө эч кандай өзгөчөлүгү жок эле чоңойуп, мектепке барган. 5-класстан чоңойо баштайт да, өзүн балдардан оолак кармай баштайт. 7–8-класстан баштап, партага батпай калып, мектептен кетип калат. Ошондо ата-энеси баланын кескин түрдө өсүп чоңойо баштаганынан коркуп, доктурга алып барышса, алар организмдин өсүү бези ойгонуп кеткен деген диагноз коюшат. Башына операция жасап, өсүү безин алып салалы дешкенде, атасы болбой коёт. Кийин 25ке тол-гондо өзү токтойт деш-кен, айткандай эле 25



**Женишбек атасы менен (артында)**

жашында өскөнү токтойт. Учурда ден-соолугу начар, муундары ооруйт, бутуна катуу суук тийген. Бут кийим чак келбейт. Мурун машинанын покрышка-сынан кесип байлап кийип алса, кийин атайын тапшырык менен бут кийим тиктирет.

Жеңишбекке Бишкектен мэрия тарабынан үй берилген. Жеңишбек волейбол менен ордону жакшы көрөт. Анын бою МТЗ-80 тракторунун бою менен тең. Женишбекке атайын Азиздер коомунун төрагасы боюна жараша керебет, стол ж.б. эмеректерди жасатып берген. Ал 2 фляга же 80 литр сууну өзү эле көтөрүп машинага салып койчу.

Кыргыз эли өзүнүн алп уулуна көптөгөн жардамдарды берип келет жана дагы жардам бере бермекчи.

## 2. Ак-Тал айылы




Ак-Тал айылы Нарын дарыясынын жээгинде жайгашкан, биринчи айыл. Чыгышынан Нарын району, батышынан Үгүт айылы, түндүгүнөн Куртка, Тоголок-Молдо, түштүгүнөн Баетов, Терек айылдары менен чектешет.

Айыл деңиз деңгээлинен 1750 метр бийиктикте жайгашкан. Райондун борборунан 40 чакырым, областтын борборунан 80 чакырым, Балыкчы темир жолунан 260 чакырым, республиканын борборунан 470 чакырым аралыкта жайгашкан. Айылда 224 түтүн, 1177 адам жашайт, 580 га сугат аянты, 58168 гектар жайыт жери бар.

Айылда мектеп, клуб, китепкана, ФАП, бала бакчасы, мечити, тегирмени, дүкөнү бар.

Айылдын Ак-Тал деп аталып калышы, айыл турган жерде калың ак талдар өсүп, Нарын дарыясын бойлой чытырман токой болгон, ушундан улам "Ак-Тал" деп аталып калган. Айылда негизинен азык, саяк, моңолдор, азыктан – байгучук, козугана, бычман, бөрүнүн балдары жашашат.

Ички жайыттары: Мазар-Баш, Котур, Уйбулак, Камал, Бакалы, Согот, Чат, Карабыдыр, Көлмө, Аркар-Булак, Кургак, Сары-Коо, Токтогулдун куйганы, Кожомжар.

**Сырткы жайлоолору:** Арпа, Орто-Сырт, Кузгун-Туугу, Күнгөй, Сары-Ой, Терек.

Алгач 1930-жылы "Пионер" колхозу болуп уюшулган. 1932–1947- жылдары "Кызыл-Жылдыз" колхозу болуп түзүлүп, жергиликтүү калктан тышкары, дуңган улутундагылардан да колхозго мүчө болуп киришип, жерди биргелешип иштешип, көбүнчө сабиз, пияз, картошка, коон, дарбыз, помидорлорду айдашып, жакшы түшүм алып турушкан.

## Тарыхый жерлери

### Мазар

Ак-Тал айылынан 15 чакырым аралыкта Өрдөш деген жайлоо бар, анда Мазар деген жер бар, бул жердин мазар аталып калышы, бул жердеги бадалдын түбүнөн булак чыгат. Ушул булакты мазар деп аташып, ага жергиликтүү эл жана башка жактан элдер келишип, тилек тилешип, ден-соолуктун жоктугунан, бактысыздыктан, жалгыздыктан жана башка турмуштун көйгөйлөрүнөн арылууну көздөшүп, куран окуп, сыйынып турушат. Бул булактын айланасында терек, чычырканактар жана башка көптөгөн өсүмдүктөр өсөт. Мазарлар элдин түшүнүгүндө керемет жана сыйкыр менен күнүмдүк турмуш тыгыз айкалышып, аларды ажыратууга мүмкүн болбогон жер.

### Соку-Таш

Айылдан 17 чакырым аралыктагы Өрдөш деген жердин 200 гектардай жайык жеринде бир дагы чоң таш жок, ошол жерде "соку таш" деп аталып жүргөн бир ак таш бар. Ал таштын туурасы 50 смге жакын, бийиктиги 1 метрден ашыгыраак келип, сокуга окшошуп кетет. Эл оозунда айтылып келаткан уламышка караганда, Манас баатыр кытайларды кууп кыргын салып бара жатканда, жан чөнтөгүнөн түшүп калган Манастын оттук ташы деп айтылып жүрөт.

### Ажыбайдын мүрзөсү

Ошол эле Өрдөш аймагында дагы бир чоң инсан, Манастын кырк чоросунун бири – Ажыбайдын мүрзөсү деген жер бар. Бул жерде чоң күмбөз урап калганы байкалат, анда үйүлгөн чоң дөбө калган. Ушул дөбөнү Ажыбайдын мүрзөсү деп аташат.

## Ак-Тал суусу

Ак-Тал суусу Байбиче тоосунан башталат, жалпы узундугу 40 чакырым. Ак-Тал суусуна 19 майда суу кошулат. Булардын ичинен эң чоң куймасы мазар. Ак-Тал суусу май айында кирип, кочкул кызгылт түздө болуп, сентябрь айында тартылат. Сугатка пайдаланылат, ал Нарын дарыясына куят.

## Аркар-Булак

Ак-Тал айылынын жайлоосу болгон майда чаптуу, бөксө тоолордо Аркар-Булак деген жер бар. Бул жерде булак болгондуктан, булакка жаз, күз айларында аркар, кулжалар келип, суу ичип айланасында оттогондуктан, Аркар-Булак аталып калган.

## Сары-Ой

Ак-Тал айылынын бөксө жайлоосу айылдан 51 чакырым аралыкта жайгашкан. Бул жерге жаз, күз, жай айларында малчылар келип, малдарын багышат. Жайлоодо бетеге, доңуз-сырты жана башка ар кандай түрлүү чөптөр өсөт. Жай айларында түрлүү түстүү гүлдөр көп болуп, мунун ичинен сары гүлдөр талаанын бетин сапсары болуп каптап, ошондой эле күздө ысык болгондуктан, бетегелер саргайып, өрөөн сары түстө болуп калгандыктан, Сары-Ой деп аталып калган.

## Секи-Булак

Айылдан 43 чакырым аралыкта чоң тал өсөт, ошол талдын түбүнөн булак чыгат. Өрөөндө кыш жылуу болгондуктан, булактын суусу тоңбойт жана айылдын малы ушул булактан суу ичет. Булак өрөөндүн секи жеринде жайгашкандыктан, Секи-Булак деп аталып калган.

## 3. Ак-Чий, Жаңы-Тилек айылы




Ак-Чий айыл аймагы Ак-Чий жана Жаңы-Тилек деген эки айылдан турат. Деңиз деңгээлинен 1900–3020 м бийиктикте жайгашкан. Райондун борборунан 12 чакырым, областтын борборунан 132 чакырым, республиканын борборунан 489 чакырым аралыкта жайгашкан. Аймакта жалпы 211түтүн жана 1125 калк жашайт. Мунун ичинен Ак-Чий айылында 104 түтүн 555 адам, Жаңы-Тилекте 107 түтүн, 570 адам жашайт. Аймактын жалпы аянты 17894 чарчы чакырым, айдоо аянты – 1041га, жайыты – 13958 гектарды түзөт.

Аймакта 2 мектеп, 2 китепкана, 2 клуб, 2 ФАП, 2 почта бөлүмү, 2 тегирмен, дарыкана, дүкөндөр элге кызмат кылууда. Айыл эли негизинен талаачылык жана мал чарбачылык менен эмгектенишет. Эмгектин жана согуштун ардагерлери Байбачаев Кубатаалы, Байгашкаев Карабала жана эмгек ардагери Айыптын айткандарына жана тарыхый материалдарга таянсак, алгач 1929-жылы "Мыкаачы" колхозу уюшулган. Айылды аралап Мыкаачы суусу өткөн, суунун өйүз-бүйүзүндө кадаң, казак, көкчөгөз, басыз, чоң чарык уруулары отурукташып жашаган. Мыкаачы болуп аталып калышы Кептеш деген жерден ары-бери өткөн элди карактап тургандар болгон. Ошондон улам Мыкаачы аталып калган. 1930–33-жылдары жерди шериктешип иштетүү бирикмеси түзүлүп, тилек тилейли, ой тилегибиз жаңы болсун деп "Жаңы-Тилек" деп аташкан. "Жаңы-Тилек", "Ак-Чий" колхоздору 1936-жылы уюшулган. Эки айылды бириктирген айылдык кеңеш түзүлүп, ага төрага болуп Кожобеков Дөөлөт шайланган. 1953-жылы эки колхоз биригип, "Жаңы-Тилек" колхозу болуп уюштурулган.

## Ак-Чий, Жаңы-Тилек айылдарынын тарыхый жерлери

Ак-Чий айыл аймагынын негизги жайлоолору Жанчуңкур, Төө-Куйрук, Сары-Бел, Үч-Эмчек, Кара-Булак, Кашка-Суу, Туура-Суу, Арпа өрөөнүнө чейин жайлашкан.

### Чегиртке-Арык

Дыйкандар биригип, эгин талаасын көбөйтүп өздөштүрүш үчүн Жаман-Дабан суусунан арык казып чыгышкан. Кийинки жылы эгиндин түшүмү мол болуп, арыктын жээгинде чегирткелер абдан көп болгондуктан, "Чегиртке-Арык" деп аталып калган.

### Ак-Чий




Азыркы Ак-Чий айылы жайгашкан жер, капчыгайдын ичи бүтүндөй чийлүү болгондуктан "Ак-Чий" деп ата-лып калган. Бул өрөөнгө Кочкорбай, Ормуш бийлердин учурунда эл отурукташкан.

### Ак-Чий, Жаңы-Тилек байыркы көрүстөндөр тобу

Ак-Чий айылынан 4 чакырым аралыкта, 13 таш дөбө-мүрзөдөн турат. Бийиктиги 0,3-0,4 м, диаметри 4-26 м. Байыркы убакта эле мүрзөнү ачып кеткен издер бар.



Биздин заманга чейинки V–III кылымдарга таандык. 2-көрүстөн 1-синен 1

чакырым аралыкта бийик платодо жай-гашкан. 11 таш дөбө-мүрзөдөн турат. Бийиктиги 0,1-0,5 метр, диаметри 5-9 метр. 3- көрүстөн 4 таш дөбө-мүрзөдөн турат. Бийиктиги 1-1,5 м, диаметри 5–16 м биздин заманга чейинки V–I кылымдарга таандык. 1983-жылы М.И Московлев баяндап жазган. Казып изилдөө иштери жүргүзүлө элек.

## Майстан



Ак-Чий айылынан 25 чакырым аралыкта жайгашкан бөксө жай-лоо. Майстан өрөөнү малга жайлуу жер. Кезегинде Тайлак ба-атыр бул өрөөнгө жайлап, жигиттерине согуштук ыкмаларды үйрөткөн. Майстан өрөөнү кенен болгондуктан, жаздоо, күздөө катары пайдаланышат, өрөөн майлуу сүттүү болсун деп Майстан аталып калган.



## Тулпар-Булак

Ак-Чий айылынын күн батыш тарабында Мыкаачы суусуна көптөгөн булактар куят. Ошондой булактардын бири – Мыкаачы суусунун күн чыгыш тарабында үч булактын бири Тулпар-Булак деп аталат. Бул булактан таза суу чыгып, айланасында көбүнчө жалбыз өсөт. Ушул

булактан көптөгөн күлүк аттарды сугарып тургандыктан, Тулпар-Булак деп аталып калган. Тайлак баатыр да Майстан өрөөнүн жайлап турган учурунда, Тулпар-Булактан көк буурулун сугартып, таптап боз үйгө көргөзбөй баккан.

## Турук көмүр кени

Ак-Чий айылынан 50 чакырым түштүк тараптагы Жаман-Тоо кыркасындагы Турук сайынын башында жайгашкан. Турук таш көмүр кенин 1951-жылкы изилдөөлөрдөн кийин ачылып ишке киришкен. Көмүр кени 3000x300 метр аянтта орун алган. Юра мезгилинин көмүрлүү чөкмө тектери түзөт. Көмүр "Д" маркасындагы таш көмүрдүн түрүнө кирет, гумустуу, кумдуулугу 5-12%. 1994-жылдан баштап чоң көлөмдө казылып алынууда, 5400 миң тонна запасы бар.

## Айылдан чыккан таланттуу инсандар

**Нурдин Кооман уулу** 1888-жылы эгин орок маалында, күрдөөлдүү күздө азыркы Нарын областынын, Акталаа районундагы Ак-Чий айылында Ак-Көкүл деген жерде орто дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Нурдин 10 жашка чыкканда атасы каза болуп, улуу агасы Бостондун тарбиясында калган. Аракетчил уланды мусулманчылыкка окуткан. Айтымында Нурдин Ак-Көкүлдүн кырында кой кайтарып жүрүп, ысыкта талыкшып уктап калат. Ошол мезгилде оозуна толтура таруу куюлуп калат. Чочуп ойгонуп кетсе, таруунун бир тобу оозунан чачылып калган болот. Ал ошол замат оозунда калган таруунү илеп тартып чайнап, жутуп коет. Ошондон улам ойлосо эле ыр болуп ойноок желдей сөздөрү чууруп, ырдабай, сөздү ыр менен айтпай тура албай калат. Ал «Кадаңдардын Нурдини» деп аталып калган.

Алакандай кадан уруусунун жаш акыны эл эрмеги гана эмес, адеп ахлак, бул дүйнө, тигил дүйнө, бейиш, тозок,

турмуш, тиричилик, аалам жөнүндөгү насыят ырларын жеткире айткан. Нурдин сыпаа, адилет, эзели калп айтпаган, адамга жароокер, мээримдүү, ызаттуу, бей-бечаранын талабын талашып, сөзүнөн кайтпаган, кайрымдуу, боорукер, такыба, таза, мырза адам болгон. Дайыма даарatынан жазбаган, намазын үзбөгөн. Казалчы эмгекти баалап, өзү эмгекчилдиги, адал акы, маңдай тери менен оокат кылган.

**Гүлжамила Шакирова** 1955-жылы Жаңы-Тилек айылында туулган. Атасы Шакир колхоздо алдыңкы комбайнёр болуп иштеген. Акындын ырлары 1978-жылдан баштап жарыяланып келе жатат. 1989-жылы «Сапардагы каркыралар» деген ыр жыйнагы, 1990-ж «Даанышман кеп» деген учкул сөздөр жыйнагы, 2002-жылы «Дилазык» аттуу китеби ж.б көптөгөн чыгармалары жарык көргөн. бар. Ырларына обон жаралып, ырдалып келүүдө.

**Калмурат Рыскулов** 1974-жылы 18-октябрда Жаңы-Тилек айылында туулган. Кичине кезинен атасынан жетим калып, апасы Кубул менен оокатын өткөрүшкөн. Атасы Бекжанаалы да комуз чертип, ырдаган МАИ кызматкери эле. Окуучулук күндөрүндө тил, адабият сабагына кызыгып, райондук олимпиадаларда 1-орунду ээлеп турган. Алгач комузду ошол эле айылдын тургуну, таякеси Дөөлөталиев Нурбектен үйрөнгөн. Мектепте окуп жүргөндө эле концерттерге катышып, таланттуу аткаруучу экендиги белгилүү болуп калган.

Эң алгачкы обонун Кыргыз улуттук университетинин 1-курсунда окуп жүрүп, бир кызды жактырып калып, С.Жусуевдин «Кыялды кантип тыямын» деген ырына жараткан.

Калмурат арабыздан эрте өтүп кетти, бирок анын калтырган ырлары, обондору элдин эсинде ар дайым сакталат. Калмураттын жаркын элесине арналган республикалык чыгармачыл жаштардын «Нурборбору» коомдук бирикмеси жана Айтыш фондунун «Калемгер»

адабий клубу тарабынан «Өкүт ыры» аттуу эмгеги чыгарылган.

## “Ак-Кайың” эс алуу жайы




Ак-Чий айылынын батыш тарабында “Ак-Кайың” эс алуу жайы ачылган. Бул эс алуу жайына айылдын, райондун эли, мектеп окуучулары эс алганы барышат. “Ак-Кайың” эс алуу жайында туруктуу курулган боз үй, отургучтар орнотулган. Бул өрөөндүн ичи жалаң ак кайыңдар болгондуктан, “Ак-Кайың” эс алуу жайы деп аталган. Эс алуу жайдын так ортосунан көк кашка тунук суу агат. Буралып өскөн кайыңдар, тал теректер, аңкыган жыттуу небир түркүн гүлдөр, килемдей жайылган көк шибер эс алган адамдардын демине-дем, күчүнө-күч кошуп көңүлүн көтөрөт.



## 4. Баетов айылы




Баетов айылынын тарыхы райондун тарыхы менен байланыштуу, Анткени, райондун борбору Баетов айылы. Айыл областтын борборунан 120 чакырым, Балыкчы темир жолунан 310 чакырым, республиканын борборунан 490 чакырым алыстыкта жайгашкан. Баетов айыл аймагы чыгышынан Ак-Тал айылы, батышынан Ак-Чий, түндүгүнөн Үгүт, түштүгүнөн Ат-Башы району менен чектешет. Баетов айыл округу Баетов жана Кайыңды-Булак айылдарынан турат. Баетов айыл аймагынын аянты 124852 чарчы чакырым, 2013-жылдагы маалыматтар боюнча, 2415 түтүндө 12048 калк жашайт. Баетов айылы деңиз деңгээлинен 2000 метрден ашык бийиктикте турат, айыл өкмөтүндө 39295 га жер бар, анын ичинен 1008 га жер дыйкандардын үлүш жери, 20986 га жер жайыт, 216 га жер огород, 221 га бак дарак, 14 га токойлор, ошондой эле саз жана чабынды жерлер.

Баетов айыл округунун аймагында 3 орто мектеп, балдардын билим берүү борбору, музыкалык мектеби, спорт мектеби, бала бакчасы, маданият үйү, 2 клуб, борборлоштурулган китепкана, айылдык китепканасы, кесиптик-техникалык окуу жайы, аймактык оорукана, үй-бүлөлүк дарыгерлер борбору, 7 дарыкана, парк, тарых музейи, 3 базар, 40тан ашык дүкөндөр, 30тан ашык мончо, кинотеатр, РСК банкы, айыл банкы, финка, "Бай түшүм" банктары бар, 3 жыгач иштетүүчү цех, 12 тегирмен, 3

кумдуу блок чыгаруучу ишкана, 4 май куючу жай, 3 дөңгөлөк желимдөөчү иш кана, 3 машина оңдоочу СТО, 50дөн ашык мекеме ишканалар эл үчүн кызмат кылууда.

Баетов (мурунку Дөрбөлжүн айылы) айыл округу 1928-жылы негизделген. Алгач 4 колхоздон турган, "Ичке-Суу" колхозунда Муса уулу Сасыгул, "Дөрбөлжүн" колхозунда Сартбай уулу, "Ток-Терек" колхозунда Нурадил уулу Ысмайыл, "Келте-Чап" колхозунда Бекболот уулу Эсенгулдар башкарма болуп иштешкен.

1931-жылы жогорудагы чарбалар биригишип, "Дөрбөлжүн" колхозу болуп уюшулган. Айылдык кеңеши 1930-жылы түзүлгөн. Айыл чарба бөлүмү Тянь-Шань районуна 1935-жылга чейин карап турган.

1936-жылы Ак-Талаа району уюшулганда айыл-чарба бөлүмү районго карап калган. 1950-жылга чейин "Дөрбөлжүн" колхозуна "Кара-Суу", "Ичке-Суу", "Жаңы-Тилек" колхоздору кошулуп турган.



## Айылдан чыккан ардактуу инсандар

**Барашов Мааданбек** 1887-жылы Дөрбөлжүн айылынын Кош-Кошат өрөөнүндө туулган. Атасы Бараш Мааданбек кичине кезинде эле каза болгон. Апасы Айшанын колунда чонойгон.

Айша колунан көөрү төгүл-гөн уз болгон. Ал Касымбек болуштун үй-бүлөсүнүн кийим-кечектерин тигип берип, балдарын кор кылбай баккан. Мааданбек зээндуу болгондуктан, 6 жашынан молдодон окуп сабатсыздыгын жойгон. 12 жашында арабча окуганды үйрөнүп, мусулманча окууну бүтүргөн. Мындан тышкары, Мааданбек 1905-жылы орус-тузем мектебин бүтүрүп, билимин андан ары улантып, 1918-жылы Ташкенттен Ортоазия университетин ийгиликтүү аяктаган. Ал райондогу эле эмес, ошол мезгилде республикадагы жогорку билимдүү адамдардын бири

болгон. 1920-жылы райондо Касым деген манаптын тамында биринчи башталгыч мектепти ачып, балдарды окуткан. Анын демилгеси менен айылдаштары тарабынан 1921–1922-жылдары Дөрбөлжүн айылына 6 бөлмөлүү узун коридору бар, асты тактайланган мектеп салынган. Бирок ал учурда парта жок болгондуктан, балдарды жерге отургузуп окуткан. Мааданбек райондо биринчилерден болуп дүкөн ачкан. Биринчи курулуштарды баштап там салдырган. Өзүнүн тамын Анжияндан акиташ алып келип, адаттан тыш сыртын аппак кылып актатып койгондуктан, эл "Мааданбектин ак тамы" деп аташкан. Ак-Талаанын элине керектүү товарларды алдырып келип камсыз кылып турган. Элди таза суу менен камсыз кылуу максатында 2–3 жерден кудук каздырып, суу чыгарткан. Ал Баетов айылынын түптөлүшүнө биринчилерден болуп чоң салым кошкон адам болгон. Көчөлөргө бак тиктирген. Айылы эле эмес, райондун өнүгүүсүнө да алгачкылардан болуп өзүнүн салымын кошкон. Партиянын катарына өтүп, Нарын кантонунун областтык аткаруу бюросунун башчысынын милдетин аткарган. Барашов Мааданбек саясий репрессиянын капшабына кабылып, 1937-жылы «Эл душманы» деген жалган жалаа менен камакка алынган. 1938-жылы 51 жаш курагында «Ата Бейитте» атылган. 1957-жылы акталган.

**Берикбаев Дөөлөтбек** Ак-Талаа районуна, анын ичинде Баетов айылына өзгөчө салым кошкон инсан. 1993-жылдан райондо экинчи катчы, райондук аткаруу комитетинин төрагасы, биринчи катчы, аким болуп иштеп турган убактарында Баетов айылынын 18 көчөсү асфальтталып, тротуарлар салынган. Дөрбөлжүн аянты жаңыланып, универмаг, дүкөндөр, павилиондор, балдар сууда сүзө турган атайын бассейн,



асфальт заводу курулган. Жергиликтүү телекөрсөтүү уюштурулган. Элим деп эмгектенген инсан ар бир иштин башында өзү туруп көзөмөлдөгөн. Баетовдун борбордук көчөлөрүнө аялдамалар курулуп, элди ташыган 2 маршруттагы автобустар жүрүп, эл беш тыйындан төлөп, шаардагыдай каттап турган. Баетов айылында турак жайлар курулуп, көп адамдар үйлүү болушкан. Маданият тармагын да өнүктүрүүгө көңүл буруп, "Тоо жазы" ыр-бий ансамблин уюштуруп Японияга барып, Азия өлкөлөрүнүн фестивалына катышып келүүгө жардам берген. Сөзгө бек, ишке так Дөөлөтбек Кулубаевич Берикбаев Баетов айылынын гүлдөп өсүп, шаар тибиндеги айылдардан болушуна өзгөчө салым кошкон.



**Асанов Карыпбек** Баетов айылынан чыккан алгачкы министр. 1947-жылы Ак-Талаа районунун Ичке-Суу айылын-да туулган. 1965-жылы Бишкек финансы кредиттик техникумун, 1977-жылы К.И.Скрябин атын-дагы айыл чарба институтун бүтүргөн. 1965–1971-жылдары Ак-Талаа райондук кредиттик финансылык орган-дарда, 1971–1991-жылдары Жданов атындагы колхозун-да башкы экономист, комсомолдун Нарын обкомунда бөлүм башчы, Кыргызстан КП Нарын обкомунда инструктор, бөлүм башчынын орун басары, областтык айыл чарба башкармасынын башчысы, обкомдун айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, "Орто-Сырт" колхоз башкармалыгынын төрагасы болуп иштеген. 1991–1992-жылдары Нарын областтык кеңешинин төрагасынын 1-орун басары, 1992–1993-жылдары КР Айыл чарба министри, 1993–1996-жылдары биргелешкен "Кыргыз Агробизнес" компаниясынын координатор-директору болуп иштеген. 1997-жылы мамлекеттик акционердик "Айыл-техсервис" лизинг компаниясынын президенти,

“Кыргыз ресурстары” мамлекеттик ишканасынын президентинин орун басары кызматтарында иштеген.



**Бакый Мүсүралиева** узак жылдар бою Жданов атындагы колхоздо башкы чабан болуп эмгектенген. Өзүнө жүктөлгөн милдеттемелерин ашыгы менен аткарып, эмгегинен баар тапкан. Эмгектеги ийгиликтери үчүн “Ардак Белгиси”, “Эмгек Кызыл Туу”, “Ленин” ордендери менен сыйланган. Кыргыз ССР Жогорку Советине 3 жолу депутат болуп шайланган. “Социалисттик Эмгектин Баатыры” деген ардактуу наам алган. 2000-жылы Кайыңды-Булак айылын-дагы мектепке Бакый Мүсүралиеванын ысмы ыйгарылган.



**Сыдыков Жеңишбек**

Баетов айылынан чыккан академик. 1945-жылдын 15-сентябрында Тогуз-Торо аймагындагы Казарман кыштагында туулган. 1962-жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин чет тилдер факультетине кирген. 1969–73-жылдары СССР Илимдер академиясынын Тил илими институтунун аспирантура-сында окуган. 1973-жылы филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын жактаган. Кийинчерээк, доцент наамына ээ болгон. 1975-жылы Кыргыз Илимдер академиясынын чет тилдер бөлүмүнүн башчылыгына дайындалган. Ошол эле жылы коомдук илимдер боюнча жаш илимпоздордун республикалык конкурсунун лауреаты болгон. 1985-жылы СССРдин Чет өлкөлөр менен достук жана маданий байланышы коомунун президиуму

тарабынан СССРдин жана чет элдердин достук жана маданий байланыштарын чыңдоого жумшаган көп жылдык салымы үчүн Ардак Грамота менен сыйланган. 1998-жылы Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун директорунун орун басары болуп дайындалган. 1990-жылы филология илимдеринин доктору илимий даражасын ийгиликтүү коргогон. Кийинчерээк, профессор наамына ээ болгон. 1992-жылы КР УИАнын Тил жана адабият институтунун директору болуп шайланган. 1993-жылы КР Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү болуп шайланган. 1994-жылы Айтматов атындагы Эл аралык коомдук академиясынын ардактуу академиги болуп калган. 1997-жылы Россиянын Педагогикалык жана социалдык илимдер академиясына анык мүчө (академик) болуп шайланган. 1997-жылдан Эл аралык филологиялык академиясынын президенти. 2000-жылы Коомдогу, үй-бүлөдөгү жана Кыргыз-стандагы бейпилдик үчүн эл аралык федерациясынын президенти болуп шайланган.

## Ак-Талаа райондук тарыхый - этнографиялык музейи



Элибиздин көөнөрбөс тарыхын сактап, жаш муундарга кеңири таанышытырууда музейдин ролу абдан чоң. Ушул максатта Ак-Талаа райондук тарыхый этнографиялык музейи да тоолуу аймактын баа жеткис тарыхый жана маданий баалуулуктары тууралуу элге жеткирип, кызмат көрсөтүп келүүдө.

Музейди уюштуруу боюнча Ак-Талаа райондук малекеттик администрациясынын башчысы Ибрайым Жолдошовдун жетекчилиги алдында 1998-жылы 22-сентябрда музейди уюштуруу боюнча №273 буйругу

чыгарылып, музейди уюштуруу боюнча райондук комиссия түзүлгөн.

Комиссия жигердүү иштеп, экспонаттарды райондун Эргеш Мейманов, Бердалы Календеров, Жоробек Сатылганов, Байымбет, Эсенгул Карасартов, Сүйүнбек Атамбеков, Шүкүрбек Бейшеналиев атындагы орто мектептеринин алдында уюшулган музейлерден чогултулуп алынган. Музейдин долбоорун чыгаан сүрөтчү, маркум Султангазиев Кайыпбек түзүп чыккан. Музейди оңдоо иштерине райондун мекеме-ишканаларынын жумушчу кызматчылары 1-3 күндүк эмгек акыларын көтөрүп беришкен. Имаратты жасалгалоо иштерине сүрөтчүлөр Акматбеков Рыскулбек, Кожогулов Алмаз иштешкен. Музейди түзүү, уюштуруу иштери Сонун Абдиеванын жетекчилиги алдында жүргүзүлгөн. Музейдин 2002-жылы 17-июлда салтанаттуу ачылышы болуп, пайдаланууга берилген. Анын директору болуп, Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясынын буйругу менен Абдиева Сонун дайындалган.

Музей баалуулуктарды сактоо, сейрек жана баалуу археологиялык казуулардагы, эл арасында калбай, унутта калып бара жаткан экспанаттарды, архивдик документтерди сактоо менен бирге анын кызматкерлери тарабынан илимий-методикалык изилдөөлөр жүргүзүлүп, ар түрдүү көргөзмө-семинар, конференциялар өткөрүлүп, жаштарды асыл мурастарды барктап баалоого тарбиялоодо.

Музей экспонаттары бир нече кылымдарды камтыган байыркылыгы менен өтө баалуу. Бүгүнкү күндө музей фондунда 2741 экспонаттар сакталган, мунун ичинен боёк менен тартылган сүрөттөр – 38, графика-89, скульптура – 7, кол өнөрчүлүк буюмдары – 150, археологиялык казуулардан табылган буюмдар – 20, үй тиричилик жана этнографиялык буюмдары – 298, документтер – 360, сүрөттөр – 1026, башка буюмдар –753 болуп, музей негизинен 3 залдан турат.

Музей ачылганда 4 кызматкер иштесе, бүгүнкү күндө 7 кызматкер эмгектенет. 2008-жылдын апрель айынан баштап музейде Апилов Мыктыбек директор болуп эмгектенүүдө.

## Тарыхый жерлери

### Саймалуу-Таш

Баетов айыл аймагынын Орто-Сырт жайлоосунда Саймалуу-Таш деген өрөөн бар, бул өрөөндөн 14–16 чакырым аралыкта аска бетине ташка чегилген айбанаттардын сүрөттөрү түшүрүлгөн таштар бар. Ошондуктан, бул жерди Саймалуу-Таш деп аташат. Бул жердеги таш бетиндеги сүрөттөр качандыр бир кездерде жашап өткөн ата-бабаларыбыздын жашоо турмушунан, тиричилигинен кабар берип турат.

Бүгүнкү күндө ушул Көк-Жар сайынын күн батыш тарабындагы сүрөттөр чегилген бетти жаратылыштын кырсыктарынан кулаган таштар басып кулап, сүрөттөр жакшы көрүнбөй калгандыгы өкүнүчтүү.

### Кытай кырылды

Баетов айылынан 15-20 чакырым аралыкта Кара-Суу өрөөнүнүн күн чыгыш тарабындагы бөксө жайлоо "Кытай кырылды" деп аталат. 1822-жылы Кашкардын башкаруучусу Юнь Цин өзүнүн жардамчысы Баян-Батуну 200дөн ашык аскери менен Тайлактын айылын чаап кел деп жиберет. Баян-Бату коргоосуз тынч жай баракат жаткан элди чаап, 100дөн адамды өлтүрүп кетет. Алардын айылды чаап, олжолоп кеткендиги тууралуу кабарды Соң-Көлдөгү Тайлакка чабарман келип билдирет. Тайлак 16 жаштан жогорку эр азаматтарды, жигиттерин чогултуп душмандын артынан кууп жөнөшөт. Тайлак баатыр мына мындай согуш амалына барат. Ал минилбеген азоо жылкылардын куйруктарына чычырканак-талдын бутактарын байлап өзүлөрүнүн алдына салып айдап жиберүүнү буйрук кылат. Баян-Батунун аскерлеринин жүрөгү түшүп, Атантай,

Тайлактын ушунчалык чоң колу бар деп ойлошкон эмес. Баян- Батунун аскерлери корkконунан анчалык каршылык көрсөтпөстөн качып отуруп, Кара-Суунун төрүндөгү жарга такалат. Курчоого алынган аскерлер Тайлактын кыргын чабуулунан баары өлөт. Ошондон бери бул жер Кытай кырылды деп аталып калган. Бул кырылышта ак боз ат минген бир гана киши жардан түшө качып жөнөйт. Муну байкап калган Тайлак ашуудан кууп жетип кармашып калат. Тайлак баатыр чоюн чокмору менен башка уруп өткөндө ал аттан кулап түшөт. Көмкөрөсүнөн жаткан качкынды чалкасынан салып, жүрөк тушка саят. Көрсө, бул Баян-Батунун өзү болуп чыгат. Ушул окуядан кийин Цинь бийлиги кыргыз чек арасына өтпөй калган.

## Келин-Таш

Баетов айылынан 18-чакырым аралыкта Кара-Суу кыштоосунун жогору жагындагы капчыгай ичинде мазар таш деп эсептелген, Келин-Таш деген жер бар. Ата бабалардын айтканына караганда, бул окуя тээ калмактар бизге кол салып турган убакта болгон экен. Арпа жайлоосунда жаткан кыргыздарга калмактын көп колу келип капысынан кол салып, тынч жаткан элди ызы чууга салат, жигиттер эрдик менен кармашса да аздык кылып, далай эр азаматтар курман болушат. Алар айласыздан артка чегинишет, калмактар бир далай кыз келиндерди туткунга алып кетишет. Ошол туткунга кеткен адамдардын арасында уламыш кепке айланган келин да болот. Ал айдай сулуу, акыл-эстүү бул келиндин аты-жөнү эл оозунда айтылбайт.

Келиндин сулуулугуна көзү түшкөн калмактын кол башчысы аны күң кылбай эле өзү аялдыкка алат. Калмактар менен кармашууда күйөөсү курман болгонун билсе да келин эл- жерине болгон кусалыгы, сагынычы артып эки үч жолу качат, бирок ал аракети аткарылбай колго түшүп калат. Ушундан кийин келин качып кетпесин деп калмактын кол башчысы эки-үч жигиттерине кайтартып коёт. Арадан бир жыл өткөндөн

кийин, келин дагы качууну ойлоп, кол башчы жортуулга кеткенде, "Ак-Кодол" деген чөптүн тамырына кымызды ачытып, өзүн кайтарып жүргөн жигиттерге кымызды бергенде, ачытылган кымызга тойгон сакчылар мас болуп уктап калышат. Келин байланып турган аттардын бирин минип, "туулган жер кайдасың" деп жерине качып жөнөйт. Эртеси кол башчы жортуулдан келсе айыл дүрбөп ары бери чапкылап, келинди издеп калышкан экен. Келиндин качып кеткенин уккан кол башчы кайтарган сакчыларга келинди жердин түбүнөн болсо да таап келесеңер, тирү болсо тирүү, өлгөн болсо өлүгүн таап келесиңер, эгер таппасаңар башыңар алынат деп буйрук кылат. Жигиттер өзү туулуп өскөн жерине кетсе керек деп Арпаны көздөй чаап жөнөшөт. Күнү түнү жүргөн келиндин аты чарчап эл жерине баруучу капчыгайды өрдөп киргенде, арт жактан куугунчулардын кыйкырыгы аттардын дүбүртү угулат. Келин атын канчалык тебинип камчыланбасын, чарчаган ат баспай калат. Куугунчулар жакындап калганда келин атын таштап, аскага тырмышып чыга баштайт. Куугунчуларда аттарын таштап артынан кууп келип калганда, келин асканын кырына чыгып, өзү туулуп өскөн, ойноп күлүп чоңойгон жайлоосун тегерете бир карап алып көксөөсү сууп, "душмандын колунда жүргөндөн көрө өз жеримдин топурагын кучактап өлөйүн" деп аскадан боюн таштайт. Артынан кууп келген куугунчулар селдейип туруп калышат. "Өлсө өлүгүн алып келгиле" деген кол башчысынан корккон куугунчулар ойго түшүп келип карашса, келиндин тулку бою ташка айланып калган. Бул окуяны өз көздөрү менен көргөн куугунчулар аң-таң болушуп, жакаларын кармап айласыздан артка кетишет. Эли-жерин улуу тутуп, аны сагынган келиндин арманын уктубу же келиндин сөөгүн калмак баскынчыларына ыраа көрбөдүбү, айтор теңирим келиндин денесин ташка айлантып койгон деп айтылат.

Ошол жер "Келин Таш" деп аталып калган. Капчыгай ичиндеги карагай чер коозduктагы булактын жанындагы таштагы аза күткөн келиндин келбети кол менен жасап

койгондой көрүнүп турат. Өз эл-жери үчүн салгылашып курман болгондор тарыхта миңдеп саналат. Келин-Таш уламышы бул өз эл жерин сүйгөндүктүн эч нерсеге алмашкыс бир көрүнүшү.

## Кара-Суу



## Ичке-Суу

Баетов айылынан 6 чакырым аралыкта Ичке-Суу деген айыл болгон. Бул айылга Мазар-Булактан ылдый суу аккан бир гана ичке арык болгон, ошондон улам бул жер «Ичке-Суу» деп аталып калган. Ичке-Суу айылынын эли колхоздоштуруу учурунда Дөрбөлжүнгө көчүрүлүп келип, бир чарбага биригишкен. Азыркы учурда бул аймактын жери үлүш болуп таратылган.

## Айгыр-Жал

Баетов айылынан 11–12-чакырым аралыкта жайгашкан бул жердин Айгыр-Жал деп аталып калышынын себеби, бул жер дөңсөө болуп, коктулары айгырдын жалына окшош болгондуктан аталып калган. Айгыр-Жалдын күн батыш жагы Ак-Чий айылы менен чектешип турат. Союз мезгилинде Айгыр-Жалда суу насостору коюлуп, бургуланып суу чыгарылган. Мал багуу үчүн короолор, малчыларга тамдар салынып, кой төлдөнүп турган. Азыркы кезде алар менчиктештирилип, дыйкандар үлүш жерге алышкан.

## Талаа-Булак

Талаа-Булак жайлоосу бөксө жайлоо болуп эсептелет. Бул жер малга жайлуу болуп аянты 3000-4000 гектарга чейин созулуп кенен болгондуктан, баетовдуктар бул жерге жайлап келишет, Ушул жайлоонун так ортосунда, талаада жалгыз булак бар, өрөөндөгү мал ушул булактан суу ичишет. Элди, малды суу менен камсыздаган жалгыз булак болгондуктан "Талаа-Булак" деп аталып калган.

## Жоломан

Баетов айылынан 17–18-чакырым аралыкта жайгашкан кыштоо. Бул жер бөксө жайлоо болуп, күнгөй-тескейине мал бакканга жайлуу болгондуктан бул жерге кышташкан. Айтылуу Тайлак баатырдын кол башчыларынын бири Жоломан баатыр ушул өрөөндө жайлап, кыштагандыктан, бул жер Жоломан деп аталып калган. Жоломандын айылынын ордун бүгүнкү күндө ал жерде калган эски тамдардын, кыштоонун калдыктары далилдеп турат.

## Алманбет

Арпа жайлоосундагы чоң жайлоо, ата-бабалардын айткандарына караганда бул жайлоонун Алманбет деп аталып калышы, кезегинде кадимки Манастын жигити Алманбет ушул жерди жайлаган. Бул өрөөндүн табиятынын өзгөчө кооздугу көргөн адамды суктандырат. Төрүндө илбирс, аюу, аркар-кулжалар мекендесе, өзөнүндө карагай чер мөлтүр кашка суулар, аска боорунан чыккан арашан дары суулар өзүнчө эле керемет. Ушундай кооз жерде ата бабаларыбыз мекендеп келген.

## 5. Жерге-Тал айыл аймагынын тарыхы




Жерге-Тал айыл аймагы Чолок-Кайың жана Жерге-Тал деген эки айылдан турат. Чолок-Кайың айылы Ала-Буга дарыясынын түштүк жээгинде райондун борбору Баетов айылынан 70 чакырым, Бишкектен 578 чакырым, Нарындан 188 чакырым аралыкта жайгашкан. Деңиз деңгээлинен 1825–3626 метр бийиктикте турат. Аймакта 2 мектеп, 2 бала бакча, 2 ФАП, төрөт үйү, 2 почта бөлүмү, клуб, 2 китепкана, алма бак паркы, 4 тегирмен, дарыкана эл үчүн кызмат кылууда. Негизинен мал чарбачылык жана дыйканчылык менен эмгектенишет. Жерге-Тал айылында 106 түтүн же 381 адам жашайт, Чолок-Кайың айылында 456 түтүн, 1733 адам жашайт. Айдоо аянты 1116 га, жайыт жери Жерге-Тал айылында 7342 гектар, Чолок-Кайың айылында 10892 га.



Азыркы Чолок-Кайың айылы мурун Осоавиахим айылы деп аталып, 1931-жылы негизделген. Чолок-Кайың айылынын тургуну Артыков Шакирдин атасы

Байсаяков Артыктан укканына караганда, Осоавиахим айылы "Чолок-Кайың", "Бел-Кыргын", "Жерге-Тал" деген үч айылдан турган. Кийин "Чолок-Кайың", "Бел-Кыргын" колхоздору 1941-жылы кошулуп, "Осоавиахим" колхозу болгон. Ошол убакта чарбаны уюштуруу ички тартипти сактоо, мамлекет тарабынан берилген пландарды аткаруу боюнча маселелерди атам кеңешке төрага болуп туруп , көзөмөлдөп аткаргам деп айтар эле.

Айылдагы алма бактын түптөлүшүнө Калпа атанын эмгеги зор деп айтып калаар эле, алманы Анжиян, Ош тараптан алып келип тиктирип көбөйткөн. Андан кийин Кемелдин көбөйтүп алма, өрүк, жийделерди жана башка жемиштерди тиккен.


## Хан Шырдакбек


**Хан Шырдакбек боз жоргосу менен**

Кыргыздар көчмөн элдерден болушса да, алардын ата мурастары, каадасалттары, өзүлөрүнүн улуттук өзгөчөлүктөрүнө жараша философиясы, маданияты, искусствосу болгону талашсыз. Эли-биздин каадасалттары батыштын өнүккөн өлкө-лөрүнөн алда канча алдыда турат. Биз муну кийизге, жыгачка, териге, темирге жана башка буюмдарга түшүрүлгөн оймочиймелерден, боз үйүнөн, элдик ырлардан, комуз күүлөрүнөн, улуттук оюндарынан көрөбүз.

Элибизде не бир залкар акылман адамдар, жоону көкүрөгү менен тоскон эр жүрөк баатырлар, оозунан бал тамган манасчылар, ак таңдай акындар, даанышмандар өтүштү. Ушундай залкар адамдар мезгил өткөн сайын

унутулуп бара жатканы өкүнүчтүү. Ошолордун басып өткөн жолун, элине жасаган эрдигин, элин жоодон сактаганын унутпай, кийинки муундарга жоготпой жеткирүү мезгил талабы. Ушундай тарыхый мурастарыбыздын бири хан Шырдакбек.



**Хан Шырдакбектин коргонунун элеси**



Хан Шырдакбек баяны боюнча Тоголок Молдо, Молдобасан Мусулманкулов, Чоробаев, Үсөйүн ажы, Балык Кумар уулунун жана башкалардын көптөгөн санжыраларында айтылат.

Кыргыздын кыпчак уруусунан чыккан Анжиян-Арканы бүтүндөй сураган Эшимкан деген хан болгон. Эшимкандан Тейитбек, андан-Курманбек, андан

Сейитбек, Сейитбектен Шырдакбек деп айтылат. Шырдакбек адегенде Анжияндын "Пайтак" деген жеринде жашап туруп, андан Нарын өрөөнүнүн Ак-Талаа аймагынын Чолок-Кайың айылына көчүп келип коргон салдырган.



**Хан Шырдакбектин чебинин дубалынын азыркы ички көрүнүшү**

Атасы Сейитбек Шырдакбек тогуз жашка чыкканда дүйнө салган. Анжияндын "Жасы" деген жеринде турушкан. Эл чогулуп тогуз жашар Шырдакбекти Анжиян–Аркага хан көтөрүшкөн. Энеси Карача хандын кызы Шайдабү акылдуу аялзатынан эле, ордону өзү башкарган. Үч жылдан кийин Шайдабү хандыкты баласына өткөрүп берип жатып: "балам 12 жашка толдуң. Илгери Манастын уулу Семетей 12 жашка толгондо, эли-жерин өзү издеп келип башкарган. Эми сен өз ордоңо, өз элиңе ээлик кыла турган кез келди. Досторго досчо мамиле кыл, байлыгым, бийлигим бар деп эсирбе, бечарага бел, карыпка караан, калыс хандардан бол", –деп акыл кеңешин айткан. Шырдакбек кырк жигит күтөт. Аркалык кыргыздардын айрымдары калмактардын эзүүсүнөн Анжиян тарапка сүрүлүп барып оор абалда калган убак эле. "Казак ачкалыктан кайың саады, кыргыз Гизарга сүрүлдү" деген макал ошондон калыптыр. Шырдакбектин касташкан калмактары Долон Хандын небереси Чагай, Бака, Манчы, Калдама деген ноёндор болгон. Булар кыргыздарга тынымсыз кол салып

турушкан. Шырдакбек эл-жерин душмандардан коргоп калыш керек эле. Жоого миниш үчүн моюбаган тулпар ат издеп таппайт. Бир күнү уктап жатса түш көрөт. Түшүндө бир аксакал мындай деп айтат "Балам, карамашарың хан Курманбекти жайлаган Дөлөн хандын небереси Чагай баатыр, ага жакшы ат таап, ат жалында алышпасаң чама чаркың келбейт. Аттанып чыксаң мээ кайнаткан чөл кездешет. Ошол Каракумдун чөлүнө барсаң, кара кудук бар. Ал жерге өргүп алып, үрүл баранда жолго чыксаң, мелтиреп жаткан көлгө кездешесиң, ошол көлдөн кичинекей боз кулун ээрчиткен сарала бээге жолугасың. Ошол кулунду акырын кармап ордоңо алып келип, эч кимге айтпай үч жыл бак. Ошол жерде кой кайтарган Кейбирбек деген тас баланы кошо ала кел. Сенин келечектеги боз жоргоңдун саяпкери Кейбирбек болот" деп аян берет. Эртең менен ойгонуп түшүн жан кишиге айтпай өзү жоруп, күл азыгын камданып, үйүнөн аттанып чыгат. Акыры адегенде чөлдөгү кара кумду таап, кудуктун түбүнө түнөп чыгат. Баягы карыя түшүнө дагы кирет. Баягы сөзүн кайталап ат жакшысы, "аргымак", "буудан", "дулдул", "жорго" деп аталат. Ошол жорго кудай буюрса колуңа тиет. Сенин атагыңды ошол жорго чыгарат. "Шырдакбектин боз жоргосу" деп аталат. Касиетүү мал. Анын үстүнө аял затын мингизбе, кишмиштен жем берип, байтал бээнин сүтү менен бак, жан адамга көргөзбө;- деп түшүндө баягы киши дагы аян берип жок болот.

Эртеси аттанып чыгып, шашке ченде кой жайып жүргөн Кейбирбекке жолугат. Башы таз, колдору кара кычы, бутундагы чарыгы жыртылып, буттары кесилип жарылган жерлеринен кан чыгып турат. Ээзелки таанышындай экөө ээзиле сүйлөшүп, жетим бала Шырдакбек менен кошо кетүүгө макулдугун берет. Боз кулунду кармап алышып, экөө жолго чыгышат. Жолдон кербенчилерден бир ат сатып алышып, аны токулгалап биртоп кыйынчылыктарды тартып кайтып келишет. Жоргону жан кишиге көргөзбөй үч жыл багышат. Үч жылдан кийин касиеттүү боз жорго кадимкидей күчтүү

бышты чыкмага айланат Шырдакбек кыргыз-кыпчактан кол курап, далай жылдар өз өкүмүн кыргыздарга жүргүзүп келген. Чагай ханга беттешип, жоосун жеңип, айылына көп олжо менен кайтып келип, Чолок-Кайың менен Коңорчоктун ортосуна коргонун салдырат.

Шырдакбек боз жоргосу менен алты шаар Анжиянды аралап, жоро ичип, шашкеде үйдөн чыгып Анжияндан кайра бешимде үйүнө кайтып келчи экен. Кашкар менен Ташкентке бир күндө каттачу дешет. Минген аттары жакшы болгон баатырлар жоого оңой менен алдырышкан эмес.

Өткөн доорлордон калган издердин бири, көөнөргүс ата мурасы болуп Шырдакбектин коргону эсептелет. Шырдакбектин хан ордосу, көчмөндөрдүн бир борбору, ордо шаары Чолок-Кайың айылына жакын жайгашкан. Аны учурда шаарчанын калдыгы деп эсептөөгө болот. Чеп Ала-Буга суусунун өрөөнүндө жайгашкан. Чеп өзүнчө жалгыз эмес, аны шаарчалар деп атоо зарыл.

Бул шаарчалар 1945–1949-жылы археолог, окумуштуу А.Н.Бернштам тарабынан изилдеген. Комплекске Шырдакбектин чеби, чеп менен катар түштүк тарапта жайгашкан төрт күл, төрт күлдүн түштүгүндөгү дөбө жана чептен бир чакырым аралыкта жайгашкан анчалык чоң эмес төрт күл үлгүсүндөгү жай кирген.



Чеп төрт бурчтук формасында курулган, узуну 122,5 м, туурасы 117,5 мди түзгөн. Дубалдары өзгөчө ийленген чийки кыш менен тургузулган. Төрт бурчу бекем мунаралар менен кыналган. Дубалдын бийиктиги 6 м

болгон. Чыгыш, батыш жана түштүк тараптарында дарбазалар орнотулган. Чыгыш тарабынын бурчунда кербен сарайлар болгон. Чептин ичинде 25тей боз үйлөр тигилген. Дубалдын алды жазы, үстү куушурак келген, үстүнөн араба жүргөн. Дубалга коюлган кыштар, карахандар мезгилиндеги курулуштарына таандык болгон. Шырдакбектин коргонуна Чолок-Кайың Капчыгайы менен 10догон чакырым жер асты менен өткөн карапа (Гянк) түтүктөрү аркылуу таза суу алынып келип киргизилген. Суунун сыры Эркайым аркылуу душмандарга билинип калып, калмактар суу түтүкчөсүнүн оозун ордого суу киргизбей бекитип, бир апта кармап багындырып алган. Жер асты менен өткөн керамика түтүктөр цивилизациянын алтын бешиги байыркы Шумер өлкөсүндө кеңири колдонуп келген. Андан бери темир жана пластика түтүктөрдү гана ойлоп таба алды. Бул X-XII кылымга таандык курулуштар В.В.Бартольддун эмгегинде 1894-жылы биринчи эскерилет. 1959-жылы Э.П.Кожомяко, 1982-83-жылдары М.И.Масляковдор изилдешкен. Окумуштуу археологдор бул жерде "Канжыга багы" деген байыркы шаар болгондугун болжошот. Ушундай изилдөөлөрдөн, ооздон-оозго, муундан-муунга айтылып келе жаткан санжыра-уламыштардан хан Шырдакбектин реалдуу жашап өткөндүгүн билип, кийинки муундарга калтырышыбыз парз.

## Кыз-Коргон




Илгери жоокер-чилик мезгилде ошол аймакта жашаган элдин ай десе айдай, күн десе күндөй сулуу, ай чырайлуу, кымча бел кыз-келиндерин сырттан келгендер олжолоп алып кетип туруш-кан. Айласы

кеткен эл кыз келиндерин колдон чыгарбай, баскынчыларга бербеш үчүн мерчемдүү бир жерге катышып, душмандардан сактап келген. Бул жер Чолок-Кайың айылынан 65–70 километр түштүк батышта жайгашып, өзү мөңгүлүү бийик зоолор менен курчалып, шар аккан чоң суу, карагай черлүү коргон сыяктуу чуңкур жерден орун алган. Ошондон азыркы күнгө чейин «Кыз-Коргон» деп аталып калган. Бул жер көздүн жоосун алган кооз жер болгондуктан, айылдын кары, жашы дебей азыркы күнгө чейин эс алып, чер жазып келүүчү жайга айланган.

**Чомол капчыгайы**

Чомол – ажайып кооз, карагай черлүү, бадалдуу ажайып кооз жерлердин катарына кирет. Арал жайлоосунун күн чыгыш тарабында жайгашкан. Бул жайлоо кооз жерлердин катарын толуктап, Кыргыз жерлеринин көркүнө көрк, сулуулугуна сулуулук кошуп адамдын көңүлүн көтөрүп турат.

**Кашка-Суу жайлоосу**



**Куркурак-Зоо**

Кашка-Суу Арпа жайлоосунан кийинки жай-лоолордун бири. Бул жайлоонун аты айтып турган-дай эле суусу туптунук болуп, ичсең суусунуңду кандырат.

Куркурак зоо жөнүндө төмөнкүдөй уламыштар айтылат. Чындыгында эле бул зоонун түбүнө барган адамдарга зоодон дайыма куркураган үн угулуп турат. Биринчиден, зоо абдан бийик мөңгүлүү, өтө кууш тик капчыгайдан турат. Ошондуктан куркураган үн абанын бир жактан экинчи тарапка жогорулашынан пайда болушу мүмкүн. Экинчиден, ошол биз баяндап жаткан зоонун түбүндө бир айыл эл жашап турушкан. Күндөрдүн бир күнүндө катуу куркураган добушту угушкан, Андан бир аз убакыттан кийин жанар тоо (вулкан) атылып, бир айыл эл ошол зоонун урандысынын алдында калган дешет (вулкандык кратерлер бүгүнкү күнгө чейин сакталып турат).

## Кашка-Суу жайлоосунда жайгашкан көлдөр




**Самын-Көл** – түбүндөгү таштар самын сымал тайгак болгондуктан, аны эл «Самын-Көл» деп атап келишкен.

**Көк-Көл** – суусу ал дайым көпкөк тунук боюп турат. Тереңдиги 9–11 метрге барабар. Суусу таза, барган адамдын көңүлүн көтөрүп, ажайып кооздукту тартуулайт.

**Мазар-Көл** – аты айтып тургандай, ошол Куркурак-Зоонун айланасында жашаган эл мазар катары ыйык тутуп, өзүлөрүн мазарга тиешелүү салттарын ошол жерден өткөрүп сыйынышкан дешет. Ошондон бери бүгүнкү күнгө чейин ал көлдү «Мазар-Көл» деп аташып, мазар катары ыйык тутуп сыйынып келишет. Бүгүнкү күндө эс алуучулар бул көлдөргө барып эс алышып, табияттын сулуугуна өзүнчө таң беришет.







Жерге-Тал суусунун оң жээгинде 78 дөбө мүрзөдөн турат. Көрүстөндүн узундугу 600 м, туурасы 150 м. Бул мүрзөлордү 1945-жылы А.Н.Бернштамдын жетекчилиги менен Тян-Шань–Алай экспедициясы казуу иштерин жүргүзгөн. Бул дөбө мүрзөлөр б.з.ч. VI– б.з. II кылымдарына таандык экени аныкталган.

## 6. Кадыралы айылы




Кадыралы айылы Ак-Талаа районунун түндүк батышындагы эң четки айыл болуп эсептелет. Айыл райондун борборунан 65 чакырым, областтын борбору Нарын шаарынан 125 чакырым, Балыкчы темир жолунан 305 чакырым, Бишкектен 480 чакырым аралыкта жайгашкан. Кадыралы айылы турган жер деңиз деңгээлинен 2380 метрден 3200 бийиктикте жайгашкан, чыгышынан Нарын району, батышынан Кара-Ой айылы, түндүгүнөн Жумгал району, түштүгүнөн Жылан-Арык айылы менен чектешет.

Айылда 327 түтүндө 1140 калк жашайт, жеринин аянты 14225 га, сугат аянты 668 га. Мектеп, бала бакча, ФАП, китепкана, клуб, дарыкана, 2 тегирмен, мончо эл үчүн кызмат кылат.

Кадыраалы айылында саяк жана сарбагыш уруулары жашайт. Сарбагыш уруусунун келдике, Саяк уруусунун, чоро эли, чоңчарык уруусу кирет.

Кадыралы айылы болуп аталып калышы айыл кайыңдуу өзөндүн жээгинде жайгашып, кара топурактуу, бышыкчылыктуу ыңгайлуу жер болгондуктан, бул жер кадырлуу жер экен, Кадыралы айылы болсун деп Карга бабабыз атап кеткен.

Кадыралы айылында жашаган эл мурун өзүлөрүнүн уруусуна карап, ар кайсы кокту-колоттордо бөлөк-бөлөк

болуп жашап келген. Алгач 1929-жылы чачыранды элди бириктирип, Тилектеш жана 1-май кыштактары жана колхоздору уюштурулган. Адегенде өйүздөгү айылдар биригип, бир айыл кеңеши болуп түзүлгөн. 1930-жылы "Тилектеш" жана "1-май колхозу" 1932–1934-жылдары ТОЗ болуп уюшулган. 1934–1936-жылдары Артель болгон.

## Айылдан чыккан белгилүү инсандар



**Нуркул Кулназаров.**


Тилектеш айылынан кыргыз мамлекетин түптөөгө өз салымын Жусуп Абдырахманов, Абдыкерим Сыдыков, Касым Тыныстанов, Төрөкул Айтматов ж.б. сыяктуу эле, Тилектеш айылынын тургуну Нуркул Кулназаров элибиздин келечеги, рухий өнүгүүсүнө өз салымын кошкон.

1919-жылдан баштап Кеңеш өкмөтүнүн ишине активдүү катышып, ошол эле жылдын декабрь айында партиянын Нарындагы уюму тарабынан РКП(б) мүчөлүгүнө өткөн. 1920-жылы май айында Ташкен шаарындагы үч айлык мугалимдерди даярдоочу курстан өткөн. Нарын уезддик элге билим берүү бөлүмүндө инструктор болуп иштеген. 1923-жылдын июнь айынан – сентябрь айына чейин Нарын Угоркомунун агитация бөлүмүнүн башчысы, 1924-жылы Нарын Волостук аткаруу комитетинин төрагасы, Нарын Угоркомунун "Кошчу" союзунун төрагасы кызматтарында иштеген. Нуркул Кулназаров "Кошчу" союзунун башында туруу менен мамлекеттеги бир топ орчундуу иш чараларга тикеден тике катышкан. Алардын бири 1927-жылдын 7-12- мартында Фрунзе шаарында өткөн Кыргыз АССРинин кеңештеринин биринчи уюштуруу курултайына, 1927–1928-жылдары Кыргыз

АССРнин "Кошчу" союзунун борбордук комитетинин төрагалык кызматында иштеген. Нуркул Кулназаров 1937-жылдын 29-август айында күнөөсүз жерден күнөөлөнүп, 34-жаш курагында репрессияга кабылып, жалган жеринен "Социал-Туран" партиясынын көрүнүктүү ишмери деген күнөө коюлуп атууга кескен. "Ак ийилет, бирок сынбайт" дегендей Нуркул Кулназаров 1957-жылы акталган.

## Тарыхый жерлери

### Таш-Тулга



Манастын Таш-Тулгасы Соң-Көлдүн түштүк-чыгыш жээгиндеги Кумбел менен Тепши сайларынын аралыгында жайгашкан тарыхий археологиялык комплекс.

Көлдөн 2,5 чакырым аралыкта, деңиз деңгээлинен 3050 метр бийиктикте жайгашкан. Жайгашкан жери жайык түзөң келет. Бул аймак жайкы жайыт катары пайдаланылат. Таш тулганан тарыхый археология-лык мааниси өтө чоң. Мында кыдырата коюлган ар бири 8 таштан турган тогуз тулганы түзөт. Алар түштүктөн түндүктү карай созулат. Ар бир тулганын диаметри 335–366 см, ар бир таштын чоңдугу 91,3–152,4 см, таш тулганын бири-биринен аралыктары 11–44 м чейин. Төртүнчү жана бешинчи тулгадан алыс эмес жерде бир топ чакан дөбө бейиттер жайгашкан. 2 таш мамы бар. Булардан алысыраак 2 чакырым чыгыш тарапта дагы бир канча дөбөчө бейиттер бар. Алардын бийиктиги 153–183см, диаметри 9–15м. Бул археологиялык эстеликтерди жергиликтүү эл "Манастын Таш тулгасы", "Манастын Ак Куласынын мамысы" деп аташат. Мындай эстеликтер Алтай,Теңир-Тоо аймактарында кездешет. Уламыштарга

караганда, Манас ата Чоң казатка аттанарда ушул өрөөндө кырк чоросу менен өргүп машыккан жер делип айтылат. Изилдөө маалыматтарына караганда, дөбө мүрзөлөр б.з.ч. VIII-VI кылымдарга таандык.

**Кумбел Мазар** – бул жердин табияты эң эле кооз, анын айланасы карагай, арча, кайың, зоо курчап турат. Эң кызыктуусу, жайы-кышы бир суусу бир калыпта агат.

**Кожокелдинин үңкүрү** – бул киши өз убагында ушул үңкүрдө малын багып, келе турган душмандардын жолун тосуп туруучу экен.

**Жошонун үңкүрү** – бул үңкүр жөнүндө көптөгөн уламыштар айтылып келет. Үңкүрдүн ичинен суу тынымсыз тамчылап турат. Ал эми кышкысын ар түрдүү формадагы муздар үстүнөн саландап тоңуп калат, төр жагында тикесинен кеткен жарака бар, кырданса адам батып кетет, жаракадан муздак шамал уруп турат.

**Ордун коктусу** – илгери калмактар ушул коктудан ор казышып, колго түшкөн туткундарды орго салып турушчу экен.

**Ат-Кулак жайлоосу** – жайлоодо ат кулак аябай көп өсчү экен, азыр дагы эле өсөт. Ат-Кулак жайлоосунун так ортосунда үч бурчтук болуп жайгашкан илгерки чептин нугу бар, калмактардын чеби дешет. Түштүк тарабында эски көрүстөндөр бар.

**Салык-Үңкүр** – бул жөнүндө уламыштар көп айтылат, үңкүр жашыруун жерде. Аны билбеген адам оңой менен таба албайт. Ичине кирген адам таң калат. Атайлап кол менен жасап койгондой, үстү жагы маки менен оюп койгонсуган тактар, ал эми жерди тепкилесе, көңдөй эмедей дүңкүлдөп турат.

**Шаркыратма** – табигый жаратылыштын бергени, 10–15 м жерден суу шаркырап таштан-ташка тийип, жерге түшөт. Ача зоонун ортосунда күркүрөп аккан суусу, кууш капчыгай тар жолу бар. Манас баатыр калмактарды кыргыз жеринен сүргөндө, Ача аркылуу өтөм деп өтө алышпаптыр. Капчыгай тар болгондуктан, Аккула менен батпай конгон экен.

## 7. Кара-Ой айылы



Кара-Ой айылы Нарын дарыясынын түндүк жээгинде жайгашкан. Чыгышынан Кызыл-Белес айыл округу, батышынан Куртка айыл округу түштүгүнөн Ак-Тал, Жылан-Арык айыл округу, түндүгүнөн Бабык кырка тоолору аркылуу Жумгал району менен чектешет. Райондун борборунан 48 чакырым, областтын борборунан 98 чакырым, Балыкчы темир жолунан 300 чакырым, республиканын борборунан 450 чакырым аралыкта жайгашкан.

Айыл деңиз деңгээлинен 1850 метр түзөңдө, тоолордо 2450 метр бийиктикте жайгашкан. Айылда 730 түтүн, 4012 калк жашайт. Жалпы жайыт жери 19987 га, жакынкы жайыты 10193 га, ортоңку жайыты 5689 га, алыскы жайыты 4105 га, жалпы айдоо аянты 1730 га.

Тоголок-Молдо айыл аймагында саяк, бугу, тынымсейит, сарбагыш уруулары жашайт. Айылда орто мектеп, клуб, китепкана, бала бакча, маалымат борбору, ветсервис, чакан кол өнөрчүлүк боюнча устакана, кийим тигүүчү цехи, дарыканасы, чакан кредиттик айыл банкы, суу пайдалануучулар бирикмеси, жайыт пайдалануучулар бирикмеси эл үчүн кызмат кылууда.

Ички Теңир-Тоону мекендеген Кочкор, Жумгал, Кетмен-Төбөгө чейинки жер 1864–1865-жылдары Россияга каратылган. Үмөталынын карамагындагы сарбагыштар менен саяктарды Осмон датка башкарган. Тогуз-Торолуктар жана ак-талаалык саяктар Россияга

баш ийүүгө макул болбой эркиндик үчүн күрөшүп келишкен. 1867-жылы Теңир-Тоого полковник Полтарацкий баштаган аскердик жүрүштө Үмөтаалы орус бийлигине аргасыз багынып берген. Ал эми Осмон Тайлак уулу багынып берүүдөн баш тарткан.

Тоголок-Молдо айыл аймагынын эли өз алдынча Чоң-Арык, Кызыл-Эмчек, Көлмө, Кара-Булуң, Көк-Ой, Кара-Ой деген чакан айылдардан турат. 1929–1933-жылга чейин айылдар кооперативдерге бириксе, 1933-жылдан тартып, бул чакан кооперативдер колхоз болуп уюшулган. 1954-жылы алты чарба ирилешип, бир чарбага биригишкен.

### Тоголок Молдо



Кыргыз адабиятынын тарыхында өзүнүн бай мурастары, баалуу чыгармалары менен маанилүү орунду ээлейт. Ал өткөн доордогу калктын мүдө-өсүн тереңден козгоп ырдаган демократ акын жана чыгармаларын кагаз бетине түшүргөн кыргыз элинин тунгуч жазгыч жазуучусу болгон.

Тоголок-Молдо (Байымбет Абдрахманов) 1860-жылы Ак-Талаа районунун Куртка өрөөнүндө кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Абдрахман 14 жашка келгенде жетим калып, анын балалык күндөрү атасынын аталашы, атактуу комузчу жана ырчы Музоокенин колунда өтөт. Музоокенин улуу сөздөрүнөн, кыргыз элинин тарыхынан, уруулардын бөлүнүштөрүнөн курган аңгемелери, учкул сөздөрү тубаса шыгы бар Байымбетке таасирин тийгизип, адабиятка кызыгуу сезимин ойготкон. Болочок акын Музоокенин таасири менен дин мектебинен окуп, кат сабатын жоет. Кичинекей кара тоголок Байымбеттин Тоголок Молдо аталып калышы да ошо кат

тааныгандыктан калган. Тоголок Молдо чоң акын, манасчы, элдик ооз эки чыгармаларды жыйноочу, тамсилчи, санжырачы, чоң табып болгон. Анын зор таалим тарбия берүүчү «Кемчонтой», «Куштардын аңгемеси", "Мендирман", "Жети таз жана жеке таз», «Эшек менен булбул», «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы», «Иттин доолдай тиктирем дегени» ж.б. көптөгөн ырлары бар. «Үрпүкан», «Телибай тентек», «Өзгөрүш» деген көлөмдүү поэмаларды жазган. Ал 1914-жылы Курткада Калпа ажы тарабынан ачылган жаңы усулдагы мектепте окутуучу болуп иштегендигин белгилей кетсек болот. Анткени, ошол мезгилде сабаттуу адамдар аз болгондуктан, Тоголок Молдого окшогон билимдүү адамдар абдан керек болгон. Буга мисал катары, анын балдарга арналып жазылган "Чынчыл бала", "Жер жана анын балдары", "Турумтай" ж.б. чыгармаларын айтса болот. Буларды агартуучу балдарды окутканда пайдаланган болуш керек деп айтса да болот.

Тоголок Молдо Тыныбек жомокчудан үйрөнүп, «Манас», «Семетей», «Сейтек», «Жаңыл Мырза», «Жаныш Байыш» жана башка дастандарды жатка айткан. Акын 1890-жылы Кетмен-Төбөгө Токтогулду издеп барып, ырдын түйүнүн чечип, нускасын алган. Токтогул Тоголок Молдо менен айтышында төмөнкү ыр саптары менен билдирген:

**Байымбет Молдо булбулум,**
**Баарыдан чыккан туйгунум.**
**Бала чакаң аманбы,**
**Басынып жүргөн кургурум** – деп айткан.

1936-жылдан тартып Тоголок Молдо Илим изилдөө институту менен байланышта болуп, 2 жыл ичинде институтка 200 басма табакка жакын өзүнүн чыгармаларын жана кайра иштелген оозеки чыгармаларын тапшырган. Акын 1938-жылы Кыргызстан жазуучулар союзуна мүчөлүккө кабыл алынган. 1939-жылы Кыргыз искусствосунун Москвадагы декадасына катышып, өкмөт тарабынан «Ардак Белгиси» ордени менен сыйланган. Тоголок Молдо 1942-жылы дүйнөдөн

кайткан. Кыргыз коомчулугу тарабынан акындын 80 жылдыгын 1940-жылы, 100 жылдыгын 1960-жылы, 130 жылдыгын 1990-жылы, 150 жылдыгы 2010-жылы салтанаттуу белгиленди. Тоголок Молдонун эстелиги Бишкек шаарында жана Тоголок Молдо айылында орнотулган.

**Ак-Талаа районундагы Соң-Көл өрөөнүнүн чүрөгү Ак-Мөөр сулуунун тарыхы**



**Ак Мөөр Соң-Көлдүн жээгинде**

Ак-Талаанын айпериси, Соң-Көл чүрөгү аталып, акылы менен ай чырайы төп келишкен Мөөркан – Жанболот баатырдын эмчектеши Боркок баатырдын небереси, Боркоктун уулу кадимки Адыл бийдин кызы, Хан Жантайдын билгиликтүү кичүү аялы. Анын Өмүр, Саргалча, Ажы, Төлөмүш, Каратай атту жатындаштары жана башка атасы менен бир туугандардан тарагандардын көбү Ак-Талаа районунун айылдарында, алардын бири агартуу министри, партиялык, коомдук ишмер Мукаш Базаркулов Мөөркандын атасы менен бир туугандын тукумунан.

Адыл, Келдибек Кубат уулу менен эмчектеш. Мөөркан 1864-жылы Ак-Талаа чөлкөмүндө Адыл бийдин үйүндө

туулган. Аны атасы менен эмчектеш Келдибек багып алган. Келдибек кыргызга төбөсү көрүнгөн, Ак-Талаа, Нарын эмес, Чүй, Көлдөн бери кадырман баатыр адам болгон. Ашкан сулуу бакма кыз Мөөркан жаштайынан эстүү, өңдүү, түстүү чыккандыктан, жуучу көп түшкөн. Хан Жантай кайгуулдан келе жатып, Соң-Көлдүн жээгинен топ аккууларды көрүшүп, ата кетсем деп барганда, алар кыздар болуп чыгат. Жалгыз кыз тобунан бөлүнүп, аралап сүзүп кетет, денесин көрө албай Жантай билгилечи дейт. Жигити барып атын сурап келип, Мөөр экен дейт. Жантай Ак-Мөөр турбайбы деп коет. Ошондон Ак-Мөөр сулуу аталат.

1878-жылы Ак-Мөөр 14 жашында 53төгү Хан Жантайга баш кошот. Экөө ымалалуу, чыр-чатаксыз жашашкан. Болот жээни тууганчылык жолу менен 26 жашында Кеминге барган. Сый жолу менен пикир-тикирсиз узаган. Мөөр Жантайга баргандан кийин 9, Болот баргандан 6 жылдан кийин уулу Муңайтпасты 1887-жылы 23 жашында төрөгөн. Жантай биздин Муңду айтпаган уул болсун деп атын Муңайтпас деп койгон экен. Мунайтпас кезегинде эки карысына эки жигитти отургузуп басып турган, күрөшкө түшүп жүргөн балбан болгон. Ак-Талаадагы таякелерине келип-кетип турган. 1920-жылдары Нарында каза болгон. Муңайтпастан Чыныке, Жамалдин, Мария, Нурия, Алиман деген Ысык-Көлдө, Балыкчыда, Кеминде укум-тукумдары өскөн. Муңайтпастан кийин Мөөр Калый, Токтанай деген кыздарды төрөгөн. Ак Мөөр көзү өткүчө элдин, Жантайдын ага-туугандарынын ызаат сыйынан ажыраган эмес. Ак Мөөр Жантай менен 20 жыл өмүр сүрүп, 1899-жылы 35 жашында каза болгон. Сөөгү Кичи-Кеминдеги Жол-Булак айылына коюлган. Кийин эстелиги тургузулган.

Ак-Талаанын ааламдагы чакан жылдыздай Ак Мөөр сулуусун кыргыздар өз элинин ашкан сулуусу катары билишет. Ак Мөөрдүн атында жыл сайын республикада, областтарда ж.б. жерлерде сулуулар конкурсу өтүп турат.



**Нурак Абдрахманов**

**Нурак Абдырахманов** белгилүү комузчу, «Аттилахан», «Азаттык Камбаркан», «Сары-өзөк», «Найман эне», «Ата мурасы», «Сөн-Көл», «Улуу тоолор» жана башка көптөгөн улуттук классикалык үлгүдөгү күүлөрдүн автору, ошондой эле музыкалык аспаптарды жасаган чебер уста катары белгилүү. Болочоктогу кыргыздын залкар артисти атасы Абдырахмандын таасири менен 6 жаш курагынан эле комуз четип, аймакта «бала комузчу» деген ат менен белгилүү боло баштаган. Ал 12 жашынан тартып, Карамолдо, Ыбырай, Атай, Токтогул сыяктуу алп комузчулардын патефонго жазылган 40тан ашык күүлөрүн үйрөнүп, ар кандай концерт-салтанаттарда, сахналарда аткарган.

1962-жылы 15 жаш курагында кароо-сынакка катышып, алгач райондо, кийин областта жана республикалык сынактарда комузчулар арасында биринчиликти жеңип алган. Ошол жылдан баштап Шекербек Шеркулов, Абдыкерим Мокоев, Асаналы Кыштобаев, Абдырахман Кыдырбаев сыяктуу көптөгөн улуу өнөрпоздордун таалимин алат. 1964-жылы орто мектепти бүтүргөндөн кийин Токмоктогу Маданий-агартуу окуу жайына кабыл алынат. Кийинчерээк Муратаалы Күрөңкеев атындагы музыкалык-хореографиялык окуу жайда окуусун улантып, аны 1967-жылы бүтүрүп, эмгек жолун өз айылындагы клубдун

башчысы болуп иштөөдөн баштайт. 1967–1970-жылдары Тоголок Молдо айылында клуб башчысы, 1970–1974-жылдары Ак-Талаа райондук маданият үйүнүн башчысы болуп иштеп, маданият үйүнүн алдында комузчулар ансамблин, драмалык, хор жамааттарын уюштурган. «Шаттык» аттуу өздүк көркөм чыгармачылык ийримин түзөт. Бул чыгармачылык топтор тез эле «Сайра комуз», «Тогуз кайрык», «Эл чыгармачылыгы» сыяктуу телесынактарга катышып, республикалык деңгээлде дайыма биринчи орундарды жеңип алып турган. 1974-жылдан баштап, Ак-Талаа райондук балдар музыкалык мектебине мугалим болуп иштеп, кийинки жылы директорлук кызматка дайындалат. 1976-жылы балдар музыкалык мектептеринин республикалык конкурсуна катышып, гран-при сыйлыгын жеңип алып, Маданият министрлигинин «Ардак грамотасы» менен сыйланат.

1982–1986-жылдары Аламүдүн райондук маданият үйүнүн директору болуп иштеген. Бир кыйла жогорку даражадагы сыйлыктарды жеңгенден баштап, өзүнүн чыгармачылыгында да олуттуу өсүштөр болуп, комузчулук өнөрүндө күү жаратуу жагына ык коё баштайт. Алгач «Кулунчак», «Ата мурасы» күүлөрүн жаратат. “Кулунчак” күүсү шакирттери тарабынан республикалык деңгээлдеги конкурстарда аткарылса, «Ата мурасы» деген күүсү кыргыз-казак аксакалдарынын көптөгөн ыраазылык каттарын алууга арзыйт. Ага катар “Соң-Көл”, “Улуу-Тоолор” деген күүлөрүн жаратып, күүчүлүк өнөргө ишенимдүү кадам таштайт. 1983-жылдан баштап Аламүдүн районундагы “Аламүдүн” совхозунун маданият үйүнүн башчысы болуп иштеп турган убакта, республикада эң алгачкы «Мурас» фольклордук-этнографиялык ансамблин түзгөн. Ал ансамбль республикалык конкурстарда байгелүү орундарды жеңип жана 1986-жылы Москва шаарындагы Эл чарбасы жетишкендиктеринин көргөзмөсүнө ийгиликтүү катышып келген.

1987-жылдан Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз мамлекеттик филармониясынын "Камбаркан"

этнографиялык ансамблинин ырчы-солисти болуп иштеп калат. Анын аткаруусунда элге белгисиз эзелки эски элдик күү, ыр-обондордон баштап, XX кылымдын башында жашап өткөн Боогачы, Сыртпай, Сооронбек, Кашкаары, Атай, Муса, Калмураттардын чыгармалары элдин рух дүйнөсүнө жаңы дем менен тартууланып, сенсация жаратткан. Түркия, Германия, Франция, Бельгия, Португалия, Япония, Америка жана башка өлкөлөрдө гастролдо болгон.

2009-жылы "Нурактын күүлөрү" деген ат менен 17 залкар күүсүн нотага түшүрүлүп, өзүнчө китеп болуп чыккан. Нурак ага жеке эле күү чыгарып же ырдабастан, чебер уста болуп темир комуз, комуз, кыл кыяктардын көптөгөн түрлөрүн жасаган. Кыргыз санжырасын жакшы билип, кыргыздар жөнүндө бир нече китептерин жазган. Ал эстрада жаатында да чыгармаларды жаратып, алардын бири "Аппак сүйүү тартуула" аттуу ырын эл жылуу кабыл алды.

1989-жылы Кыргыз Республикасынын эмгек синирген артисти, 2012-жылы Кыргыз Республика-сынын эл артисти наамын алган, маданияттын мыкты кызматкери, көптөгөн сыйлыктардын ээси, миндеген окуучулардын устаты болгон. 2014-жылы 25-майда узак оорудан кийин 67 жаш курагында жарык дүйнө менен коштошту.

### Жарыктөш

1995-жылы 25–29-августта эл аралык деңгээлде өткөрүлгөн улуу "Манас эпосунун 1000 жылдык" маарекесинде күлүктөрдөн дүйнөлүк жарышта узак аралыкка же 1609 чакырым аралыктагы жарышта Ашхабаддан башталган дүйнөнүн башка өлкөлөрүнөн келген күлүктөрдү артка таштап, супер марафондо биринчи чыгып келген, дүйнөнү дүңгүрөткөн Ак-Талаанын айтылуу күлүгү. Күлүктү чоң маарекеге таптаган саяпкер Оңол, демөөрчүлүк кылган Кемел Ашыралиев болгон.

Жарыктөштүн түпкү тегине токтоло турган болсок, Кара-Ой айылынын тургуну, эмгектин жана согуштун

ардагери Өмүракунов Орозалыга уулду болгондо, Куртка айылынын тургуну, бир тууган жездеси Райымов Апил энчилеп, жакшы бээнин тукумунан мал кылып ал деп ургаачы тай берген. Ошол тай керилген бээ болуп, ошондон Жарыктөш туулган. Тай кезинде эле керилген сындуу болгондуктан, муну ат кылып минели деп уулу Райымбек жакшылап багып чоңойткон. 1992-жылы жазында Райымбек аары багып, бал челек кармап жайлоого чыгат. Жездеси Апил ошол убакта Шабырдын оозундагы Бугу-Учкан деген жердеги сарайында болот. Райымбек бир күнү эжеси Өмүракунова Бүбүажарга учурашканы кунанын минип барганда "бул кайсы кунан, буюрса жакшы мал болчудай түрү бар, таптасаң күлүк чыгат, мойубаган ат болот"- деген экен. Анда Райымбек баягы сиз берген бээнин тукумунан, ушуну ат кылып минели деп чечтик дейт. Ат жалында өскөн, жылкы баласынын сырын жакшы билген саяпкерчилик жөндөмү бар жездеси кантип таптоо керек, кантип суутат жана атка кандай мамиле жасашты 2 күнү жанынан чыгарбай үйрөтөт. Ошондон кийин 1993-жылы Соң-Көлдө малчылардын тоюнда кунан чабышта биринчи болуп маарага келип байге алат. Райымбектин атка болгон кызыгуусу саяпкерчилиги ушул жарыштан кийин башталган.

1994-жылы Мусакожонун 150 жылдык тоюнда быштыдан асыйга караганда күлүккө чабылып, биринчи болуп келет. 1995-жылы Улуу Жеңиштин 50 жылдыгына карата уюшулган областтык ат чабышта биринчи орунду алган. Жарыктөш болуп аталып калышы кунан чагында короонун булуңундагы тосулган тикенек зымдан секирип төшү тилинген. Ошондон кийин Жарыктөш деп аталып калган.

### Кара-Ой айыл аймагынын жайлоолору

Соң-Көлдөн ылдый Кум-Бел деген жерде алтын чайкалчу дешет. Кичи Бооралбаста Тузбулак деген жеринде кайнатса, эң жогорку сапаттагы туз чыккан. Ички жайлоолору Бооралбас, Сары-Иймек, Шоргоо,

Бабык-Тоо кыркаларында аркар, кулжа, эчки, теке, эликтери, сүлөөсүн, суусар, илбирс, түлкү, карышкыр жаныбарлары ж.б. тоо канаттуулары бар.

## Кара-Ой айыл округундагы күмбөздөр

Келдибек бийдин күмбөзү эки кылым убакыттан бери бузулбай турат. Тоголок Молдонун күмбөзүн 1990-жылы 130 жылдыгында жаңыртышкан.

## Бабык тоосу

Молдо-Тоонун туш тарабы Куртка, Көл-Суу, Бооралбас, Шорго, Аккөл-Суу (Нарындын оң куймасы) сууларынын алабында кендик багытта ийилип жатат. Узундугу 28 км, туурасы 8 км, орточо бийиктиги 3000 м, эң бийик жери 3388 м. Тоонун кыры түзөң келип түндүк капталы кыска. Куртка суусунун өрөөнүнө тик түшөт, туш капталы жазы, терең кокту-колоттуу, аска жарлуу. Батыш бөлүгү Куртка суусу тарапка тик түшүп, терең капчыгайды пайда кылат. Тоонун чыгыш бөлүгү Ача-Таш тоосуна уланып кетет. Капталдарында кургак талаа жана Альпы шалбаа ландшафттарына мүнөздүү жайыт.

## 8. Кара-Бүргөн айылы




Кара-Бүргөн айылы чыгышынан Ак-Чий жана Үгүт айылдары, батышынан Коңорчок айылы, түндүгүнөн Тогуз-Торо, түштүгүнөн Ат-Башы райондорунун аймактары менен чектешкен.

Деңиз деңгээлинен 2200–2600 метр жогору бийиктикте жайгашып, климаты татаал алыскы калктуу конуштардын катарына кирет.

Республиканын борбору Бишкек шаары-нан 510 чакырым, областтын борбору Нарын шаарынан 150 чакырым, ал эми райондун борбору Баетов айылынан 28 чакырым алыстыкта жайгашкан. Жакынкы темир жол станциясына чейинки аралык 360 чакырым. Ошондуктан жол катнашы, жүк ташуу жумуштары авто-транспорт аркылуу ғана



жүргүзүлүп келет. Кара-Бүргөн айылы аркылуу Бишкек–Балыкчы–Нарын–Казарман негизги автожолу өтөт.

Айыл чарбасына жарактуу жери 33467 га, айыл чарбасына жараксыз жери 33853 га, айылдык Кеңештин территориясы 118,4 чарчы чакырым.

Айдоо жерлер негизинен мөңгүнүн эсебинен гана сугарылат. Айыл чарба, маданий өсүмдүктөрдөн буудай, арпа, беде, эспарцет, картошка, жүгөрү өндүрүлөт. Кара-Бүргөн айылында 520 түтүндө 2283 адам жашап турат.

Айыл чарбасында айыл калкынын 85%и эмгектенишет. Бул өндүрүш айылдын калкынын, жашоосунун негизги булактарынын бири болуп саналат жана жашоо шарттын оңолушу ушуга байланыштуу болот.

Кара-Бүргөн айылдык кеңешинин аймагында ажайып кооз жайлоолор, тоолор, курорттук аймак болууга ылайыктуу жайлар жайгашкан.

Арпа, Кашка-Суу, Ак-Сай жайлоолорунда жайкысын малчылар мал багып келишсе, эс алуучулар жаратылыш менен таанышып, ден-соолуктарын чыңдап келишүүдө.

«Жылуу-Суу» келечекте республикалык маанидеги курорттук, ден-соолукту чыңдоочу зонага айланаары шексиз. Анын суусунун дарылык касиети күчтүү, көп ооруларга шыбаа болоору эчак эле илимий негизде далилденген. Ал эми «Бөйрөк» туз кенин иштетүү эми гана башталууда.

Кара-Бүргөн айылынын тургуну, 82 жаштагы Акматалиев Арстанбектин жана башка аксакалдардын айтуусуна таянсак, Кара-Бүргөн айылынын алгачкы аталышы Туткуй өрөөнү болуп, бул өрөөнгө Дарбаза, Айлама, Көк-Көл, Саз, Туюк-Суу, Кара-Жар, Орто-Саз, Көк-Колот, Арча-Дөбө, Кара-Бүргөн, Жабыр деген айылдар кирген. Бул айылдар урууларга карап жайгашкан. Өрөөндө кушчү, моңолдор, саяк, Богөнөк, Тилек уулу, Черик, Чымынтай, Көксоюл, Ак-Багыш, Калмак, чөкөлөк, чычкан уруулары жашайт. Саз айылында орус улутунан он чакты үй-бүлө жашап там салып, огороддоруна сабиз, пияз, помидор, коон, дарбыз айдашкан. Коон көп айдагандыктан, "Коон колот" деп аталган жер бар. Орустардын жашап өткөндүктөрүн далилдеген орустардын мүрзөлөрү бар. 1917-жылы Октябрь революциясы жеңгенден кийин көчүп кетишкен. 1928-жылы бытыранды чарбалар биригип, "Дарбаза" ТОЗу уюшулган. ТОЗду Бегелов Абдраим жетектеген. Жеке дыйкан чарбалары биригишип, дыйкан чарбаларды Турумов Базаркул жетектеген. "Өзгөрүш" колхозу 1931-жылы уюшулган "Кара-Жар", "Дарбаза", "Саз" дыйкан

бирикмелери кошулуп, 1932-жылы "Саз" колхозу уюштурулган.


Азыркы Кара-Бүргөн айылы 1956-жылдан баштап негизделген. 1958-жылы толук эмес орто мектеп, дүкөн, айылдык кеңештин жана колхоздун кеңсеси курулган.

Бүгүнкү күндө Кара-Бүргөн айылында орто мектеп, маданият үйү, бала бакча, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, коомдук мончо, 5 тегирмен, байланыш бөлүмчөсү, мечит коммуналдык кызмат көрсөтүүдө.

## Тарыхый жерлери

### Кара-Бүргөн

Азыркы Кара-Бүргөн айылынын ушундай аталып калышы, бир кездерде айыл турган жерде жалаң шыпыргы сыяктуу кызыл куурай өскөн экен. Ушул куурайды кара бүргөн деп аташчу, ошондон улам айылдын аты Кара-Бүргөн деп аталып калган.



### Жаман-Даваң

Жаман-Даван суусунун башында Жаман-Даван тоосу жайгашкан. Жаман-Даван тоосунун түндүк капталында Ак-Сай таш көмүр кени жайгашкан. Ушул тоодон түшкөн суунун агымы катуу болгондуктан, суу кирип турганда атчан адамды, малды агызып кетип турган. Ошондон улам Жаман-Даван деп аталып калган.

### Конокбай-Үңкүр

Кулжа-Башат деген жерде Конокбай-Үңкүр деген жер бар. Конокбай-Үңкүрүнө кыштын күнү ичине 10–15 киши батат, ичине от жагып жашай берсе болот. Мумие тамган аска таш бар, 1960–1970-жылдарда билген кишилер

дарылыкка деп 10–15 күндөп жатып, тамган убакта тосуп келишчү. Анын тамган убагы апрель–май айлары, жарадар болгон кийиктер ошол жерден барып жаратын жалап айыгып кетет деп көп айтылат.



### Ажыдаар-Ийин

Кулжа-Башат тоосу ушунчалык чоң көлөмдүү бийик тоолордун катарына кирет, болгону тоонун башында бир гана булагы бар. Ошол булакка жакын жерде адамды кызыктырган, легендалуу ажыдаар чыккан, анын ийни жана ажыдаардын изи делген жол бар. Ажыдаар-Ийиндин оозунун узуну, туурасы 1,5 метрдей келет, ал эми сойлоп кеткен изине кенен бир чоң машина баткан түптүз жол. Нарын дарыясын карай кетет. Ажыдаар ийинден чыгып сойлоп, Нарын дарыяга түшүп кеткен деп айтылат.

### Бөйрөктүн Тузу

Кулжа-Башат тоосунда Бөйрөктүн тузу деген туз шахтасы бар. Тузду бир кездерде кол менен казып алып Ала-Тоо артели аркалуу Нарын, Ат-Башы райондорун туз менен камсыз кылып турган. Бөйрөктүн Тузу мөл туз болгондуктан дарылык касиетке ээ.

### Жылуу-Суу мазары

Айтылуу "Жылуу-Суу" мазарын билбеген Ак-Талаа эли болбосо керек. Анын касиети өзгөчө тери ооруларына миңдин бири. 1933-жылы ал кездеги "Саз" айылынын

тургуну Бакыбаев Насырынбек 50 койго Нарын шаарынан азыр да турган чоң ваннаны жүктөтүп келгендиги белгилүү. Жылуу-Суунун температурасы 34–36 градус, курамында көптөгөн минералдык заттар бар. Курамы боюнча Камчатка (Россиядагы), Жыргалаң (Ысык-Көлдөгү) сууларга окшош.

## Кремль-Зоо



Кашка-Суу жайлоосундагы тоодо өтө тик келген аскалар Кремлге окшош болгондуктан, Кремль-Зоо деп атап коюшкан. Айтылуу "Кремль-Зоо" жаратылыштагы эң бир өзгөчө кооз зоо. Анын Кремль деп аталып калышы көргөн адамга Кремлдин куду өзүндөй көрүнөт.

## Жылуу Суу байыркы көрүстөнү

Ак-Талаа районунда, Кара-Бүргөн суусунун тектиринде, Кара-Бүргөн айылынан 15 км аралыкта жайгашкан 28 таш дөбө мүрзөдөн турат. Бийиктиги 0,15–0,18 метр, диаметри 6–14м. Мүрзөнүн түндүк-батышында төрт чарчы таш коргондор (5х5) бар. 1982-жылы М.И. Москалёв баяндап жазган, бирок казып изилдөө иштери жүргүзүлө элек.

## Коргошун кени

Ак-Талаа районунда коргошун кени Кара-Бүргөн жана Коңорчок айылдарына тиешелүү Батыш, Ак-Шыйрак тоосунун түндүк-чыгыш аймагында кездешет. Кызыл-Кыр, Кулжа-Башат, Кыргоо коктуларынын төрүндө жайгашкан. 1930–1940-жылдарда Сүттүү-Булактын маңдайында Ала-Буга дарыясынын өйүзүндө Ак-Терек деген жерде коргошунду иштеткен очоктордун калдыгы азыркы кезге чейин бар. Ошол убактагы жергиликтүү мергенчилер коргошундан ок куюшуп пайдаланышкан.

## 9. Коңорчок айылы




Коңорчок айылы деңиз денгээлинен 1825–3626 метр бийиктикте жайгашкан. Райондун борборунан 45 чакырым, областтын борборунан 174 чакырым, Балыкчы темир жолунан 354 чакырым, республикадан 534 чакырым аралыкта жайгашкан.

Коңорчок айылында 307 түтүн же 1458 калк жашайт. Жайыт жери 13500 гектар, айдоо аянты 816 гектар.

Айылда мектеп, ФАП, клуб, бала-бакча, спорт комплекс, техсервис, ветсервис, мечит, пиларама, тегирмен, дарыкана, 3 парк эл үчүн кызмат кылууда. 2013-жылы Ак-Сай каналын курууга 83 миллион сом каралып, мурунку 700 гектарга суу чыгып, 500 гектар, жер өздөштүрүүнүн астында.

Коңорчок айылы болуп аталып калышында Сүттүү-Булактан баштап, азыркы Коңорчок айылы турган жер, Бел-Кырчынга чейинки өрөөндө коңорчок (тикен) көп өскөндүктөн, Коңорчок деп аталып калган. Жайлоолору Ак-Сай, Көк-Сай, Арпага чейин жайлашкан.

Алгач 1928-жылдан баштап ар бир айыл чогулуп ортолукка, мүчөлүккө өтүшкөн. 1929-жылдан баштап артель уюштурула баштаган. Байлардын малын ортого алып кедейлерге таратып берген. Ак-Сай, Коңорчок артелдери уюшуп 3 бригадага бөлүнгөн. "Коңорчок" колхозу болуп, 1935- жылы уюшулган. Алгач колхоздун башкармасы болуп Анапия Казыбаев шайланган. "Коңорчок" колхозу 1958-жылдан баштап "Осовиахим" колхозуна кошулуп, эки чарба биригип, Ленин атындагы колхозу болуп жаңы уюшулат



## Чолок-Коргон

Чолок-Коргон чеби Кара-Талаа капчыгай-ынын оозунан 3 чакырым жерде Коңорчок айылына кеткен жолдун боюнда тектирчеде жайгашкан.

Чептин дубалдары ылайдан аябай ийленип, бакса менен согулган. 8 бакса дубалдан турат, ар бир баксанын бийиктиги 0,50 метр, калыңдыгы асты 1 метрге чейин үстү 0,60 метр. Чептин капталдары төгөрөктүн төрт бурчун карайт. Түштүк дубалдары чакан суу жаткан терең сайдын жээгиндеги жарды бойлой кетет. Планы боюнча төрт бурчтук түрүндө. Түндүк жана түштүк дубалдары 26,5, чыгышы менен батышында бурчтарындагы мунаралардын диаметрин кошуп алганда 53 метрди түзөт. Чептин бурчтарында 3 метрге чейин алдыга чыгып турган мунаралары бар. Мунаралар сүйрүрөөк келген тегерек планда, төбөсү кесилген конус түрүндө. Батыш жана чыгыш дубалдарында кошумча дагы бирден мунаралары бар, алар түштүк жагындагы дубалга жакын, батыш дубалдан 27 метр алыстыкта.

**Сүрөттө көрүнгөн сакталып калган түштүк тарабындагы дубал**



Мунаралар конус тибинде болуп 11 кабат баксадан тур-гузулган жалпы дубалдан бийик болуп ашып турат. Мунаранын дубал-дарында жылгык

түрүндөгү согуштук көзөнөктөр бар, алар дубалдын ичиндеги ачык баксанын ортосунда жайгашкан.

Түштүк тарабында өзүнчө имараттардын дубалдарынын изи сакталып калган. Чептин батыш, түндүк батыш тарабында дарбазасы болгон. Каптал тараптарынын дубалдары туюк болгон.

Чолок-Коргондо Кокон хандыгынын тушунда башчылары болгон, алар жергиликтүү элден салык алып Коконго жеткирип турушкан. Чолок-Коргон улуу жибек жолунун боюнда жайгашкандыктан, соода борборунун да ролун аткарган.

Соодагерлер Кашкардан, Андижан тараптан алып келген өзүлөрүнүн буюм-тайымдарын соодалап турган. Чолок коргон XIX кылымга таандык. Бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган чептер өтө сейрек кездешет.

## Кара-Бүргөн айылынан чыккан белгилүү инсандар



**Базаркулов Мукаш.** 1935-жылы Кара-Бүргөн айылында туулган. 1955-жылы Нарын шаарында Мугалимдер институтун, 1962-жылы КМУнун Филология факультетин, 1955–1965-жылдары 1-Май орто мектебинде мугалим, райондук билим берүү бөлүмүнүн инспектору, башчысы болуп иштеген. 1965–1968-жылдары Кыргызстан КП Ак-Талаа райкомунун уюштуруу бөлүмүн башчысы, 1968–1970-жылдары Кыргызстан КП БКда инструктор, инспектор, 1971–1979-жылдары Талас райкомунун биринчи катчысы, 1979–1991-жылдары билим берүү министри, 1992-жылы Чүй областтык билим берүү башкармасынын башчысы болуп иштеген.

Кыргыз ССР Жогорку Советине 4 жолу депутат болуп шайланган. Эмгектеги ийгиликтери үчүн 1973-жылы

"Эмгек Кызыл Туу", 1977-жылы "Октябрь Революциясы", 1981-жылы "Ардак Белгиси" ордендери менен сыйланган. 1985-жылы Кыргыз ССР Жогорку советинин Президиумунун "Ардак Грамотасы" менен сыйланган. 1994-жылы КРнын "Эмгек синирген мугалими", 2000-жылы "Даңк" медалы менен, 2005-жылы «КР Эл мугалими» наамын алган.



**Жумагулов Мааметайып** 1949-жылы 24-июнда Кара-Бүргөн айылында туулган. Ал философия илимдеринин доктору (1994), профессор (1997), эл аралык коомдук Айтматов академиясынын академиги (1998). 1970-жылы Пржевальскидеги мамле-кеттик педагогикалык инсти-тутунун физика-математика факуль-тетин артыкчылык диплому менен бүтүргөн. 1970–1973-жылдары ошол эле институттун философия жана илимий коммунизм кафедрасынын окутуучусу, 1973–1976-жылдары КМУда аспирант, 1976-жылдан Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын философия жана укук институтунда кенже, улук, жетектөөчү илимий кызматкер, 1992-жылдан бүгүнкү күнгө чейин философия жана социалдык экологиянын проблемалары бөлүмүнүн башчысы, ошол эле учурда 1996-жылдан И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин Философия кафедрасынын профес-сору, 2000-жылдан Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин философия жана саясий укук илимдеринин кафедра-сынын башчысы.

М.Жумагулов диалектика жана таанып билүү теориясы боюнча республикадагы белгилүү окумуштуу, «Байланыш» категориясын, экологи-янын философиялык

маселелерин изилдейт. Бул проблемалар боюнча бир нече монографиялары, жетимиштен ашуун илимий макалалары жарыяланды.

Республиканын илим жаатына кошкон салымы үчүн 2000-жылы Кыргыз Республикасынын «Ардак» грамотасы менен сыйланган.



**Жыргалбеков Турду.** 1932-жылы Коңорчок айылында туулган. 1985–1990-жылдары Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаты, тарых илимдеринин доктору, академик. 1955-жылы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтун, 1961-жылы Москвадагы жогорку партиялык мектепти бүтүргөн. 1952–1958-жылдары Ак-Талаа районунда билим берүү системасында, райондук газетада редактор болуп иштеген. 1961–1968-жылы Ош областтык газетинин редакторунун орун басары, Кыргызстан КП БКда инспектор болгон. 1978–1983-жылдары Эл депутаттарынын Кант райкомунун төрагасы, 1983–1986-жылдары Кыргызстан КП Чүй райкомунун 1-катчысы, 1986–1993-жылдары КРнын туризм жана экскурсия боюнча советинин төрагасы, 1990-жылдан “Кыргызтур Бишкек турбазасы” акционердик коомунун генералдык директору, ошол эле мезгилде КМУУда Туризм бизнес жана менеджмент институтунда кафедра башчысы болуп иштеген.

50дөн ашык илимий эмгектин (7 монография, 9 брошюра, окуу куралы) автордук күбөлүктөрдүн ээси.

## 10. Кош-Дөбө айылы



Кош-Дөбө айылындагы б.з.ч III кылымга таандык эки дөбөнүн көрүнүшү.

Кош-Дөбө айыл өкмөтүнүн борбору Кош-Дөбө айылы 1929-жылы негизделген. Нарын – Макмал жолунун боюнда, райондун борбору Баетов айылынан 90 чакырым түштүк-батышта, Нарын шаарынан 220 чакырым, Балыкчы темир жол бекетинен 420 чакырым, Бишкек шаарынан 560 чакырым аралыкта, дениз деңгээлинен 2200 метр бийиктикте жайгашкан. Түштүгүнөн Өзгөн, түштүк-батышынан Сузак, түндүк-батышынан жана түндүгүнөн Тогуз-Торо райондору менен чектешет. Чыгыш тарабынан Ак-Талаа районунун Жергетал айыл өкмөтү менен чектеш. Айыл өкмөтүнүн жалпы аймагы 976 чакырым. Айыл чарбасына жарактуу жери 53357 га, анын ичинен айдоо аянты – 1450 га. Калктын саны 2009-жылдын 2-апрелине карата эл жана турак жай фондусун каттоо боюнча 3545 адам. 1937-жылга чейин Ак-Талаа, 1937–1962-жылдарда Тогуз-Торо, 1963-жылдан кайрадан Ак-Талаа районунун карамагында болгон.

Азыркы убакта айылда орто мектеп, ФАП, байланыш бөлүмү, маданият үйү, бала бакча, 4 тегирмен, 3 дүкөн, 20 майда соода түйүндөрү, АРИС тарабынан уюштурулган тигүү цехи, жыгач иштетүүчү цехи, тегирмен, айылдык ден соолук комитети тарабынан (АДК) ачылган чач тарач, кийим тигүү цехи айыл элин үзгүлтүксүз тейлөөдө.

Айылда 80ге чукул ар кандай жеңил автомашина, 20 жүк ташуучу автомашина, 18 айыл чарба техникалары бар. Быйылкы жылы ири мүйүздүү малдын саны 2025ке, жылкы 2510го, кой эчки 17057, канаттуунун саны 1415ке жеткен. 2011-жылга карата калктын саны 3760, 870 түтүнгө жеткен.



Кош-Дөбө айылындагы сакталып калган байыркы көрүстөндөр

Кош-Дөбө айылы жайгашкан өрөөн мурда «Мынакелди» деп аталган. 1929-жылга чейин эл уруу-уруу болуп, ар кайсы кокту- колоттордо чачырап жайгашкан. Совет бийлиги 1926–1927-жылдары кеңири жайылып, жер-жерлерде кедей дыйкандарды уюштуруп «ТОС», жерди ортоктоштуруп иштөө, «Артель» уюштуруу иштери жүрө баштаган. Ушул мезгилде өрөөндө коммунисттик партиялык уюмдар, комсомол уюмдары түзүлгөн. Биринчилерден болуп Борчуков Жолоочу, Молдошов Кендейлер, катчысы Кастанбеков Рысаалы дайындалат. 1931-жылы жерди шериктешип иштетүү уюму уюштурулган. Алгачкы жолу 29 түтүн эл бириккен. Биринчи жетекчи болуп Кыдыралиев Куронкой шайланган. Калк «Мынакелди» суусунун өйүз-бүйүзүнө отрукташа башташкан. Азыркы Кош-Дөбө айылындагы алгачкы тамдарды Акунов Шамен, Кыдыралиев Куронкой, Одоев Байтемир, Султанов Матибраим, Алманбетов Шералы, Мамбеталиев Кадыркул, Бечелов Эстебес салышкан.

1932-жылы түтүндүн саны 190го жеткен. 1933-жылы ТОЗ жоюлуп, «Кош-Дөбө» жана «Съезд» колхоздору уюшулган. Революция жеңип бийлик Советтерге тийгенден кийин, ар кайсы жерлерде айылдык кеңештер уюушула баштаган. 1934-жылы «Мыкаачы» айылдык кеңеш уюшулуп, буга Ак-Чийден баштап Кош-Дөбөгө чейин кошулган бир айылдык кеңеш болгон. 1936-жылы Кош-Дөбө айылдык кеңеши болуп түзүлүп, төрагалыгына куланактык Атамкулов, катчылыгына Моңолов шайланган. "Съезд" менен "Кош-Дөбө" колхоздору бириигип, "1-Май" колхозу болуп 1940-жылы уюшулуп, "Съездеги" элди Кош-Дөбөгө көчүрүп келген. Колхоздун башкармасы болуп 1940–51-жылы Борсунбаев Жунус иштеген. Борсунбаев Жунус иштеген учурда колхоздун экономикасын бир кыйла өнүгүп, элдин маданияты жогорулаган.


## Мынакелди суусунун өрөөнүндөгү Чалдыбар шаарынын урандысы








Кош-Дөбө айыл округунун аймагындагы, Мынакелди суусунун өрөөнүндөгү, чалдыбар шаарынын жайгашкан жери.





*Музейдеги Мынакелди*
*шаар чалдыбарынын сүрөтү*

{ош-Дөбө айылындагы Мынакелди суусунун сол гинде Алабуга дарыясына куйган жерден өйдөрөөк ıде Чалдыбар шаарчасынын урандысы кездешет. Кош-ıө жолун улай Ак-Мойнок, Ой-Кайың ашуулары ылуу улуу жибек жолу Өзгөнгө, Фергана өрөөнүнө

кеткен. Кош-Дөбөдөн чыгышты карай жолдун жээгинде турган Шырдакбек чебине, андан Чолок-Коргон чебине келип, андан Дөрбөлжүнгө, Ат-Башыга, Жаман-Даван ашуусунан Арпага, андан Ак-Сайга, Торгарт ашуусу аркылуу чыгыш Түркстанга жол кеткен.

Мынакелди суусундагы Чалдыбар жана Шырдакбек чеби, Чолок-Коргон чеби эң башкы жол болгон Ферганадан чыгыш Түркстанга кеткен жолдорду тосуп турган. Чалдыбар суусуз, кургак, тегиз аянтка жайгашкан. Анын айланасында кыргыз көрүстөндөрү орун алган.

План боюнча бул төрт бурчтуу имарат түндүк жана түштүк дубалдарынын узундугу 57–85 метр, ал эми чыгышы менен батышынан узундугу 59–80 метр. Курулуш түрдүү көлөмдөгү чийки кыштан тургузулган. Түштүк чыгыш жана түндүк-чыгыш мунаралары блоктордон көтөрүлгөн. Мунаралар тегерек планда диаметри 3,50 м сыртка 1,55 метрге чейин чыгып турган. Мунараларда согуштук көзөнөктөрдүн изи бар. Дубалдын түбү 2 м чейин калың болуп, жогору жагы жукарып кеткен. Дубалдын бийиктиги 4,70 метр болгон.

Ураандынын ичинде бул курулуштун көрүнүшү төмөнкүдөй болгон, түндүк жана түштүк дубалдарында имараттын ички бөлүгүнө түз кирип бара турган дарбаза орнотулган, чыгыш жана батыш дубалдарында ичке кире турган каалгалар болгон. Казуу учурунда VI-VIII кылымга таандык корполор табылган.

Бул курулуш-турак үйдүн коргонууга да ылайыкталып тургузулганын бекемделген дубалдар, мунаралар жана коридорлор айгинелеп турат. Жалпысынан бул бекемделген Кербен-Сарай соода борбору болгону болжолдонот. Анын Термездеги Кырк-Кыз, Ташкенттеги Ак-Тепе имараты менен окшош экенин окумуштуулар далилдеген.

Мынакелди суусунун боюндагы чалдыбар, чеп шаарчасы VII-VIII кылымга таандык. Бул маалыматтар Александр Натапович Бернштамдын 1944–1945- жана 1949-жылдардагы экспедициялардын учурунда чогултулган маалыматтардан алынган.

**Бычан жайлоосундагы "Аскасан" таш тарыхый мурастары**



*Казандардын, оокаттарынын, жайган куруттарынын жана жүктөрүнүн ташка айланган көрүнүшү*


Кош-Дөбө айылында качандыр бир замандарда ач көз бай жашаган экен, ал өзүнөн башка адамдарга жардам бербестен, өзүм деп гана жашаган. Айылдагы кедей-кембагалдар жардам сурап кайрылышса, аларга өзүндө толгон малы, дүр-дүнүйөсү толуп турса дагы, жардам бербей, кудайдын каарына калган экен. Кудай тааланын каргышына калып, эч кимге жардам бербей өзүм деп жашаган байдын бар мүлкү, оокаты ушинтип ташка айланып калган деп айтылат уламыштарда.

## Араб өлгөн бел

Кокон хандыгы Тайлак баатырды кармап келүү үчүн, 500 сарбазы менен Араб баатырды Куртка айылына жиберет. Бул кабарды уккан Тайлак баатыр өзүнүн жигиттери менен Араб баатырды тосуп "Бычан" жайлоосуна барганда кеч бешим болуп калып, Араб баатыр уктап жаткан болот. Тайлак баатыр уктап жаткан адамга кол кайтарбайт деп аскерлери менен өзүнчө өргүп, ушул жайлоодо эртесинде Араб баатыр менен жекеге чыгып,аны найза менен сайып өлтүрөт. Кол башчысы өлгөн Арабдын жигиттери качып жөнөшөт. Тайлак баатырдын жигиттери артынан кубалап баарын тындым кылат. Мына ушул кармаштан кийин бул жер "Араб өлгөн бел" деп аталып калган.

*Кош-Дөбө айылындагы байыркы көрүстөндөрдөн табылган араб тамгасы менен жазылган Куран*





*китебинин сакталып калган жана күмбөздүн үстүнкү түндүгүнүн көрүнүшү.*

## 11. Куртка айылы




Куртка айылы Куртка суусунун боюнда, Нарын дарыясынын түндүк жээгинде жайгашкан, бышыкчылыктуу, тарыхый жерлерге, баатырларга, атактуу инсандарга бай айыл.

Айыл чыгышынан Тоголок - Молдо айылы, батышынан Ак-Кыя, Көк-Жар, Тогуз-Торо району менен, түштүгүнөн Ак-Тал, Үгүт айылы, түндүгүнөн Жумгал району менен чектешет. Жаны-Талап айылы дениз деңгээлинен 1700 м бийикте, тоолору 4600 м бийиктикте жайгашкан.

Райондун борборунан 45 чакырым, Балыкчы темир жолунан 255 чакырым, республикадан 415 чакырым алыстыкта жайгашкан. Айылда мектеп, клуб, ФАП, китепкана, мончо, мечит, жыгач тилүүчү цех, дарыкана, дөңгөлөк желимдөөчү, май куюучу жай ж.б тармактар элге кызмат кылууда. Жаңы-Талап айылындагы 525 түтүндө 2288 адам жашайт. Айыл аймагында 8609 чарчы жайыт жери, 1696 чарчы айдоо аянты, «Жакаш» үрөөн чарбасы, дыйкан чарбасы бар. Айылдагы эл мал чарбасы, дыйканчылык, жашылча-жемиш өстүрүү менен алектенишет.

Айылда негизинен 5 чоң уруу эл жашайт, коллективдештирүүгө чейин Жаны-Талап айма-гында, малдын ыгына карап кокту- колоттордо жашап келген. Алгач 1931-жылы майда бытыранды чарбалар ирилештирип, "Жаңы-Талап", "Тогуз-Булак", "Коммунистчил" колхоздору уюшулган. "Жаңы-Талап" колхозуна Акуналиев Ниязакун, "Тогуз-Булак" колхозуна Султанов Ысмайыл, "Коммунистчил" колхозуна Тынаев

Токтоназар 1931–1936-жылдар аралыгында башкарма болуп иштешкен.



**Жаңы Талап айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн имараты**


1936-жылы "Тогуз-Булак" колхозу жоюлуп, «Коммунистчил», "Жаңы-Талап" колхоздору калган. Бул колхоздорду 1936–1951-жылдары Дүйшеев Жумаманбет, Базаров Момунаалы, Ибраимов Турсунбек, Аманов Тенти, Борукчиев Кененсары жетектеп келген. Өзгөчө согуш жылдарында Дүйшеев Жумаманбет чарбаны өтө билгичтик менен башкарып элдин оор турмушун жеңилдетүүгө өзүнүн зор салымын кошкон. Согуш жылдарында ачарчылыкка учураган элге суу, арпа талканын кочуштап бөлүп берип, тез аранын ичинде ачарчылыктан аман калуусуна көп эмгек жумшаган. 1951-жылы "Жаңы-Талап", "Тогуз-Булак" колхоздору кошулуп «Коммунистчил» колхозу уюштурулган. Алгач ирилешкен чарбада 1951–1953-жылдары Базаров Момунаалы башкарма болуп иштеп келген. Тогуз-Булак айылынын калкы 1952-жылы Жаңы-Талап айылына көчүрүлүп келген.

## Тарыхый жерлер

Жаңы-Талап өрөөнүндө тарыхый жерлер көп. Алсак, Кокондун миң башысы Хаккули тарабынан 1832-жылы салынган "Куртка чеби", кыргыз элинин улуттук баатыры

Атантай Тайлактын 1839-жылы салынган күмбөзү. Байыркы заманда таштан курулган Ак-Терек мазары, Чомой баатырдын жана Кемпир баланын күмбөзү, Ак-Кыя менен Жаңы-Талап айылдарынын ортосунда жайгашкан 70 таш дөбө мүрзөлөр, 1–5-кылымга таандык Соң-Көлдөгү Таш-Дөбө табигый ат майданы, Ак-Мөөр сулуу көлгө түшкөн Сары-Булуң, Суук-Колоттогу саймалуу таш, Жакаштын бели жана башкалар.

## Куртка чеби
## Куртка айылындагы куртка чеби




Куртка чеби Ак-Талаа районунун Куртка айылында, Нарын дарыясынын жээгинде жайгашкан. Куртка чеби жөнүндө казак окумуштуусу, саякатчы Чокон Валихановдун эмгегинде мындай деп чагылдырылган: "экинчи саякат учурунда, тактап айтканда, 1859-жылы 22–24-марта кокондуктардын Курткадагы чебинде болдум. Куртка чеби Нарын дарыясынын оң жээгинде жайгашып, кесилиши боюнча туурасы 200 саржанга жетет. Үч жагына дубал тургузулган, бир жагы Нарын дарыясынын тик жээгине такалат. Дубалдын бийиктиги 3 саржандай, калыңдыгы 2 аршинге чейин: чыгыш тарабындагы дубалга башкы чоң дарбаза орнотулган, ал эми түндүк тарабында Жааңгер Кожонун мурдагы үйүнө кирүүчү дарбаза бар. Ал үй сыйынуучу жай катары пайдаланылган. Ал жерге бир нече бак отургузулган жана башка бардык жерлердей эле түнөк коюлган жана курмандыкка чалынган жылкынын, кочкорлор менен букалардын мүйүздөрү илинген. Дарбазадан киргенде эле түбүнө топурак үйүлгөн дөңсөнү, боз үйлөрдү жана бир

нече там үйлөрдү көрдүк: башкы көчө менен бир аз баскандан кийин кабылдама, аялдар бөлмөсү, мечит, ат сарай жана кампа деп аталган там үйлөрдөн турган. Куртка чебинин комендантынын жанына келдик. Короонун так ортосунда бир нече кыргыз боз үйлөр тигилип турат. Кичирээк дөңсөдө агала сакал сарт отуруптур. Анын үстүндө эски чапан, бутунда кызыл булгаарыдан ултарылган кыргыз өтүк. Бул киши комендант Мамазарык датканын өзү дешти, зекет деп эки жамбы алышты. Куртка чебин 1832-жылы Кокондун 1000 башчысы Хаккули тарабынан салдырылганы айтылат. Куртка чебине саяк уруусунан Тайлак баатырдын уулу Осмон (эң күчтүү уруу башчысы) башкарган чоролор Эраалы уулу Төлөкө, Кулжыгач жана Жаманак уулу Байтур башкарган, ыман уруусу баш ийип турган. Куртка чебине баш ийген саяктардын 600дөй, чериктердики, Турдукенин ээлигиндеги 1500дөй, Ат-Башы менен Арпадагысы 1300дөй жана сарбагыштар 1200дөй адам болгон. Бул уруулардан кокондуктар зекет салыктардын түрлөрүн чогултуп алып турушкан. Чептер акимчилик борборуна айланган", деген маалыматтарды Ч. Валихановдун эмгектеринен кездештирүүгө болот. XIX кылымдын 40-жылдарында белгисиз бир автор муну белгилеп кетиптир: "Кокониянын чек аралары чептери менен курчалган, аларда өтүп бараткан кербендерди текшерүү жана көчмөн урууларга көз салуу үчүн туруктуу гарнизондор турат". Кокон чептери жергиликтүү калкка каршы талоончулук жортуулдарды жасоо учурунда, кокондуктарга таяныч пункттар катары кызмат кылган. Чептин булуңдагы мунараларында ок ата турган көзөнөктөрү, эгин, ар кандай оокат, мүлк сактоого ылайыкталган кең кесири бөлмөлөрү болгон. Чепти кароолчулар тышынан кайтарып турган. Кокон хандыгында малдан алынуучу салык өтө оор болгон. Ал салык зекет деп аталып, малдын 1/40 бөлүгү өлчөмүндө жыйналган, бирок ал салык өтө зордукчулук менен жыйналгандыктан, кыргыздар жыл сайын короосундагы малы үчүн 40тын дээрлик 20 бөлүгүн салык катары берип

турган. Хандын зекетчилеринин талоончулугу элди жакырчылыкка алып келген, алардын ырайымсыздыгына жана зордукчулугуна чек болгон эмес. Кокон хандыгынын эзүүсүнөн, зомбулугунан Тайлак баатыр өз мезгилинде кыргыздар ээлеген аймактын бир четин, өзүнүн күчү, сүрү, баатырлыгы менен коргоп, кокондуктардын эзүүсүнөн куткарган улуттук баатыр экенин билебиз. Куртка чеби түндүк Кыргызстандагы эң чоң чеп болгон, чеп менен бирге ал базардын да милдетин аткарган. Кашкардан, Кожент, Маргалаң, Кокон, Анжияндан келген соодагерлер өзүлөрүнүн буюм тайымдарын соодалап өткөрүп турган. Кокондуктар Тайлак баатырдан корккондугунан чептин алдындагы Көк-Көлдөн, Нарын дарыясынан сүзүп өткөнгө алты-жети аттарын үйрөтүп, даярдап качканга же Кокон ордосуна ар кандай маалыматтарды билдирүүгө ар дайым даяр болушкан. Куртка чеби турган жерден мылтыктар, кылычтар, эски үлгүдөгү пулемет табылган, бул табылган буюмдарды Бишкек шаарындагы борбордук музейге тапшырган деген маалыматтар бар.

## Тайлак баатырдын кара буурул аты

Кандай баатыр болсо дагы баатырды баатыр кылган анын аты болгон. Тышкы душмандардан кыргыз элин коргогон атактуу Тайлак баатырдын даңазалуу кара бууданы болгон. Бул бууданы менен Тайлак күнү-түнү жол жүргөн, көптөгөн жеңиштерге жетишкен. Тайлак Баян Бату, Араб баатыр жана башка душмандар менен жекеме-жеке беттешкенде, душмандын кандай аты болсо дагы, атын тиштеп баш көтөртпөй баатырга жакшы мүмкүнчүлүк ачып берген. Кара буурулду ар дайым көп кишиге көргөзбөй атайын өзүнчө боз үйдө кармаган. Тайлак каза болгондо, аны алдын ала сезип, мамыда жер чапчып, кишенелеп туйлап турган.

## Жаңы-Талап байыркы көрүстөнү

Жаңы-Талап айылынан Ак-Кыя айылына бараткан жолдо орун алган 70 таш дөбө мүрзөдөн турат. Бийиктиги

0,4-0,8 метрден айланасы 9–21 метрге жетет. Бул мүрзөлөр 1–5 кылымдарга таандык. Экинчиси Жаңы-Талап айылынан чыга беришинде 6 таш дөбө мүрзөдөн турат. Бул мүрзөлөрдүн бийиктиги 6–16 метр, көлөмү 0,2–1,7 м. Бул мүрзөлөрдү М.И.Москалев тарабынан 1983-жылы изилденип жазылган, бирок казуу иштери жүргүзүлө элек.

### Кемпир Бала, Чомой баатыр күмбөзү

Куртка өрөөнүнөн чыккан айтылуу Тайлак баатырдын эң жакын кол башчылары Кемпир бала, Чомой баатырлар болгон. Тайлактын жетектөөсүндө эки баатыр Куртка чебин талкалоого катышкан. Чомой баатыр Суусамырдан, Кемпир бала баатыр Саргамыш өрөөнүнөн болушкан. Жортуулдан кайтып келе жатып, Куртканын Ак-Терек деген жеринен кыштын күнү Кемпир бала баатыр, Чомой баатырдан насбай сурайт. Чомой насбайым калбай калган деп коёт. Бир аз убакыттан кийин келе жатышып, Чомой баатыр көргөзбөй насбай тартып, кардын үстүнө насбайын түкүрөт. Артында келе жаткан Кемпир бала баатыр менден бир тартым насбайын аяйт деп ачуусу менен Чомой баатырды камчысы менен башка бир тартат. Байкоосуз келе жаткан баатыр аттан кулап түшүп каза болуп калат. Досун ошол жерге коюп кетет, мен өлсөм сөөгүмдү досумдун жанына койгула деп керээз кылат. Жыл айланбай Кемпир бала баатыр каза болгондо керээзин аткарып сөөгүн досунун жанына алып келип коюшкан. Ошондон улам эки достун көңүлү бир тартым насбайдан калган деген сөз айтылып келет.

### Куртка суусу


Куртка суусу Куртка өрөөнүндөгү эң чоң суу. Жайдыр-кыштыр тынбай агат. Молдо-Тоодон башталып, түндүктөн түштүккө карай агып, 45 чакырымга чейин созулат. Деңиз денгээлинен 1800–2950 метр бийиктикте жайгашкан. Куртка суусу кара суулардан жана булактардан куралат. Жазында кирип, күзүндө тартылат. Орточо чыгымы 3 метр куб секундасына агат. Өзгөчө

Шабыр тараптан келген Көлкайың суусу өтө кубаттуу Актерек өрөөнүндөгү булактардан чыккан суунун курамында көптөгөн дарылык касиетке ээ болгон курамдар бар. Куртка өрөөнүнөн көптөгөн баатырлар таланттуулар чыккан. Ошондон улам Куртканын суусунда бар деп айтылат. Куртка суусу Суулуу-Куртка, Кашка-Суу, Терең-Суу, Көлкайын, Актерек сууларынан куралат.


## Куртка капчыгайы

Куртка капчыгайы Ак-Талаа районундагы эң кооз капчыгайлардын катарына кирет. Молдо-Тоодон башталат да, түндүктөн түштүктү карай 33 чакырымга созулуп жатат.Эң жазы жери 2–3 чакырымды түзөт, кууш жери 400–600 метрди түзөт. Деңиз денгээлинен 1800–2600 метр бийиктикте жатат. Жайгашышы V формасында, капчыгай суу эрозиясынын натыйжасында карбондун кумдук, сланец, конгломерат тектерин жеп үбөлөнүшүнөн пайда болгон. Капчыгайдын ичинде карагай кайың жана башка толуп жаткан өсүмдүктөр өсөт. Бул капчыгай аркылуу улуу жибек жолу өткөн, Соң-Көл–Каракече–Нарын жолу өтөт.

## Жакаштын бели



**1968-жылы Соң-Көл жолуна биринчи чыгып бараткандагы көрүнүш**



**Соң-Көл жолундагы Жакаштын белинин бүткөндөгү көрүнүшү**

Райкомдун бюросунда Соң-Көлгө машина каттай турган жол салуу маселесин биринчи катчы Акназаров Корчубек карап, ошол кезде Кыргызстан ЛКЖС Ак-Талаа райкомунун биринчи катчысы, бюро мүчөсү Табылдиев Мамытбекке жол салууну кыска аралыкта бүткөрүү жөнүндө тапшырма берилген. Жол салууга Нарын областынын ПЛУАДдын башчысы Аденов, райондук айыл чарба башкармасынын башчысы Сманов Кеңеш, областтык жардыруу мекемесинин башчысы Асаналиев ПДЭСУ, ДЭУ жана тейлөө мекемелери, комсомолдун 105 активдүү мүчөлөрү катышып, тамак-ашын, жатаканасын "Коммунистчил", "Тоголок-Молдо", "Карл Маркс" колхоздору алышып, талаптагыдай уюштуруп беришкен. Жол 1968-жылы 2-июнда башталып, ошол эле жылдын 25-октябрында, тактап айтканда 5 айдын ичинде бүткөрүлгөн. Белге биринчи жолу комсомолдун биринчи катчысынан ГАЗ 69 машинасы баш болгон 7 машина чыккан. Жакаштын боюнда, чыга бериште салтанаттуу ачылыш болуп, жол курулушуна активдүү катышкан жаштарга, курулушчуларга, механизаторлорго сыйлыктар тапшырылган. Бул жолду "Жакаштын бели" ашуусу деп аталып, Жумгал, Кочкор эли менен байланыштырган жолду Соң-Көлгө чыккан малчылар пайдаланышып, Кара-Кече көмүр кенинен таш көмүр тартууда чоң роль ойнодо.

## Бугу учкан тоосу



**Іабырдын оозундагы Бугу учкан тоо**

айылынан 13 чакырым аралыкта Шабыр )озунда Бугу учкан деген жер бар, бул жердин олдон Батыш тарапта чоң аска таш бар, ал таш дей бийик жана тик. Ошол таштын үстүнөн рда чоң бугу жерге кулап түшкөн, ошондон ːр "Бугу учкан" жер деп аталып калган.

## Молдонун бели же Молдо-Тоо




**Молдонун белинин көрүнүшү**

йылы аркылуу Чүй өрөөнүнө баруучу жолдогу оо. Бул жол улуу жибек жолунун бир тарамы ан, ал аркылуу унаа менен Кытай жана башка рге катташып, соода жүргүзүшүп турган. 18- башында падышалык Россиянын атайын

буйругу менен Орто Азияны, Тянь-Шанды изилдөө жүргүзүп, ачык айтканда, кыргыздын суу баскан жакшы жерлерин ээлеп алуу боюнча, кыргыздарды тоо этегине сүрүп чыгаруу боюнча саякатчылар келген. Ата-бабалардын айтуусунда ошол убакта бир молдо келе жатып, белдеги тегирмен таш капчыгайынын башынан оруска бетме-бет жолугат. Ошол кезде диндин күчтүүлүгүнөн мусулман, каапыр болуп бөлүнүп турган. Маңдайынан орусту көргөн молдо коркуп кетип, маңдайдагы зоого качып чыгып, зоодон боюн таштап учуп өлөт. Ушундан улам Молдо ашуу же Молдо-Тоо деп аталып калыптыр.

**Тобок, Жараш, Жакаш, Кенжеш тоолору**




**Жараш, Кенжеш тоолорунун көрүнүшү**

Өткөн доорлордо калмактар кыргыздарды бийлеп, салык алып турган мезгилде калмактарга каршылык көргөзүп, эл жерин душмандардан коргоп турган төрт бир тууган болгон. Алар Тобок, Жараш, Жакаш, Кенжеш. Мына ушул бир туугандардын аттарынан кырка тоолор аталып калган. Ак-Кыя, Куртка өрөөнүндө жайгашкан бул тоолор бири-бирине туташ жайгашкан. Бир туугандар душмандар келе жатканын бири-бирине үндөшүп, кабар беришип, душманга каршы турушуп, өз эл жерин коргоп турушкан. Тобок тоосунан үн салганда, Ак-Чийге даана угулуп турчу. Экөөнүн аралыгы кенен беш чакырымды түзөт.

## Тогуз-Булак

Куртка айылынын түндүк тарабынан жети чакырым аралыктай жерде Тогуз-Булак деген жер бар. Бул жерде 1950-жылга чейин айыл болгон. Анын түндүк чыгышында Молдо сарттын сазы деген жер бар. Бул жердин саз болуп калышына Тогуз жерден булак чыгып, ал булактын суусу Эрмек арык аркылуу Куртка суусуна куят. Бул жерден тогуз булак чыккандыктан, Тогуз-Булак аталып калган.




## Соң Көл

Дүйнөдөгү деңиз деңгээлинен 3013 метр (эң) бийикте жайгашкан көлдөрдүн бири. Соң-Көл, Молдо-Тоо, Боралбас тоо кыркаларынын өрөөнүндө жайгашкан. Соң-Көлдүн узундугу 24 чакырым, туурасы 18 чакырым, жалпы аянты 270 чарчы квадрат. Көлөмү боюнча Кыргызстанда Ысык-Көлдөн кийинки экинчи чоң көл, эң терең жери 13 метр, орточо тереңдиги 9 метр, тайыз жери 5 метр, түбү тегиз көл. Соң-Көлгө 18 суу куят, алардын чоңдору Кумбел, Куртка, Таш-Дөбө, Жаманэчки, Акташ. Соң-Көлдөн бир гана Кажыты суусу агып чыгат. Көлдүн пайда болушу болжол менен мындан 4 кылым мурун пайда болгон деген маалымат бар. Көлдүн айланта узундугу 102 чакырымды түзөт. Көлдүн түштүк, чыгыш тарабы жайык келип, жээги саздак. Суусунун жылуулугу жайында 11–12 градуска жетет. Күзүндө ноябрь айынын башында тоңуп, май айында ээрийт. Муздун калыңдыгы 1

метрге чейин жетет. Көлгө суу кирип, кайра агып чыккандыктан, көлдүн деңгээли анча өзгөрбөйт. Суунун тунуктугу 7 м, тузсуз гидрокарбанаттуу, сульфаттуу, кальцийлүү суулардын түрүнө кирет. Минералдуулугу 341-446мг/л, чыгышында 249 мг/л кычкылтек менен камсыз болушу 7,7-11,0мг/л, өңү көгүш. Көлдө камыш, өлөң чөп, жашыл күрөң балырлар жана биомассанын запасы 8813,5 мг жеткен зоопланктондун 17 түрү кездешет. Соң-Көлдө балыктын төмөнкүдөй түрлөрү бар көк чаар, линь, каңылтыр, пелядь, сига, жилингир. Соң-Көлдөн балыктар кармалат. Келген куштардан каз, өрдөк, аңыр, ак чардак ж.б куштар көп келет.

## Соң-Көлдөгү саймалуу таш



Соң-Көл өрөөнүнүн Суу-Колот капчыгайынын төрүндө биздин заманга чейин археологиялык ташка чегилген сүрөттөр бар. Ал сүрөттө адамдадын, жаныбарлардын элеси, жаныбарларга аң улоонун көрүнүшүн түшүргөн элестер чегилген.

## Соң-Көлдөгү дөбө мүрзөлөр, аралдар




Соң-Көл өрөөнүнүн көпчүлүк жерлеринде I-V кылымдарга таандык дөбө мүрзөлөр көп кездешет. Бул мүрзөлөрдү изилдегенде көпчүлүгү казанактуу экени далилденген. Өлүктөрдүн жанынан

жыгач табак, темир бычак, канжар, жаа, темир жебелер жана сөөктөрү табылган. Бул мүрзөлөрдү 1955-жылы А.К.Кибиров жана 1961–62- жылдары Я.Н.Шер изилдеген. Соң-Көлдө аралдар кездешет, ал аралдарда өрдөк, каз, ак куу, ак чардактар уялап байыр алышат.

## Аймактын атактуу инсандары

**Рыскул уулу Атантай баатыр** Куртка өрөөнүндө 1802-жылы жарык дүйнөгө келген. Куртка өрөөнүнөн чыккан элдик баатыр болгон. Тайлак баатырдын агасы, XIX-кылымдын 20-жылдарында кыргыз мамлекетин, Цин Кытай империясынан, Кокон хандыгынан коргогон элдик баатыр Тайлак менен бирдикте тышкы душмандардын мизин кайтарууда, талкалоодо алдыңкы катарда болгон. Атантай колду баштаган негизги жетекчилердин бири болгон. 1831-жылы нарындык кыргыздарды Кокон хандыгынын басып алуучулук саясатына каршы көтөрүлүшкө үндөгөн. Элди көтөрүп чыккан кол башчы катары тарыхта атпай журтка белгилүү болгон баатыр. Атантай баатыр 1844-жылы 42 жаш курагында каза болгон, анын сөөгү Куртка жерине коюлган.

## Тайлак баатыр баяны



**Тайлак баатырдын, кытай баскынчыларына каршы жоого аттануу учуру**

Кыргыз эли баа жеткис өзүнчө эле казына, эл оозунда баа жеткис рухий байлыктар сакталып келген. Манас, Семетей, Сейтек сыяктуу эпостук баатырлар оозеки тарыхый-санжырада айтылып келген. Санжыранын көпчүлүгүндө баатырлар жөнүндө баяндалат. Тышкы душмандардан эли жерин коргогон жердешибиз Тайлак баатырдын жашап өткөндүгү анык.

Рыскул уулу Тайлак баатыр Нарын өрөөнүндөгү Ак-Талаа жергесинин Куртка айылында жарык дүйнөгө келген. Тайлак баатырдын жети атасына токтолсок: Шакир – Үч Куртка – Кудайберди – Чоро – Тоймат – Жамболот – Рыскул. Жети атасын ата-бабаларыбыз көчмөн доордо ар бир инсан билиш мыйзам деп келишкен. Жети атасын билбегендер жетесиз кул деп аталуучу. Жети атадан аркы бабалардын ысымын жана жасаган иштерин билүү айыл, уруу – урук аксакалдарынын иши болгон.

Айылда карыялардын тобу биригип, балдарды душмандардан коргонууга тарбиялаган. Жоо жакадан, бөрү этектен алып турганда, ар бир жигит мылтык атканды, найза сайганды, жаа тартканды, кылыч чабышканды үйрөтүшкөн жигиттердин башында Атантай, Тайлак турушкан. Куртка өрөөнүндө саяк уруусунун эки уругу жердешкен бири, чоро, экинчиси ыман эле. Нарын дарыясынын өйүзүндө же сол жээгинде басыз, чоӊ багыш уруулары, кытай менен коӊшулаш Ат-Башы тарапта черик уруусу жашап турган. Ыман уругу өзүнчө, чоро уругу өзүнчө айылдардан турган. Ар бир айылдын өз кыштоосу, жайлоосу, жаздоосу, күздөөсү болгон. Эзелтен ыман, чоро бир уруктай болуп канаатташ кыштап, жайлап, жоодон чогуу коргонуп, душманга чогуу аттанып, ысык суукту бирге көрүшкөн. Буга карабастан, ыман уруусунун өзүнүн бийи, чоро уруусунун өзүнүн бийи болгон. Эки урук кырктан жигитин коргонуу тобуна берүүгө милдеттүү болгон. Бул жигиттердин милдети эл жерин коргоо, намысын сактоо, башка уруулардын,

улуттардын кол салууларынын коргонуу болгон. Бул жигиттерди Тайлак жетектеген.

Басыз, моңолдор урууларынын жигиттерин Атантай жетектеген. Атантай менен Тайлактын элине башка уруулардын кол салуулары тыйылып, эл эркин жашап калышкан. Жайкысын Ак-Сай менен Соң-Көлдү жайлашкан. Кыргыздардын өз ара чабышканы токтогону менен сырткы душмандар тарабынан кол салуу коркунучу турган.

Кытай империясы кыргыздарга үстөмдүк кылууга аракеттенгени менен ага батынып кирише алган эмес, бирок Цинь аскер отряддары өз чек арасын коргоону шылтоолоп көчүп жүргөн кыргыздардын малын тартып алып, адамдарын туткундап турган. Ошондуктан, кыргыздын эр азаматтары дайыма согушка даяр турган жана чек араны коргоп турган.

1822-жылы Чыгыш Түркстанда кытай-манжур үстөмдүгүнө каршы уйгур, кыргыз жана башка улут башчылардын көтөрүлүшү чыгат. Ага кожолордун аппак кожолор деп аталган феодалдык коомунун өкүлү, уйгур Сарымсак кожонун уулу Жаангер кожо башчылык кылат. Жаангер кожого чоң багыштардын төбөлү Суранчы, саяктардан Атантай, Тайлак баатырлар, басыздардын бийи Чыйбылды колдогон. Бирок, көтөрүлүш жеңилип калат, Жаангер кожо кыргыздардын ичине качып барып, тымызын иштерди жүргүзүп турат. Кытай тарап аны кармап жазалоого бир топ аракет жасайт. Бирок кыргыздар Жаангерди жашырып жаап, аны колдогондуктан, колго түшүрүү кыйын болот. Мына ушундай шартта Кашкардын бийик башкаруучусу Юнь Цинь маанилүү бир кабар алат. Анда Жаангер кожонун Атантай – Тайлак баатыр башчылык кылган саяк уруусунда жашынып жүргөндүгү анык. Анын кишилери 200дөн ашпагандыгы айтылат. Юнь Цинь мындай ыңгайлуу учурду текке кетирбөө керек деп чечет да, өзүнүн жардамчысы Баянбатунун башчылыгы астында 200 аскерин чек арадан ары кыргыздарга жиберет. Баяньбатунун аскерлери Жаангерди издеп, Нарын, Ак-

Сай, Арпа, Ат-Башы, Орто-Сырт жана Майстан аймактарынын кокту-колотун тинтип чыгат. Бул учурда Атантай менен Тайлак баатырдын айылы Соң-Көл жайлоосунда болот. Жаангерди, ошондой эле Атантай менен Тайлак баатырды таппаган Баяньбатунун аскери Тайлак баатырдын Курткадагы төмөнкү айылына келип, коргоосуз тынч жай баракат жаткан элге бүлүк салып, 100дөн ашуун катын, бала, кемпир, чалды өлтүрүп салат. Бул мыкаачылыкты жасап коюп, Баяньбату өзүнүн аскерлери менен Кашкарга Нарын дарыясы аркылуу Сары-Уңкуй, Дөрбөлжүн, Майстан, Кара-Суу, Орто-Сырт, Ак-Сай, Кашкар аркылуу кетмек болот. Айылды чаап олжолоп кеткендиги тууралуу кабарды Соң-Көлдөгү Тайлакка чабарман жеткизет.

Атантай менен Тайлак баатыр өздөрүнүн уруусунан 16 жаштан улуу эр азаматтарынан кошунду дароо чогултуп, душманы Баяньбатунун кошуунунун артынан кууп жөнөшөт. Алар катуу жүрүп отурушуп, бир убакта душманды алыстан көрүп калышат, машыккан жана мыкты куралданган Цинь аскерлерине кол салуудан мурда Тайлак баатыр мына мындай согуш амалына барат. Ал минилбеген азоо жылкылардын куйруктарына чычырканактын, бадалдын бутактарын байлап, өздөрүнүн алдына салып айдап, душманды карай жиберүүнү жигиттерине буйрук кылат. Тайлак баатырдын бул амалы Баяньбатунун аскерлеринин жүрөгүн үшүн алып, бир топ коркутат. Анткени, алар Атантай менен Тайлактын ушунчалык чоң колу, аскери бар деп ойлошкон эмес. Ак-Талаа өрөөнүндөгү мындай ызы-чуулуу көрүнүш душманды катуу чочутуп, дүрбөлөңгө түшүрөт.

Тайлак баатыр жана анын жигиттери Баяньбатунун аскерине чабуул жасап, өзүлөрүнүн каза болгон ата-энелери, балдары үчүн канга-кан деген ураан менен өч алуу согушун жүргүзөт. Дөрбөлжүндөн чыккандан кийин Тайлак баатыр жигиттерин эки топко бөлүп, бир бөлүгүн Келте-Чап аркылуу артылыштан тосуп турат. Экинчи топту өзү жетектеп Кичи-Кара-Суу аркылуу артынан

кууйт. Баяньбатунун аскерлери коркконунан анчалык каршылык көрсөтпөстөн, жүрүп отуруп жарга такалат. Ал жакта тоонун түштүк жана түштүк-чыгыш капталында аларды жаратылыштан пайда болгон тик зоо күтүп турган. Эч жакка качалбай такалып калган Баяньботонун аскерлери Тайлак баатырдын кыргын чабуулунан бардыгы өлөт. Ошондон бери бул жерди "Кытай кырылды" деп атап калган. Бул кырылышта Ак боз ат минген бир гана киши тирүү калат. Тайлак баатыр муну байкап калып, артынан сая кууп жөнөйт. Качкан адам чоң капчыгайдын батышындагы ашууга баруучу жолго түшөт. Тайлак баатыр качкынды кууп жетип кармашып калат. Тиги да оңой жоо эмес болуп чыгат. Болгон күчтөрүн жумшап курал жарактарын колдонуп, бир топко кармашышат. Тайлак баатыр чоюн чочмору менен тигини башка уруп өтөт. Ал аттан кулап түшөт, Тайлак баатыр түшө калып көмкөрөсүнөн жаткан жоону чалкасынан салып, жүрөк тушка саят. Көрсө, бул Баянбото өзү болуп чыгат, мына ошол окуядан кийин Цинь бийлиги кыргыздар менен болгон чегарада чоң күч бар экенин сезип, чочулап, чектен ары кыргыздар жагына кытай аскерлеринин аралап жүрүүсүнө тыюу салынган экен. Тайлак баатырды кытайлар, "чек аранын чагылганы" деп аташкан.

Кыргыз эли кытай баскынчыларынан тышкары, Кокон хандыгынын эзүүсүндө болгон. Кокондуктардын адам чыдагыс көрсөткөн кордугуна, аксым аким, бектердин зордук- зомбулугу, кыргыздарды өз Ата-Журтунда күнкор кылууну эңсеген баскынчыларга каршы көз каранды эместиги үчүн күрөшкө түрттү.

Көтөрүлүшкө айтылуу ага-ини Атантай менен Тайлак баатыр жетекчилик кылып, ага Ак-Талаа, Тогуз-Торо, Нарын, Ат-Башыдагы кыргыздар катышкан.

Тайлак тез арада кол топтоп, Куртка сепилиндеги сарбаздарга кол салат, кармашта кыргыздар жоону жеңип, чептеги терең ор-зынданда зарыгып жаткан туткундарды бошотот.

Эл кокондук төрөлөр тартып алган мал-мүлкүнө кайрадан ээ болуп, салык төлөөдөн караманча баш тартат. Көп өтпөй кыргыз айылдары күрөшкө жапырт көтөрүлгөн. Күндөн күнгө күч алып бара жаткан жаңжалдан коркуп, Куртка беги ордого шашылыш чабарман чаптырып кабар айттырат. Тайлактын "кылмыштуу кылыгы" тууралуу кабарды угар замат кокон ханы Мадалы кыргыздардын кыймылын тезинен басуу үчүн, Ак-Талаага Арап баатыр кол башчылык кылган 500 жоокерди жөнөткөн. Тайлак баатырды колго түшүрүп, экинчи баш көтөргүс кылып жазалоону көздөгөн. Кокон колу Көгарт ашуусу аркылуу Тогуз-Торого келгенин угуп, Тайлактын чалгынчылары баатырга билдиришет. Кош Дөбөнүн Бычан деген жайлоосунда Тайлактын жигиттери адеп чабуул койгон. Бул салгылашта Арап менен Тайлак жекеге чыгышкан, кармашта Тайлак баатыр Арапты сайып өлтүргөн. Башчысынын өлгөнүн көрүп, жоо чаң-тополоң түшүп, чегинүүгө аргасыз болот. Ошол салгылашта душман оор жоготууга учурап, 400 аскеринен айрылган.

Тайлак баатыр качкан жоонун калдыгын кууп жетип, талкалайт. Арап набыт болгон ошол бел кийин "Араб өлгөн бел" деп аталып калган. Мына ушул салгылашуудан кийин Кокон ханы Тайлактын оңой жоо эмес экенин сезип, кайра кол салууга батынган эмес. Бир айла кылууга ашынган Кокон ханы Мадалы, Тайлакка каршы казактын төрөсү Эдигени тукурат. Анткени, Эдиге төрө Арап баатырдын досу болгон дешет. Кокондук сарбаздар кошулган Эдигенин колу кыргыз жайлоосу Суусамырга чейин кирип келишет. Буга бирден бир Эдиге Султанга каршы турган Тайлак баатыр эле. Кадимки Ормонхандын атасы Ниязбек Тайлакка чабарман жиберет. Элдик санжырада айтылгандай, Тайлактын колу келгенче Ниязбек айла амалдарды колдонуп, кокту колотторду чаңдатып, аттын куйругуна чычырканак байлап, алай-дүлөй түшүрөт. Келген жоонун үрөйү учуп, Тайлактын мынча көп колу бар экен деп шаштысы кетет. Ошол маалда Тайлак баатырдын колу келип, казактарга каршы

турат. Казак, кыргыздын колу бет маңдай болуп каскатар тизилип турат. Ошол учурда уруштун салты боюнча ортого Карагер атты ойнотуп казактын колун баштап келген Эдиге атырылып чыгат. Эдиге төрөгө каршы Тайлак баатыр жекече чыгат. Салмактуу кылычка колу карышкан эки баатыр бир топко чейин узакка чабышат. Кылычты таамай шилтеген Тайлак баатыр Эдигени бөлө чабат. Бул салгылашууда Тайлактын колу толугу менен жеңишке жетишет.

Бейпилдик өкүм сүргөн жылдары Тайлак элинин жашоо тиричилигине кам көрүп, Ак-Талаанын бышыкчылыктуу Какыр аталган, Көк-Жардагы керилген дыңдуу аймагына арчадан ноолорду жасатып, суу чыгарып, аштык айдатып, мол түшүм алынып, элди токчулукка бөлөйт. Ошондон ушул күнгө чейин ал “Тайлак арык” деп аталып, курдурган баатырдын наамында аталып калган.

Кыргыздын этнос катары миңдеген жылдары сакталып калышына Тайлак сыяктуу эр уулдары себеп болгонуна шек кылууга болбойт. Анткени, тоодой тору, аргымактын жана кер жоргонун изи, Чыгыш Түркстандын талааларында жатса, анын баатырдык аракеттери кытай жазмаларында, эл оозунда жашоосун улантып келүүдө.



**Атантай Тайлак баатырдын Курткадагы күмбөзү оңдолгондон кийин**



**Атантай, Тайлак баатырдын Курткадагы күмбөзү XIX к.**

Ач көз кокондуктар ошондон кийин аргасыздан кыргыз жерине салык сала албай калышкан. Теңир-тоолук кыргыздарды биротоло багындыруу үчүн кокондук төрөлөр аркандай айла-амандарды колдонуп, элдин сүйүктүү кол башчысы Тайлак баатырдын көзүн тазалоо үчүн Ак-Талаадагы айылдарга табып кейпин кийген Көракимди жиберет. Көраким эшен табып болуп 3 жыл айылдарды аралап, дарыгерлик кылып элдин ишенимине кирет. Акыры ал оңтою келгенде сыркоолоп калган Тайлакты уулантып өлтүргөн. Тайлак баатыр 1838-жылы 42 жаш курагында көз жумган. Тайлак баатырдын жетекчилиги астында кытай баскын-чыларынын, Кокон хандыгына каршы боштондук кыймылы элдин эсинде түбөлүк сакталып калды. Тайлактын сөөгү алгач Чыбылды коого коюлган, кийин басыз туугандар Тайлактын сөөгү бул жерде болсо, саяк туугандар жер талашат деген максатта Тайлак көрүндө өкүрүп жатат деп, сөөгүн Курткадагы азыркы күмбөзүнө койдурган.

## Музооке Жаманак уулу

Музооке Куртка айылында 1802-жылы жарык дүйнөгө келген. Манасчы, акын, чоң комузчу Тоголок Молдонун чоң атасы болгон. Музооке кичине кезинен эле элдик күүлөрдү чертип, "Манас" айтып, жакшы ырдаган. Кийин талантына талант кошулуп, төкмө акын болгон. Улуулардын айткандарына караганда, комуз чертуу боюнча алдына киши чыгарган эмес. Эл бийлеген бийлердин, байлардын кемчиликтерин элге жасаган туура эмес мамилесин жалтанбай түз айткан. Аны бийлер сабатышып, көрбөгөн азапты көрсөтүшкөн. Ал өзүнүн көргөн кордугун "Музоокенин мундуу күүсүндө" чагылдырып берген. Музооке "Күкүк-Зейнеп", "Казбайыр", "Керме-Тоо", "Упалыш", "Сары-Өзөн", "Коңур куз", "Кызыл-Кыя" жана башка көптөгөн күүлөрдү чыгарган. Тоголок Молдо Музооке чоң атасынан чоң тарбия алган. 1878-жылы жаш курагында Куртка айылында каза болгон. Музоокенин күүлөрүн атактуу

комузчулар Шекербек, Ыбрай, Асылбек жана башка комузчулар, кийин Нурак жеткире аткарган.

**Баатай уулу Касымбек.** Баатай уулу Касымбектин кайсы жылдары жарык дүйнөгө келгени жөнүндө так маалымат жок. Ал Куртка өрөөнүндө 19-кылымда жашап өткөн. Касымбек эл башында болуп, акыл эстүү, калыс, элге түшкөн ишти кырдаалга жараша так, убагында чече билген кадырлуу адам болгон. 1916-жылкы орус оторчуларына каршы көтөрүлүштө элди биримдикте, ынтымакта кармап, орустардан коркуп качам деген элди токтотуп, улуу Үркүндөн элин сактап калган. Кыргыздардын Чүй, Ысык-Көл, Нарын өөндөрүндө өткөн аш-тойлорунда аттуу баштуу аксакалдар менен бирге болуп, кеп кеңешин айтып турган. Орустардын баскынчы аскерлери Касымбекти кармап, чыккынчы деп Нарын уездинде атылган.



**Бейшеналиев Шүкүрбек.** Шүкүрбек Бейшеналиев Ак-Талаа районуна караштуу Куртка айылында 1928-жылы 25-сентябрда туулган. Жазуучу, драматург, публицист, Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты (1995), Кыргыз Республикасынын искусствого эмгек синирген ишмери (1982). Нарын педагогикалык окуу жайын 1946-жылы, КМУнун филология факультетин 1952-жылы бүтүргөн. 1964-жылы СССР Жогорку Советинин алдындагы Жогорку адабий курсту бүткөн. 1952–1953-жылдары Ак- Талаа районунда мектеп директору, мугалим болуп иштеген. СССР ИАнын Кыргызстандагы филиалынын тил, адабият жана тарых институтунда

илимий кызматкер, 1954-жылы Кыргызстан ЛКЖС БКнын катчысы, 1953-жылы "Жаш Ленинчил" журналынын башкы редактору, 1964-жылы "Ала-Тоо" журналынын башкы редактору, "Ленинчил жаш" гезитинин жооптуу редактору, ошол эле учурда 1953–85-жылдары Кыргызстан жазуучулар союзунун башкармасынын катчысы, чет өлкөлөр менен достуктун жана маданий байланыштын Кыргызстандагы коомунун президиумунун төрагасынын орун басары, анын төрагасы болуп иштеген. 1950-жылы "Чыныгы достук" деген алгачкы повести республикалык конкурста биринчи сыйлыкка татыктуу болгон. 1959-жылы "Актайлак", "Карлыгач", "Таалай жолу"деген биринчи китеби 1957-жылы чыккан, экинчи китеби 1962-жылы чыккан. Повесттери: "Кордун тукуму", "Солдат махабаты", "Урпактар үнү", "Аманат"," Даңкка жараша жүк", "Болот калеми", "Мезгил сынайт", "Тайлак баатыр" деген повесттерди жазган.

Романдары: "Уядан учкандар", "Бойдоктор","Тоо ханышасы", "Кычан" ж.б. 1976-жылы "Мүйүздүү козу" аттуу китеби Г.Х.Андерсен атындагы Эл аралык сыйлыкка ээ болгон. Шүкүрбектин чыгармалары дүйнө элинин 52 тилине которулган. М: "Кычан", "Мүйүздүү козу" "Карлыгач", "Табышмакчы Чынара" "Ак тайлак", "Ат жалындагы секелек", "Кордун тукуму" которулган. Акын өзү Л.Н.Толстой, М.Шолохов, К.Федин, А.Чехов, Г.Ибсен жана башка дүйнөлүк классиктердин чыгармаларын кыргыз тилине которгон.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болуп 1980–85-жылдары шайланган. Эл достугу, 3-даражадагы Манас ордени жана медалдар менен сыйланган. Шүкүрбек Бейшеналиев 2000-жылы дүйнөдөн кайткан.



**Кубат Осмонбетов** 1935-жылы 3-мартта Ак-Талаа районунун Куртка айылында туулган. 1952-жылы Дөрбөлжүн айылындагы И.А.Сталин атындагы орто мектепти, 1958-жылы Фрунзедеги политехникалык институтту бүтүргөн. Адиси боюнча тоо инженергеолог. 1958–1966-жылдары геологиялык экспедициялык партияларда кенже геолог, геолог, отряддын начальниги, улуу геолог, партиянын начальниги болуп иштеген. 1971–1986-жылдары Кыргыз Республикасынын геология башкармасынын начальнигинин орун басары, 1986–1996-жылдары Кыргызстандагы геология экономикалык экспедициясынын начальнигинин орун басары, башкы геологу, начальниги, 1992–1996-жылдары КР жогорку аттестациялык комитетинин эксперттик бөлүмүнүн начальниги болуп иштеген. 1992-жылдан бери Кыргыз тоо-кен металлургиялык институтунун профессору, экология кафедрасынын башчысы, 1996-жылдан Кыргыз тоо-кен металлургиялык институтунун ректору болуп эмгектенген. Геология, пайдалуу кендер жана экология боюнча чоң адис, кенди биринчи ачуучу. (1979), ал СССРдин геология министрлигинин ардактуу китебине кирген.

СССРдин "Ардак Белгиси" ордени, медалдар менен сыйланган. Кыргызстандын илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгынын 2 жолку лауреаты (1980-1995), КР эмгек синирген геологу (1985), СССРдин жер астындагы кендерди чалгындоонун отличниги, СССРдин эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн "күмүш медалынын" ээси. СССРдин илимий-техникалык коомунун иштеги ийгиликтери үчүн төш белгиси менен сыйланган.

Эл аралык геологиялык конгресстин (1984), "Алтын

төш белги" менен дипломуна татыктуу болгон. 2000-жылы Эл аралык инженердик академиясынын президенттеринин кеңешининин чечими менен "XX кылымдын залкар инженери" деген ардактуу наам ыйгарылган. 2001-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын И.К.Ахунбаев атындагы сыйлыгы менен сыйланган. КРнын билим берүү тармагынын отличниги төш белгиси менен (2002) сыйланган. Академик У.А.Асаналиев атындагы Кыргыз тоо-кен металлургиялык институтунун "Ардактуу профессору" наамы ыйгарылган (2003). 2003-жылы Ислам өлкөлрүнүн билим, илим жана маданият боюнча коомунун (ISESKO) лауреаты. 2003-жылы "Нарын областынын ардактуу атуулу" наамы берилген. Илимий-техникалык багыттагы 400дөн ашык эмгектери, макалалары, долбоорлору элге жарыяланган. Алардын ичинен 13 монографиясы жана 4 окуу китептери бар. Геология жана минералогия илимдеринин доктору (1991); профессор (1993); КР Инженердик академиясынын академиги (1993); Экология адамдын жана жаратылыштын коопсуздугу боюнча илимдеринин Эл аралык академиясынын академиги (Санкт-Петербург, 1998); Эл аралык Инженердик академиясынын академиги (Москва, 1999, Америкалык Биографиялык институттун Ардактуу мүчөсү (2002).

## 12. Терек айылы



Тарых айыл аймагы Терек айылынан жана Орто-Сырт элдүү участогунан турат. Терек айыл өкмөтүнүн аймагы деңиз деңгээлинен 2050–2400 метр бийиктикте жайгашкан. Терек айылы райондун борборунан 8 чакырым, областтын борборунан 128 чакырым, республиканын борборунан 485 чакырымга, темир жолдон 318 чакырым аралыкта жайгашкан. Жалпы жеринин аянты 35632 га, мунун ичинен сугат жер аянты 1289 га, жайыты 16576 га. Терек айылында 291 түтүндө 1221 адам жашайт. Айылда 6000дей кой-эчки, 579дан ашык ири мүйүздүү мал, 500дөн ашык жылкы, 1400дан ашык канаттуулар бар.

Айылда мектеп, клуб, китепкана, ФАП, почта бөлүмү, балдар бакчасы. жыгач иштетүүчү кичи ишкана, маалымат борбору, акиташ чыгаруучу цех, мончо, дарыкана, жеке дүкөндөр эл кызматында.



Ата-бабалардын айтканына караганда, Терек суусунун башталышынан Кара-Чийге чейинки аралыкта жыш өскөн калың теректер болгон экен. Ушундан улам Терек деп аталып калган.

Терек айылы Терек жана Келте-Чап деген эки айылдан турат.

Терек айылында басыз, ыман, көчөк, чоң-мурун, койкелди, тежик, жолдош уруулары жашайт.

Келте-Чап айылынын аталышы Жаман-Тоо тоо кыркаларынан түндүктү карай кеткен Орто-Тоо кыркаларынан түндүктү карай кеткен чаптарга кошулбастан, кемтикти түзүп калган, айыл ошол жерден орун алып калгандыктан, Келте-Чап айылы болуп аталып калган.

Коллективдештирүү башталып, "Кошчу" союздары түзүлө баштаганда, 1924–1927-жылы Терек, Кара-Чий айылдары биригип "Кошчу" союзу түзүлгөн. Ушул эле айылда 1927–1929-жылдары "Жарды-Жалчы" уюмдары түзүлгөн. 1929–1930-жылдары "Артель" болуп кайра уюшулган.

Терек, Келте-Чап айылдары биригип, 1930–1934-жылдары алгачкы калхоз болуп уюшулган. Биргелешкен колхоздун жетекчиси болуп, Ибраимов Турсунбек шайланган. 1934-жылы Келте-Чап айылы Терек айылынан өзүнчө бөлүнүп, "Кеңеш" колхозу болуп уюшулган. Колхоздун башкармасы болуп Абдрахманов Орозаалы иштеген.

Терек айылы өзүнчө Калинин атындагы колхоз болуп уюшулуп, колхозду Мураталиев Ыбрайым жетектеген. 1962–1995-жылдары Дөрбөлжүн, Терек, Кел-Чап, Кара-Суу, Жаңы-Тилек, Ак-Чий, Ичке-Суу, айылдары биригип, Жданов атындагы колхозу болуп кайра уюшулган.

## Тарыхый жерлер

### Чыбылдый коо

Терек айылында негизинен эки чоң уруунун басыз жана ыман урууларынын урпактары жашайт. Ошол басыз уруусунан чыккан Чыбылдый баатырдын сөөгү коюлган жер ушундайча аталып калган. Чыбылдыйдын баатыр аталышынын себеби ал убагында Тайлак баатыр менен үзөнгүлөш жүрүп, далай жортуулдарга бирге катышкан экен. Айтмакчы,Тайлак баатырдын сөөгү ошол Чыбылдый баатырдын сөөгү коюлган жерге коюлуп, кийинчерээк анын сөөгү азыркы күмбөзү турган жерге которулуп алынып кеткен деген элде кеп бар.


## Кара-Секи байыркы көрүстөнү

Терек суусунун сол өйүзүнүн экинчи тектиринде Кара-Секи өрөөнүндө жагашкан дөбө коргондордон турган бийиктиги 1м болгон таш жана топурак дөбө мүрзөлөр бар. Бул мүрзөлөрдө А.К.Кибиров тарабынан казуу иштери жүргүзүлүп, көрүстөндөр б.з.ч. VI –III кылымга таандык экени аныкталган.

## Таш-Бейит

Терек айылынын түштүк-чыгыш тарабында аянты 1 гектарга жеткен, бийиктиги 2–3 метрдей болгон таш дөбөгө айылдын көзү өткөн адамдарынын сөөгү коюлгандыктан, Таш-Бейит аталып кеткен. Дөбөнүн түштүк жак бетинде бир түп арча өсүп тургандыктан, ал дөбө мазар жайы катары саналып келген. Ушу тапта ал жалгыз түп арча куурап жок болгон.

## Бактыгул каналы



1950–53-жылдары элдин күчү менен курулуп бүткөн. Орто-Сырт өрөөнүнөн капчыгай аркылуу агып чыккан мөңгү-булак суулары Терек-Сайдын жайык жери-нен буулуп, Алыш-тын башы деген жерден түзөңгө чыгарылган. Бактыгул каналысыз Терек жана Баетов айылдарынын элинин дыйканчылыгын элестетүү таптакыр мүмкүн эмес. Каналдын «Бактыгул каналы» болуп аталып калышынын себеби, ошол канал алынып өткөн жерлерде «Бактыгул арык» аталган арыктын нугу болгон. Басыз уруусунун «Бактыгул уулдары» деген урпактары (койгелди, жолдош уулу, тилек уулу, орус уулу) ошол Бактыгул арыктын суусун дыйканчылыкка

пайдаланышкан. Теректе «Көчөк арык», «Ыман арык» деген арыктар да бар. Алар азыр да эл кызматында.



### Чоногор

Бул аталыштын эмнеден улам келип чыккандыгы жөнүндө болжолдуу же так маалымат жок. Чоногор Кызылтам өрөөнүнө Танапташ жайгашкан мал жайыты. Чоногордун өзгөчөлүгү кыштоого ылайыктуулугу. Чоногордо кыштын ызгаары анчалык сезилбейт.

### Кара-Талаа

«Бактыгул каналынан» башталып, Жаман-Too кыркаларына жете созулуп жаткан дархан талаа. Анын Кара-Талаа аталышы топурагынын каралыгына байланыштуу эмес. 200 гектарга жакын аянтты ээлеп, шыбак, бетеге басып жаткан аймактын аталышы. Кара-Талаанын бир дагы жерин суу баспайт. Андыктан, ал аймак мал жайыты катары гана пайдаланылат. Кара-Талаа Терек айылынын элине тиешелүү аймак.

### Жалгыз-Терек

Терек айылынын түндүк жагында 1,5–2 км алыстыкта качанкы бир мезгилдерден бери карай өсүп турган жалгыз түп теректин аталышынан аймак Жалгыз-Терек деп аталат. Теректин ээн аймакта жалгыз өсүп турушу, анын «Мазар жай» катары саналышына негиз болуп

калган. Андыктан, ал жерге түлөө өткөрүп, тайынган учурлар да болот.

### Кызыл-Там

Терек элинин бөксө жайлоосу алыскы жайлоолорго көчкөнчө эл маалы менен Кызыл-Тамга байырлашат. Ушул өрөөндө дубалы жергиликтүү топодон салынган там болгон. Ошол тамдын азыр дагы жаанга эзилип бүткөн дубалынын урандысы турат. Топо кызыл (жошо аралаш) болгондуктан, курулган дубал дагы кызыл түскө ээ болуп калган. Ошондон улам, Кызыл-Там деген өрөөндүн аты келип чыккан. Ал тамды Черикбай деген адам салдырган экен. Андыктан, Черикбайдын кызыл тамы деп дагы коюшат.

### Кара-Көл

Кызыл-Там өрөөнүндөгү аянты болжол менен 500-600 $м^2$ болгон табигый чакан көл бар. Көлдүн түбүнүн тереңдигин ченеп көргөн адам болгон эмес. Суунун өңү каралжын тартып тургандыктан, Кара-Көл аталып калган. Көлгө жылжыган булак суусу агып кирип турат. Бирок, сыртка суу агып чыкпайт. Жээктери камыш менен курчалган. Балык, бака сыяктуу жаныбарлары жок, өрдөк байырлайт.

### МЭЛС ашуу

1961-жылга чейин райондун эли Орто-Сырт, Арпа сыяктуу жайлоолорго барыш үчүн Нарын, Атбашы аркылуу айланып барууга туура келген. 1961-жылы Чоң-Кыя ашуусу аркылуу жол салуу иштери башталып, 1962-жылы аяктаган. Бул жолдун курулушуна райондун эли түп көтөрүлө катышкан. Ошентип, райондун эли алыс жол жүрүү түйшүгүнөн кутулган. Ашуу Чоң-Кыя деген атты бир топ жылга чейин алып жүрдү. Андан соң ашууга райондун эли үчүн мааниси зор жол курулушунун демилгечилеринен болгон МЭЛС Турдалиевдин ысымы берилген.

## Терек айылынан чыккан атактуу инсандар

**Мусулманкул уулу Молдобасан манасчы.** Молдобасан Ак-Талаа аймагынын Терек айылында 1883-жылы туулган. Молдобасан акын, манасчы, комузчу,



кыякчы болгон. Молдобасандын шыгынын ойгонушуна манасчы, жамакчы агасы Калыгул себепкер бол-гон. Молдобасан 17 жашынан элдик ырларды ырдап, өзүнчө ыр чыгарып ырдай баштаган. Аткаруучулук чеберчилик мукам үнү менен эл арасында таланттуу ырчы катары таанылган.1933–1953-жылдары Т.Сатылганов атындагы филармониянын солисти болуп иштеген. 1939-жылы Кыргыз искусствосу менен адабиятынын Москвада өткөн декадасына катышкан. 1930-жылы “Салтанат” дастаны, 1935-жылы “Күлбара менен Асан”, 1936-жылы “Осмон баатыр”, “Акылдуу кыз”, “Зулумкан” жомоктору, “Курманбек”, “Жаңыл Мырза”, 1944–45-жылдары “Манас”, “Семетей” эпостору, 1962-жылы “Ыр жыйнагы” жарыкка чыккан. Кыргыз Республикасынын эл артисти деген наамды 1935-жылы алган. “Эмгек Кызыл Туу”, “Ардак Белгиси” ордендери жана медалдары менен сыйланган. Бишкек шаарында 1961-жылы дүйнө салган.




**Калый Молдобасанов** Ак-Талаа районунун Терек айылында 1929-жылы туулган. Композитор жана дирижер, Кыргыз Республикасынын Эл артисти (1979) Социалисттик Эмгектин Баатыры (1991). 1946-жылы М.Күреңкеев атындагы музыкалык хореографиялык окуу жайын,1954-жылы Чайковский атындагы Москва консерваториясы-нын улуттук бөлүмүн, 1973-жылы Кыргыз мамлекеттик искусство институтун бүтүргөн. 12 жашынан эл аспаптар оркестрине катышып, анын жетекчиси П.Ф.Шубинден таалим алган. 1954–1972-жылдары Кыргыз опера жана балет театрында дирижер, башкы дирижер, 1973-жылдан Кыргыз Мамлекеттик искусство композиция классы боюнча педагог жана Кыргыз-стан композиторлор Союзунун төрагасынын орун басары, 1979–96-жылдары анын төрагасы, ошол эле мезгилде 1983–1986-жылдары Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз Мамлекеттик Искусство институтунун ректору, 1996-жылдан Кыргыз Мамлекеттик академиясынын опера жана балет театрынын башкы дирижеру жана көркөм жетекчиси болуп иштеген. Калыйдын симфониялык бийлери, сюиталары, контаталары, ондогон аспаптык пьесалары, 50дөй вокалдык чыгармалары бар. Ал элдик обон, күүлөрдү иштеп чыккан, эл аспаптар оркестри үчүн оригиналдуу чыгармаларды жараткан.

Балдарга арналгандары: “Кыргыек”, “Бак тигели”, “Кызыл топ”, “Жамгыр” ж.б.; чыгармалары: ”Биздин күндүн адамдары”, “Достук”, “Бактылуу жаштык”, “Кыздын ыры”, “Жайлоодо”, “Өрттөнсүн бозой жалынга”, “Көл валсы” ж.б. Алгачкы көлөмдүү “Куйручук” балети жаш композиторлордун бүткүл союздук конкурсунда

1960-жылы сыйлыкка ээ болгон. "Саманчынын жолу" балет ораториясы кыргыз профессионалдык музыкасына жаңылык киргизген. Опералары: "Манас", "Белгисиз солдат", "Отелла", "Борис Годунов", "Айчүрөк", "Асел", "Манкурт жөнүндө баян" опера, балеттери чоң ийгиликке жетишкен. Кыргыз Республикасынын Гимнинин авторлорунун бири болгон. Ал Москва, Ленинград, Алматы, Новокузнецк ж.б. шаарларда дирижерлук кылган. СССР мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз ССР Жогорку Советинин 3 жолку депутаты, СССР эл депутаты, Ленин, Эмгек Кызыл Туу, "Ардак Белгиси", 3-даражадагы "Манас" ордендери жана медалдар менен сыйланган. Калый Молдобасанов 2006-жылы Бишкекте дүйнө салган.

**Коен уулу Чыбылдый Баатыр.** Коен уулу Чыбылдый 18-кылымда жашап өткөн баатыр бий болгон. Тайлак баатырдын алдыңкы кол башчыларынын бири болгон, басыз уруусунан чыккан. Келте-Чап өрөөнүн жердеген. 1825-жылы Кашкарды басып алууга катышкан. Жаангер кожону колдоп жүргөн, Кашкардагы кытайлар менен салгылашта, кытайлар Тайлактын элин басып киргенде ченемсиз эрдиктерди көрсөткөн. Кашкардан 60тан ашып калганда келип, Келте-Чапта туруп жашап өткөн. Чыбылдый коо деген анын атында азыр дагы жер бар. Чыбылдый уулдары деген басыз уруусунун элдери Теректе, Коңорчокто, бир топ туугандары Өзгөндө турушат.

## 13. Үгүт, Байгөнчок айылдары



Үгүт айылынын мурдагы аталышы - Терек-Чаты. Деңиз деңгээлинен 1600 м бийиктикте, Терек суусунун Нарын дай-расына куйган жери-нин батыш жээгинде жайгашкан. Чыгыш тарабынан Ак-Тал, Куртка айылдары менен, батышынан Кара-Бүргөн, Тогуз-Торо району менен, түндүктөн Ак-Кыя айылы менен, түштүктөн Байгөнчөк, Баетов айылдары менен чектешет. Үгүт айыл аймагы Үгүт жана Байгөнчөк айылдарынан турат. Бишкектен 483 чакырым, Балыкчы темир жол бекетинен 275 чакырым, областтын борбору Нарындан 100 чакырым, райондун борбору Баетовдон 20 чакырым аралыкта жайгашкан. Түтүндүн саны 2013-жылдын 1-январына карата 342, анын ичинен Үгүт айылында 195 түтүн, Байгөнчөк айылында 147 түтүн. Калкынын саны 1607 адам, анын ичинен Үгүт айылында 928, Байгөнчөк ай-ылында 679. Калкы негизи-нен мал чарба-чылыгы жана дыйканчылык менен эмгекте-нишет. Эки мектеп, 2 балабакча, 2 ФАП, 2 почта бөлүмү, 2 клуб, 2 китепкана, 2 административдик корпус, 2 парк, 2 мончо, 5 даана тегирмен бар.



Аймак боюнча жалпы жер аянты 53525 га, анын ичинен сугат

жеринин аянты 753 га, чабынды жери 580 га, кайрак жер 70 га, жалпы жайыты 34244 га.

Үгүт айылы өзүнчө колхоз болуп 1931-жылы уюшулган.

## Байгөнчөк айылынын тарыхы

Байгөнчөктүн эли 19-кылымдын орто ченинен отурукташып, жер бөлүштө Терек-Сайдын түштүгүнөн, Нарын суунун түндүк тарабынан сарбагыш урууcуна бөлунгөн экен. Жер, малга ынгайлуу, бышыкчылыктуу болуп, жердин ыңгайы кулактын көнчөгүнө окшош болгондуктан, Байгөнчөк деп аталып калган. Байгөнчөк эли 1948–50-жылдары Чүй, Кемин тараптан көчүп келишип, Терек-Сайдын түндүк тарабына Карды-Жарыктын маңдайына, Кекиликке чейин отурукташкан. Байгөнчөк айылында чагалдак, сарт, байкожо, сарүкү, тайлак, койбагар, ашырбай, солто, өйдө чекти уруулары жашашат.

Байгөнчөк айылынан Карабала деген көз боочу чыккан. Ал кесилген арканды жик билгизбей улаган, коргоолду тыйынга айландырган көптөгөн өнөрлөрдү билген. Темир усталар Сайгаалы, Нияздар узанып, эл керектеген үй буюмдарын, зергер буюмдарды жасашкан. Бугубай, Ажымүдүн аксакалдар мергенчилик кылышып, илбирс, карышкыр ж.б жаныбарларды алышкан. Балбандар Тасмабай, Түлкү, Токтобек, Жумабек ар дайым байгелүү орундарды алып, айылдын намысын коргогон.

## Инсандар

### Бүргө баатыр баяны

Бүргө баатыр жөнүндө маалыматты Бүргө баатырдын небереси Өмүр уулу Карыбекке айтып берген, Карыбек уулу Фархатка айткан, Фархаттын жана эл оозунда айтылып жүргөн маалыматтардан чогултулду

Эсенгулдан Ниязбек, Ниязбектен сегиз уулунун кенжеси Кожобек, Кожобектен Бүргө, Шамей. Бүргөдөн Чоткара, Кадырберди. Чоткарадан Аматаалы, Султан,

Өмүр жана эки кыз болгон. Өмүрдөн Карыбек, Райымбек. Карыбектен Фархат.

XIX кылымдын биринчи жарымында Бүргө өзү менен бирге Байгото, Сарт, Тайлак жана Сарыке деген жигиттерди ээрчитип, жортуулдардан баатырдык атакка ээ болгон экен. Баатырдык жортуулунда калмактарга колу-бутунан жарадар болгон Бүргө колго түшүп калат. Бүргөнүн баатырдыгына суктанган калмак ханы, аны зынданга салып, үч-төрт күндө бирден сынган бутун кайрадан бурап сындырып маашырланат. Бир нече айдан кийин капыстан калмак ханынын кызы Бүргө баатырды көрүп ашык болуп калат. Кыз өзүнүн ашыктыгын Бүргөгө жашырынып жолугуп айтып жана аны менен бирге качууга макул экенин билдирет. Ошентип, кыз качууга ниет коюп качуунун камын көрөт. Бир күнү кыз Бүргө жаткан зынданга бир аяк сууга жети кара таш салып алып келип, биздин тукумубуздан баары жайчы. Ошондуктан, жайчылыкты үйрөнүп алып, анан качалы деп кеңеш берет. Аттиң, шар аккан суунун жээгинде болгондо укум, тукумуңа таралат эле айла жок убакыт аз деп жайчылыкты калмак кызы үйрөтөт. Качууга болжогон күн да жетет. Кыз Бүргөдөн жолго кандай курал аласың деп сурап калат. Мага курал катары найза гана бер, касташкан, кубалаган адамдарды найзанын учуна илип алып, жан соогаласа коё берем, болбосо өлтүрүп кете берем дейт. Ошентип, кыз Бүргө менен качууга ниет кылып, эл жатканда таптап даярдаган эки шүдүңкүттү (уйдун күлүгү) айылдан алысыраак жерге байлап, Бүргөнү зындандын кароолчуларына билгизбей чыгарып, колуна найза берип, шүдүңкүттөр байланган жакка баса берүүсүн суранат. Өзү болсо апасы менен коштошуп чыгууга ниет кылып үйгө басат. Ошол мезгилде кароолчулар туюп калып ызы-чуу башталат, корккон кыз Бүргөнү кармап калбасын деп, Бүргөгө сайдын ичи менен качуусун өтүнүп, өзү кала берет. Сайдын ичи менен качып жүрүп, Бүргө кутулуп кетет (шүдүңкүттөр таштан ташыркабайт тура). Ошол бойдон Бүргө айылга келип, бутунун жаракаты айыккандан кийин өзүнүн жигиттери

менен бир жылдан кийин калмак кызын алып келүүгө барып кыздын дайынын сурамжыласа, колго түшкөн туткунумду качырдың деп күнөөлөп атасы өлтүртүп койгон экен.

Бүргө Сарттын кызына үйлөнүп, жайкысын өзүнүн жигитери менен Жетим-Ашуу, Чалка-Өйдө, Төкөчөр, Кызыл-Тамды жайлап отурукташып калышат. Бүргө баатырдын ээлеген аймагына Теректин сайы чек болуп, Сары-Багыш уруусуна тең тууган азыктардын жери, Куланак, Учкун, 8-Мартка чейин Эсенгулдун балдарына тиешелүү болгон экен. Бүргө тирүү кезинде менин чоң атам, Чоткара каза болот. Чоткаранын өлгөнүнө кайгырып, ыйлаганда катуу кар жаап, боз үйлөрдүн ууту сынып, сөөк коюлганча улам кар жаап, карды тынымсыз күрөп турушкан. Чоң атаны мүрзөгө койгондо, Бүргө казанактын оозун үч күнгө чейин бекиттирбей койгон дейт. Элдер бул эмне кылганың десе, үч күнгө чейин чоң атамдын артынан мен барам же чоң энем барат дейт.

Чын эле топо салып келгенде, чоң энеси Барчек ыйлоого жарабай эси ооп көз жумган экен, үч күндөн кийин чоң энесин чоң атасы менен бирге коюшуптур.

Күмбөздү көтөргөндөн кийин көп кайгыра бергендиктен, нөшөрлөп жааган жаандан улам, күмбөздүн жарымы жаанга эзилип, жарымы гана коргончо гана болуп калган экен. Кызыл-Тамга бара жаткандагы Бөрүлүүнүн ичиндеги күмбөздөрдүн арасындагы чоң-коргон күмбөз Чоткара жана Барчек чоң апаныкы. Анын артындагы чоң күмбөз Бүргөнүкү. Күмбөздүн ичи акиленген экен. Куран коё турган текчеси азыр деле бар. 1973-жылы Өмүр каза болгондо күмбөздүн үстүнүн бир жагы түштү, Чоткара каза болгондо Өмүр алты, Султан сегиз, Аматаалы он төрт жашта экен. Жайчылык өнөрүн уулу Кадырбердиге үйрөтөйүн десе, ал киши өтө кара мүртөз киши экен, буга үйрөтсөм элдин баарын кырып салат деген. Небереси Аматаалыга үйрөтөйүн десе ал киши жаш, алабарман деп үйрөтпөстөн, элдерди чогултуп, Кургактын ичинен чуңкур каздырып, жайташын көмдүргөн экен. Таш көмүлгөн жер көтөрүлүп

көөп чыкканда, кырк күн, күнүгө кара козу мууздашып турган дешет. Кырк күндөн кийин жердин көтөрүлгөнү токтогон. Ошол жер, жер менен жер болуп, тегиз болуп калганда, белгилүү болсун деп үстүнө бир таш көтөртүп келип бастыртып коюшкан. Таш көмүлгөн жерди Өмүргө Аматаалы көрсөткөн экен. Өмүр уулу Карыбекке көрсөткөн жер, азыр жер менен жер болуп, белги катары коюлган таш гана турат.

Бүргө баатыр ташын көмгөндөн кийин көп узабай эле элди чогултуп, эми менден жайчылык кетти, мен өлгөндө ичимди жардыртпагыла деп каза болгон.

**Бүргө баатырдын жайчылык өнөрү**

Бүргө баатыр калмактардын жылкысын чаап келе жатып, Масейилдин белинен токтоп түштөнүшөт. Түштөнүп жатканда, артта куугунчу жок бекен деп Төлөк деген төлгө тарткан жигитине төлгөңдү салчы дегенде, төлгөчү жигити төлгөсүн тартып атып, төлгө ташын кайра бат эле жыйнап алып, куугунчулар келип калган турбайбы деп чочуп кеткен.

Бүргө баатыр жылкыны сүрө бергиле деп жигиттерине тапшырып, өзү күндү жайлап,. найза бою кар жаадырган. Аттын соорусуна чейин тумандатып, кар жаадырып, алдын ачык койгон.

Бүргө баатыр жайчылык өнөрү боюнча казактын чоң жайчысы менен мелдешет. Мелдеште Бүргө баатыр мен боз үйдүн түндүгүн тарттырып жыгач аякты көмкөрүп коюп, аяктын ичине кар жаадырам деген.

Казактын жайчысы аттын сооруна чейин кар жаадырып, өзүнө кардын бир дагы бүртүгүн тийгизбейм деп мелдешкен. Бүргө баатыр түндүктө көмкөрүлүп турган аяктын ичине кар жаадырган. Ал эми казак жайчысы аттын соорусуна чейин кар жаадырган, бирок жааган кардан казак жайчысынын жакасына бир нече бүртүк кар түшүп калгандыктан, ал мелдештен жеңилип калган.

Бүргө баатыр аштыкка жер айдайм деп, Касмаалыдан эки төөгө жүктөп буудай алып, күзүндө төрт төөгө жүктөп берем деп убадалашып, аштыкка буудай айдайт. Эгин

көтөрүлүп жакшы чыгат. Касмаалы болуш кетип бара жатып, Бүргөнүн айдаган эгинин көрүп, эгин жакшы чыккан турбайбы деп көз артат. Бүргө менден буудай албаса, мынча буудайды кайдан алат эле деп, ою бузулуп, Бүргөнү чакыртып, буудайдын бүт түшүмүн мен алам дегенде Бүргө баатыр отура калып күндү жайлап, Касмаалынын төшүнө чейин кар жаадырганда болду баатыр жеңилдим, буудайыңды бүт өзүңө ал, дегенде карды токтоткон. Касмаалы артын карабай аттанып кеткен. Бүргө баатыр убада боюнча күзүндө төрт төөгө эгин жүктөтүп, Касмаалыга берген.



**Тоо булбулу Муса Баетов.** Кыргыздын ак таңдай аталган таланттуу уулу Муса Баетов 1902-жылы Ак-Талаанын Байгөнчөк айылында туулган. Эс тарткандан баштап эле колуна комуз алып черткенди үйрөнүп, ыр-обондорун мөндүрдөй төгүп, эл арасына тез тааныла баштаган. 1931–1934-жылдары Нарын шаардык радиосунда иштеген, радиодо иштеген убакта ырчылык ышкысы ого бетер артып, Сары-Ой, Жароокер, Арпанын Ала-Тоосунан, Ак-Зыйнат сыяктуу обондуу ырларды мукам үнү менен чебер аткарып чыгат. Ушундан улам кыргыз музыкасын изилдеп жүргөн А.Затаевич сыяктуу профессионал музыкатаану-учулардын көңүлүн бурат.

Кыргыз мамлекеттик филармониясына чакырылып, филармонияда 1936–1942-жылдары иштеген. Мусанын таланттуу экинчи өмүрү, ушул жерден башталат. Бир нече ирет ал республикалык олимпиадаларга катышып, мөрөй алган. Ак таңдай ырчы катары калың эл арасына белгилүү боло баштаган. Жөнөкөй элдик аткаруучудан

профессионал опералык ырчыга чейин өсүп, "Манас" операсында Алманбет менен Сыргактын, "Айчүрөктө" Күлчоронун партияларын ырдаган. 1939-жылы Кыргыз искусствосунун Москвада өткөн алгачкы декадасында Мусанын мукам үнү москвалыктардын алкоосуна арзып, өкмөт тарабынан орден-медалдар менен сыйланган.

Муса Баетов таланттуу обончу дагы болгон, анын алгачкы обондору "Даанышман", "Ойгоном" деген обондору накта элдик ырлардын духунда жаралса, кийинки чыгарган "Эр Панфилов", "Майданга чыкты маршаллдар", "Бакыт", "Туткун ыры" сыяктуу ырларында профессионалдык музыканын таасири айкын байкалат. "Окудуң борбор шаарынан", "Сагынам", "Кыздар ай", "Алма алам" сыяктуу ырлары элге өзгөчө кеңири тараган. Муса Баетов комузда, домбрада жана кыякта өтө чебер ойной билген, эмоциялык кудуретке өтө бай ырларын ошол аспаптардын коштоосунда чебер аткарган. Элдик музыкалык фольклорду жакшы билгени үчүн музыка изилдөөчү А.Затаевич, В.Виноградовго элдик обондор боюнча баалуу маалыматтарды жыйнап берген. Нукура таланттын ээси, ак таңдай ырчынын кыргыз маданиятына кошкон салымы зор. Анын бул талантын, зор эмгегин жогору баалап, Кыргыз ССР Эл артисти деген жогорку наамды берген. Бишкек шаарындагы борбордук көчөлөрдүн бирине жана туулуп өскөн жерине жердештеринин өтүнүчү боюнча, Кыргыз ССР Жогорку Советинин 1981-жылы 5-майдагы токтому менен райондун борбору Дөрбөлжүн айылына Баетовдун ысымы берилген. 2013-жылы Баетов айылынын борбордук аянтына Муса Баетовдун айкели орнотулду.

Муса Баетовдун бул жарык дүйнөдөн көзү өткөнүнө жарым кылымга жакын убакыт өтсө дагы, анын мукам үнү жүрөктөн төгүлгөн ырлары жердештеринин дилинде дайым сакталат.



**Жамин Акималиев** 1936-жылы Үгүт айылында туулган. 1956-жылы Кыргызстан айыл чарба институтун бутүргөн. 1956–1958-жылдары Нарындагы №53 жылкы заводунда агроном, 1958–1961-жылдары аспирант, 1961–1963-жылдары Кыргызстан дыйканчылык илим изилдөө институтунун улук илимий кызматкери, директорунун орун басары болуп иштеген. 1963–1968-жылдары кант кызылчасы боюнча тажрыйба селекциялык станциясынын директору, 1968–1971-жылдары КР Айыл чарба министринин 1-орун басары, 1971–1979-жылдары Сокулук райкомунун 1-катчысы, 1979–1986-жылдары Скрябин атындагы Айыл чарба институтунун ректору, 1986–1987-жылдары ошол эле институттун техникалык өсүмдүктөр кафедрасынын башчысы, 1987–1989-жылдары Кыргызстан топурак таануу жана айыл чарбасын химиялаштыруу илим изилдөө институтунун директорунун милдетин аткаруучу, 1989–1991-жылдары Кыргызстан айыл чарба жана өнөр жай комплексин илимий тейлөө боюнча республикалык борбордун төрагасы, 1991-жылдан ВАСХНИЛдин Кыргыз бөлүмүнүн президиумунун төрагасы, 1992–1996-жылдары Дыйканчылык илим изилдөө институнун директору, 1996–2006-жылдары Кыргыз Агрардык Академиясынын президенти, Дыйканчылык илим изилдөө институнун директору кызматтарында иштеген. 125тен ашык илимий эмгектин, 4 монографиянын автору. КР Илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты. КР айыл чарбасыны эмек сиңирген кызматкер. 1967-1990-жылдары КР Жогорку Кеңешинин депутаты. Айыл чарба илимдеринин доктору, профессор, Кыргызстан УИАнын, ВАСХИНИЛдин академиги. Ленин, Октябрь революциясы, 2 Эмгек Кызыл Туу ордендери жана көптөгөн медалдар менен сыйланган.

## Тиркемелер

## Таблицалар

### Айыл чарбасы

Ак-Талаа району республикадагы айыл чарба райондорунун катарына кирет. Негизинен дыйканчылык жана мал чарбачылыгы менен эмгектенишет. Ак-Талаа районундагы айыл аймактарынын жалпы жер аянты ушул таблицада көрсөтүлгөн.

**Жалпы аянт (га) менен**

| | Айыл округдары | Жалпы аянты (га) | Пайдаланылган аянты (га) | Таза себүү КЖЧ | Пайдаланылбай калган аянты (га) |
|---|---|---|---|---|---|
| | Кош-Дөбө | 1450 | 1395 | 15 | 40 |
| | Жерге-Тал | 1616 | 1572 | - | 44 |
| | Коңорчок | 500 | 498 | - | 2 |
| | Кара-Бүргөн | 1545 | 1440 | 60 | 45 |
| | Ак-Чий | 1088 | 1023 | - | 65 |
| | Баетов | 1459 | 1340 | 50 | 69 |
| | Терек | 1590 | 1461 | - | 129 |
| | Үгүт | 822 | 748 | | 74 |
| | Ак-Тал | 630 | 630 | | |
| | Көк-Жар | 1029 | 961 | | 68 |
| | Куртка | 1696 | 1615 | 30 | 51 |
| | Тоголок Молдо | 1730 | 1618 | 50 | 62 |
| | Кызыл-Белес | 728 | 682 | | 46 |
| | Токой чарбасы | 82 | 25 | | 57 |
| | | | | | |
| | Баары 2013 ж. | 1596 5 | 15008 | | 752 |
| | 2012 ж. | 1596 5 | 15138 | | 827 |
| | (-,+) | | -130 | | -75 |

**Айыл аймактарындагы айдалган дан эгиндери, жашылча-жемиштери**

| | Айыл округдары | Жалпы себил аянты (га) | Анын ичинен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Кош-Добо | 348 | Буудай (га) | Арпа (га) | Картошк а (га) | Жашылча (га) |
| | Жерге-Тал | 535 | 205 | 120 | 20 | 3 |
| | Коңорчок | 353 | 353 | 137 | 35 | 10 |
| | Кара-Бүргөн | 373 | 265 | 65 | 18 | 5 |
| | Ак-Чий | 280 | 280 | 60 | 25 | 8 |
| | Баетов | 453 | 175 | 85 | 15 | 5 |
| | Терек | 595 | 290 | 60 | 80 | 23 |
| | Үгүт | 196 | 480 | 85 | 20 | 10 |
| | Ак-Тал | 180 | 155 | 23 | 13 | 5 |
| | Көк-Жар | 465 | 110 | 50 | 14 | 6 |
| | Куртка | 635 | 335 | 100 | 20 | 10 |
| | Тоголок Молдо | 642 | 495 | 90 | 35 | 15 |
| | Кызыл-Белес | 268 | 200 | 80 | 32 | 10 |
| | Токой Чарба | 10 | 10 | 50 | 13 | 5 |
| | | | | | | |
| | Баары 2013- ж. | 5333 | 3873 | 1005 | 340 | 115 |
| | 2012-ж. | 5625 | 3502 | | 350 | 115 |
| | (-,+) | -292 | +371 | -653 | -10 | |



**Ак-Талаа районунда биринчи катчы, аким болуп иштеген инсандар боюнча маалымат**

| | |
|---|---|
| Абизаров | 1936–1937-ж. |
| Сартбаев | 1937–1938-ж. |
| Турдуманбетов | 1938–1939-ж. |
| Жыргалбаев У. | 1939–1943-ж. |
| Сүйүнбаев Д. | 1943–1944-ж. |
| Исабаев К. | 1945–1948-ж. |
| Жумабаев Т. | 1949–1953-ж. |
| Маменалиев К. | 1953–1958-ж. |
| Абдиев Р. | 1958–1959-ж. |
| Акназаров К. | 1960–1971-ж. |
| Ажиев А. | 1971–1973-ж. |
| Жакыпов Ж. | 1973–1975-ж. |
| Узагалиев А. | 1975–1978-ж. |
| Төрөгелдиев Б. | 1978–1981-ж. |
| Ашыралиев К. Ж. | 1981–1983-ж. |
| Турдубаев Ж. | 1983–1986-ж. |
| Кадыралиев К. | 1986–1990-ж. |
| Берикбаев Д. К. | 1990–1993-ж. |
| Сулайманов Т. | 1993–1994-ж. |
| Кожеков О. | 1994–1997-ж. |
| Жолдошов Ы. | 1997–2001-ж. |
| Бердиев Д. | 2001–2001-ж. апрель айы |
| Ашыралиев М. | 2001–2004-ж. |
| Кулматов А. О. | 2004–2008-ж. |
| Ажибаев Ж. Б. | 2008–2009-ж. |
| Алымкулов Э.А | 2009–2010-ж. |
| Кулубаев С. Д. | 2010–2013-ж. |
| Черикбаев С. М. | 2013-ж-дан бүгүнкү күнгө чейин |

**Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясынын имараты**



**Социалистик Эмгектин Баатырларынын аллеясы**

**Ак-Талаа райондук райондук аткаруу комитетинин жана Кеңештин төрагалары болуп иштеген инсандар**



1. Боталиев 1936–1937-ж.
2. Муратбеков 1937–1939-ж.
3. Чаргынов 1939–1941-ж.
4. Турумов Б.1941–1942-ж.
5. Божоков 1942–1944-ж.
6. Нурманбетов 1944–1946-ж.
7. Богачиев 1946–1949-ж.
8. Сатаев 1949–1951-ж.
9. Берикбаев К.1951–1952-ж.
10. Жунусов А.1952–1958-ж.
11. Ажиев А. 1958–1959-ж.
12. Сазаева А.1959–1960-ж.

13. Турдалиев М. 1960–1962-ж.
14. Рысалиев А1963–1965-ж.
15. Жакыпов Ж.1965–1972-ж.
16. Турганов К.1973–1977-ж.
17. Абдрахманов Ж.1977–1980-ж.
18. Кадыралиев К.1980–1986-ж.
19. Берикбаев Д.1986–1990-ж.

**Нуркул Кулназаровдун эстелиги**

20 Кожеков О.1990–1991-ж.
21 Абдиев Ж.1992–2000-ж.
22 Буйлашов Ж. 2000–2006-ж.
23 Акматов Б. 2006–2008-ж.
24 Качкынбаев З. 2008–2013-ж.

2012-жылы Ак-Талаа райондук кеңеши жоюлуп, Ак-Талаа райондук кошмо жыйыны болуп өзгөргөн.

**Ак-Талаа райондук кошмо жыйындын төрагалары болуп иштеген инсандар**

Рысбаев Т. 2012- жылдан бери иштеп келе жатат.

**Ак-Талаа райондук демократиялык жаштар коомунун төрагасы болуп иштеген инсандар**

1. Мамытов Касымбек 1994–1995-ж.
2. Медетов Ишенбек 1995–1996-ж.
3. Абышбаев Бактыбек. 1996–1997-ж.
4. Каналиев Расбек 1997–1998-ж.
5. Элетенов Казыбек 1998–2001-ж.

**Ак-Талаа райондук жаштар комитетин жетектеген инсандар**

1. Токтоназар уулу Улан2001–2004-ж.
2. Рысбаев Талантбек 2004–2005-ж.
3. Жылтыров Улан 2005–2008-ж.
4. Исмаилов Эрлан 2008–2011-ж.

**Ак-Талаа райондук жаштар коомдук бирикмесин жетектегендер**

1. Эсеналиев Каныбек 2011–2013-ж.
2. Асылбекуулу Жаныбек 2013- жылдан бери иштеп келе жатат

**Ак-Талаа районунан Улуу Ата Мекендик согушка катышкандар боюнча маалымат**

| № | Айылдардын аталышы | Согушка катышкандардын жалпы саны. | Согушта курман болгондордун саны. | Согуштан дайынсыз жоголгондордун саны | Согуштан аман-эсен кайтып келгендердин саны | Аман-эсен жашап жаткандар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ак-Тал | 61 | 15 | 4 | 42 | |
| 2 | Ак-Чий | 58 | 17 | 8 | 32 | 1 |
| 3 | Ак-Кыя | 84 | 19 | 7 | 58 | |
| 4 | Баетов | 565 | 165 | 12 | 385 | 3 |
| 5 | Байгончок | 32 | 10 | 3 | 19 | |
| 6 | Кара –Бургон | 131 | 10 | 27 | 94 | |
| 7 | Конорчок | 119 | 27 | 12 | 80 | |
| 8 | Кош-Добо | 130 | 43 | 16 | 71 | |
| 9 | Куртка | 216 | 88 | 19 | 109 | |
| 10 | Кызыл –Белес | 86 | 24 | 6 | 55 | 1 |
| 11 | Тоголок Молдо | 237 | 94 | 17 | 126 | |
| 12 | Терек | 62 | 24 | 5 | 33 | |
| 13 | Чолок–Кайын | 191 | 62 | 11 | 117 | 1 |
| 14 | Угут | 82 | 19 | 19 | 44 | |
| | **Бардыгы** | **2054** | **617** | **166** | **1265** | **6** |

**Ак-Талаа районундагы Баатыр энелер боюнча маалымат**

| № | Айылдардын аталышы | Баатыр энелердин саны |
|---|---|---|
| 1 | Ак-Тал | 19 |
| 2 | Ак-Чий | 15 |
| 3 | Ак-Кыя | 13 |
| 4 | Баетов | 149 |
| 5 | Үгүт | 19 |
| 6 | Кара-Бүргөн | 38 |
| 7 | Коңорчок | 24 |
| 8 | Кош-Дөбө | 67 |
| 9 | Куртка | 56 |
| 10 | Кызыл-Белес | 28 |
| 11 | Тоголок-Молдо | 88 |
| 12 | Терек | 22 |
| 13 | Чолок-Кайың | 44 |
| 14 | Байгөнчөк | 20 |
| | **Бардыгы:** | **602** |

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Бернштам А.Н. Архитектурные памятники Кыргызстана. – М.,1950.

2. Бартольд. В.В. Кыргыздар.– Фрунзе, 1943.

3. Кеңеш Жусупов, Каныбек Иманалиев. Кыргыздар. VI том. – Бишкек, 2004.

4. Нарын облусу. Энциклопедия. –Бишкек, 1998.

5. Ак-Талаа району. Энциклопедия. – Бишкек, 2006.

6. Ак-Талаа районунун айыл аймактарынын башчылары, айылдардагы тарыхты, санжыраны билген аксакалдардын маалыматы.

7. Айрым маалыматтар интернет ресурстарынан алынган